# *Эшей жана Тайтың санжырасы*



**Санжыраны түз үүчү Атабаев Эсен**
**1945-жылы 10-январда Сары Булак айыл өкмөтүндөгү Кара Булак айылында туулган. Үй бүлөөлүү алты уул, бир кыздын ардактуу атасы.**



**Салиев Орозмамат**
**Эркин күрөштүн дасыккан чебери жана санжыранын схемасын түзүүчүсү**

## Эшей уруусунун санжырасы жөнүндө

Эшей чоң атабыз Адигене түпкү бабаларыбыздын жетинчи урпагы болуп эсептелет болжол менен 1710-жылдардан кийин жашап өткөн (бул болжол ар бир атанын аралыгы илимде 25 жылдан эсептелет). Бул мезгил азыркы кыргыз жерин калмактан бошотуу мезгилине, Кокон хандыгынын түптөлө баштаган учуруна туура келет. Ал эми Карабаргы чоң атабыз 1650-жылдан 1700-жылдарда жашап уламыштарда Айтылгандай ушул мезгилдеги коогалуу учурда түпкү атасы Адигененин ордосу аталган "Коргошун Дөбө" (кээ бирлери Коргошун Талаа деп аташкан) азыркы биз жашап жаткан жерлерге көчүп келишкен деп болжошот. Бул көчүп келүүнүн себеби тынчыбаган коогалаңдан же жашоого ыңгайлуу жерге көчүп келүү себеп болгон деп ойлоого болот. Эшей чоң атанын басып өткөн өмүрү, жашоосу кесиби, жашаган жерлери жөнүндө ар түрдүү болжолдоолор айтылып өз нугунда жоголбой келе жатат. Уламышка караганда Коргошун Дөбө (Коргошун Талаа) Ош шаарынын батыш тарабында Керме –Тоонун түбүндөгү жер деп болжолдошот, бир вариантында, ал эми экинчилери азыркы Кашкар –Кыштактын ордунан азыркы жашап жаткан Кара –Кулжа районунун Чалма, Калилин, Сай, Көңдүк, Сары Бээ айылдарына көчүп келип жайгашып калышкан, азыркы мезгилде ушул жерлерде 1000 түтүндүн айланасында Эшей уулдары жашап келет. Бул жерлерсууга мол, адам баласы жашаганга ыңгайлуу, мал киндиктүү жерлер. Ошондуктан ата-бабалар көнгөн жерлерин улуу көрүп өзгөчө баалап урматтап жашап келет. Мезгил өткөн сайын жердин шартынын таасири улам мезгил өткөн сайын бири менен бири катташууга, таанышууга таасир эттери мыйзам ченемдүү көрүнүш. Натыйжада туугандар бири –бирин таанybай калуу

ошондой эле, ата бабанын рухуна маани бербегендиктен жөнөкөй нерселерди унутуп калуулар, кээбир окуяларды бүдөмүктөтүп болжолдоолор пайда болгон. Мына ошону тактоо максатында мындан 25, 30 жыл мурда Алишов Калыбектин демилгеси менен Эшей уруусунун санжырасын тактоо башталган. Бул тактоолор Эшей уруулары жашаган айылдагы санжырага кызыккан адамдар аркылуу жүрүп олтурган. Бул демилгени ишке ашырууда бир нече жыл өткөндңн кийин, өзүнүн убактысын коротуп баардык күч аракеттин жумшап киришкен ***Атабаев Эсен абанын*** эмгеги мактоого татырлык. Бул санжыраны схемага түшүрүп түзүлүшүн түзүүдө 4-5 жылдан ашык аракет кылган Саалаев Окендин (Орозмамат) эмгеги зор. Бул санжыраны тактоодо төмөндөгү аксакалдардын айткандары булак болуп бере алды Чалказак уулу Батай, Алишов Сатыбалды, Алишов Калыбек, Сулайманов Рысбай, Нышанбай уулу Ажымамат, Мырзабаев Төлөнбай, Курманкулов Иляз, Эргешов Бечел, Сатыбалдиев Туйбас, Култуев Ашим, Назиров Абилаң, Исираилов Эмил, Каримов Жантай, Шерматов Сатимбек, Латипжанов Нияз, Момунов Суван, Бөкөев Абдыкаимдын, Сатыш уулу Жусуптун эмгеги чоң. Бул санжыранын түзүлүшүндө айылдардагы аксакалдардын айткандарын тактоодо бири бири менен болгон байланышына талыкпастан аракет кылган Төөбаев Маметжуманын аракеттин айтпай коюуга болбойт. Бул адам айылдардагы мындай иштерге кызкан адамдарды жакшы билгендиктен санжыраны топтоочу Эсен абанын оңколу катары кызмат кылып, кайсыл айылда Эшей бар болсо ошол жердеги ар бир эшейдин эшигин кагууга көмөктөшкөн ата уулдук руху жогору адам катары баарыбызга үлгү болду. Мына ушундай талыкпаган эмгектин натыйжасында Эшей уруусунун санжырасы кандайдыр бир деңгээлде кагаз беттине

Эсен абанын колу аркылуу түшүп олтурат. Бул жазылган санжыра толук бүттү деп айтуу кыйын, мунун да толуктай турган жерлери арбын. Мисалы: Ысык-Көлдөгү уламышта айтылган Бугу уруусунун ичинде жашап жаткан Эшейдин бир уулу Курмушудан тараган Эшейлердин (Ак-Суу районун Жыл-Колот, Кызыл-Туу айылындагы 400 түтүнгө жакын, Алай районундагы Будалыктын Кум - Шоро айлындагы) санжырасы, башка уруулардын арасына ар кандай шарт менен кошулуп калган азыраак топтогуларды изилдөө алдыдагы жүргүзүлө турган иштер деп ойлойбуз. 1990-жылдардын башында Алишов Сатыбалды, Сатыбалдиев Туйбас, Атабаев Эсен, Сатыбалдиев Дуйшон, Тообаев Макен Ысык-Көлдөгү Эшей туугандарын издеп барганда аксакалдардын айтуусунда Эшей Балтатырдын бир уулу катары айтыларын угушкан. Ушул эле көз караш С. Аттокуровтун “Кыргыз Санжырасы” китебинин 115-беттинде Эшей Балтатырдын төртүнчү баласы катары көрсөтүлгөн, ушуга окшогон жерлери арбын. Кыскартып айтканда Эсен аба Эшей санжырасынын өзөгүн эң алгачкы жолу түзүп чыккан алга умтулуусу жогору аракетчил, демилгени колдон чыгарбаган темирдей эрктүү, артында калган урпактарга өз изин калтырууга татыктуу эмгек кылган адам экендигин жасаган иши далилдеп турат. Бул жасаган иштери менен абабыз Эшей урпактары үчүн татыктуу эмгек жасай алды. Бул китептеги атабабаларыбыздын жашоодогу басып өткөн, жолдору, эл үчүн жасаган иштери кийинки муундарга үлгү болуп калса экен дейбиз!!! Маалымат жазган “Көңдүк” орто мектебинин мугалими Назиров Миталип (Мукан).

**2018-жыл январь айы**

# Чырпыктан чынар болот

Бул китептин мукабасына сүрөтү бир түп талдын кыскача баяны.

Бул талды Эшей уруусундагы Отор бабабыз отургузганы анык. Мен эл оозундагы уламыштарды 10-15 жылдардын аралыгында, элдин аң-сезими коммунисттик партиянын идеясын колдогондуктан, көптөгөн адамдар санжыра айтпай калгандыгына байланыштуу эл кыдырып жүрүп, дагы да кудайга шүгүр элде бар экен, улуу карылардан маалымат алдым. Бул жалган дүйнөдө көптөгөн кубулуштар боло берет экен. Эгемендик алгандан кийин уруу-урууга бийлик талашкан мансапкорлор чыга баштагандыктан, санжыраны тебелеп таштады. Бул дагы убактылуу көрүнүш болуш керек. Менин түшүнүгүмдө жети атасын билип алган балдарың бакубат болор деген ой менен эриш-аркак экени талашсыз.

“Жети атаны билбесе,
Башыңа калпак кийбесе.
Аргымак атты минбесе,
Жети жылдыздын сырын билбесе.
Ал дагы Теңир-Тоолук кыргызбы?” – деген суроону эске алып жүрүүбүз зарыл.

Урматтуу кыргыз жарандары, Бийлик да, санжыра да өз ордун табат, кудай буйруса. Элибиз кимдин-ким экендигин таразалай турган убакыт келээр, албетте, элге башчы керек. “Беш койчуга бир башчы керек” деген накыл сөз бар. Бирок койлорду жей бербестен, адилет болуу зарыл. Канчалаган аталар эл үчүн эмгектенгенин элестетип көрөлүчү, урматтуу окурмандар.

Кыргыз эли көчмөн эл болгондуктан, Адигене уруулары 16-17 кылымдарда Коргошун талаасына отурукташкан учуру. Ошол мезгилде алар Ош аймагында Курманбек баатырдын куугунтугуна калган калмактар менен бирге канаатташ болуп жашап турушкан. Калмак эли да той-тамашага шыктуу болушкан. Той-тамаша болгон элде сөзсүз

турдө ар кандай оюн-зооктор болмогу анык. Мисалга алганда, жаа тартыш, эр оодарыш, төө чечмей, эңиш, күрөш сыяктуу оюндар өкүм сүргөн. Учурда талабына жараша калмактар мурда жашагандыктан ашту мекен сыяктуу көрүнгөндүктөн калмактын бир баатырына тең келээрлик башка урууларда эр оодарышка эч ким чыккан эмес экен. Жыл санап, мезгил өткөн сайын эл толуп, Адигиненин беш берээнинин ичинен Баргы уругунан Бөкөйдүн уулу Бакал жер чалып, Кабылан көлгө барган мезгилде камыштын арасынан бир жолборс чыга калган дейт. Жолборс менен алыша кетип, Коргошун талаасына өңөрүп келет. Ошол күндөн тартып Бакал атка конот. Иниси Бөчөн өз оокатына тың, колу калың, малдуу, пулдуу болуп чыгат.

Ошол мезгилден, ушул мезгилге чейин Бакал баатыр, бай Бөчөн деген кеп эл оозунда. Күндөн-күн өтүп бир чоң аш болот, ал ашка бир чоң соорун алган экен. Кыргыздын тың чыкмалары Бакал баатырды бир мөөрөйгө жарап бербейсиңби деп суранышат. Бакал баатыр мындай деп жооп берет: “Калмактын баатыры көп мөөрөй алган киши, мен ага туруштук бере алаар бекенмин”, “Туруштук бересиң” дешет. Бакал баатыр макул болот. Бирок пайчы (тыңчы) коюп, зоот кийгенде киндиктин алдына курмушу байлайбы же жокпу билгиле дейт. Эл ичинен өзүнө тың адамдардан бирди койот. Тилекке жараша калмактын баатыры мага ким чыкмак эле деп каамырабай курмушуну байлабай койот. Бакал баатырдын тилеги оңунан чыгат. Ошол күндөгү ашта эр оодарышка жар салынат. Калмактын баатыры биринчи болуп аткаминет. Кыргыздардан эр оодарышка биринчи Бакал баатыр чыгат деген жар чакырылат. Эки баатыр найзаларын карсылдата, кагыштырып ары-бери эки-үч ирет сынашкандан кийин, Бакал баатыр ач айкырык салып, калмак баатырын ээр каштын үстүнөн сайып өткөндө – калмак баатыры чалкасынан кете, мерт болгон дешет.

Кара туман басып, эки эл араздашып көптөгөн эрлер өлүмгө учурайт. Эл деген эл да, чыр басылат. Антсе да,

калмактар баргы уруусунан кун алабыз деп аракет жасайт. Бирок кун төлөгөн учурдун талабы боюнча кун “ак кун” деген атка конот деп бербей койот.

Бакалдын иниси Бөчөн чоң аш берем деп убада берет. Күн өтүп аш өткөрөт. Калмактын баатырынын өбөлгөсүнө чоң соорун сунуштайт, аны алып дагы калмактар баргы деген кыжырлануусу басылбай бирден-экиден мал-мүлкүн жана жигиттерин тындым кыла берет. Элге залымы тийди деп Бакал баатыр баягы өзү көргөн Кабылан көлгө көчүп кетет. Кабылан көл деген ат ошондон аталып калыптыр.

Ай өтүп, жыл санап кийинки муундар жетилип баргыдан Бөчөндүн уулу Тилеке баатыр, таздар уруусунан Алике баатыр, Койсарыдан Койсары баатыр, кара багыштан Калматай баатыр үзөңгүлөш болушуп чыга келишет.

Тилеке баатыр жалпы баргы уруктарынын башын бириктирип, биз качанга чейин калмактарга кор болобуз деп курултай чакырат. Баргылардан мал-мүлк, пул топтоп, калган кыргыздардан дагы жардам сурап, кол топтоп, татарлардан жарак-жабдык мисалы: найза, жаа, кылыч, калкан, зоот жана башка жабдыктарды алдырып Тилеке баатыр, Алике баатыр, Койсары баатыр баш болуп, “Баргы” деп ураан чакырып калмактарга чабуул салат. Булардын пешине туруштук бере албай калмактар Ошту таштап, качып жөнөйт. Бул жерде бир далил: Оштон качкан калмактар Үрүмчүдө, ушул мезгилде үч-төрт айыл өкмөт болуп жашайт экен деген маалыматтар бар.

Эми урматтуу окурман өз ара далилге өтөлүк. Тилеке баатырдын эмгегин азыркы учурда Мелис Мырзакматов баалады, жарыкка чыкты.

Элим, Алике баатырдын эмгегинен бир далил, улгайган кезде дагы Коргошун Талаадан качкан каманга аттан секирип минип, кулактан алып өлтүргөнүнө далилдер көп эле болгон экен. Ошондуктан, баласына Каманчы деген ысым койгон дешет. Каманчы деген уруктар азыркы учурда

арабызда жашоодо. Калматай баатыр Жаңыл Мырзаны колго түшүрүп алгандыгы жөнүндө да маалыматтар бар.

Мен бул кыскача маалыматты сиздерге тартууладым, кийинки муундарга да уланып кетсе деген үмүттөмүн.

Урматтуу боордоштор, бул жарык дүйнөдө адам баласы жакшы тилек менен жашаганыбыз анык. Адам баласынын артында калган изи биринчи бала, экинчи ак эмгек. Ош аймагында эмгеги сиңген баатырлардын уруктары жер чалып Алай өрөөнүнөн Кара-Кулжа өрөөнүн көздөй бет алышат.

Дагы бир айта турган кеп Алымбек Датка Тилеке баатырдын уругунан келип чыгат. Тилекенин айдыңы менен Кокон хандыгына барып калган деп айтылат. Алымбек датка боюнча көп эле жазылып жатат, орчундуусу Алымбектин көзү өткөндөн кийин Курманжан Датка бийлик башчысыболгондон кийин көптөгөн бузукулардын тилине кирген орус бийлиги Баргы урууларына салыкты арбын сала баштагандыктан Датка энебиз Баргылар экиге бөлүнөт, алар башка баргы, биз башка баргыбыз деп салыкты канча салсаңар да төлөйбүз деп Тилеке баатырдын уруктары бөлүнүп кеткен дешет. Ошондон кийин “биз – кан Баргыбыз” деген түшүнүк азыркы күнгө чейин айтылып келе жатат. Бул дагы болсо Датка энебиздин каармандыгы деп билебиз, элди салыктан коргогондугу үчүн биз баарыбыз бир эле баргыбыз. Тилеке баатыр Койсары баатырды дагы кошо тартса деп үмүттөнөм. Жазган адамдар эл кыдырып, элден сурап жазса туура болоор деп ойлоймун. Мүмкүн кийинки муундар кеңейтип китеп кылып жазып чыгараар деп тилеймин, урматтуу окурман. Жылдан-жыл өтүп 17-кылымдын мезгилинде Ош аймагын калмактан бошоткондон кийин мунгуш урууларынан аз, бул дагы болсо далил кылган баргылар туш-туш тарапка жер чалып баштаган. Мисал үчүн, ардай мөнөк, ардайлар көбүрөөк чөл тарапта, мөнөктөрдүн ата-журту Лангар менен Бекжар жана башка жерлерде.

Тооке, Сабай Алай өрөөнүн жактырып жердеп калышкан, эми Кара-Кулжа өрөөнүн жер чалып жүрүп, үч баргы Ылай-Талаа ойдуңун жактырып калган дешет.

Эми мындай деген суроо туулушу мүмкүн, эмне себептен *сары баргы, кара баргы, тас баргы* деп аталып калган. Себебин, баргылардын баянын жогоруда көп эле жазып кеттим, Кара-Кулжага баргандан кийин баргы уруусу атак, даңкка ээ болгондугуна байланыштуу баргынын үч уругун сары баргы, кара баргы, тас баргы деп аталып калган. Бул учур 1700-жылдарга туура келет. Үч баргы Ылай-Талаага барган учурда жакшы жер экен деп жактырып калышып, арык казып, суу чыгарышка аракет жасашат. Топтошуп тамактанып жаткан учурдаылдыйдан бир атчан адам салам айтып келет. Меймандос кыргыз конокту сыйга чакырып баягы киши улуу кары болгондуктан койдун башын тартат. Тамактанып бүткөндөн кийин баягы киши мен дагы арыкка шерикмин деп аттанып кетип калат экен. Үч баргы Ылай-Талаа түзүн чек жазып үчкө бөлмөк болушат. Эми бул чекти ким таштайт деп турушса, жогорудан соодагерлер келип калышат. Соодагер башчысы жоош уруусунан Абдыраман деген болот. Кытайдан келген соодагерден бизге чек таштап бериңиз деп сурашат. Макул, таштаса таштап берейин, суу чыкпаган кайрак жериңерди мага бергиле деп сунуш кылат. Макул болушат. Ушул күнгө чейин Абдырамандын кайрак жери деп аталып жүрөт дейт Калыгул бийдин жээни Эргешов Дубана.

1-чек кара баргыга, 2-чек сары баргыга, 3-чек тас баргыга түшөт. Кийинки жылы баягы койдун башын жеген Кытай уруусундагы жер чалып жүргөн киши келип мен дагы арыкка шерик дегенмин деп сурайт. Ооба, сурагансын деп айтышат. Эмесе, мага дагы жер бөлүп бересиңер десе каршы чыгышканда баягы киши казыга барган экен. Барса, казы кандай далилиң бар деп сурайт. Мага койдун башын тартышкан, мына кулагы деп, бет аарчысына оролгон кулакты көрсөтөт. Казы жер бөлүп беришке аргасыз болот.

Ошондо Сайды көргөзгөн экен. Үч баргынын даанышмандары бекер башты берген экенбиз деп арман кылган деген маалыматтар бар.

Ылай-Талаанын түзүнө отурукташкандан кийин кара баргынын алты уулу жашап турган мезгилде, суу чыккандан кийин Ылай-Талаа кум аралаган жер болгондуктан суу койсо эзилип, ылай болуп кеткендигине байланыштуу Ылай-Талаа деп атап коюшкан.

1. Койсары отурат.
2. Эшей уруктары
3. Тайтың
4. Орчун
5. Кара-Козу

Ошол мезгилде суу чыккандан кийин, жылдан-жыл өтүп Отор атабыз төрт тал отургузган экен. Экөө эмне болгонун билбейбиз. Экөө кийин коммунисттик партия курулгандан мезгилде ал жерге чоңдордун кеңсеси түшкөн, бирөөнү бир адам кесип кеткен, экинчиси турат деп атамайтаар эле деген Сатыбалды аба. Ылай-Талаада отун жок, ичкен суу алыс болгондуктан шартына жараша ар жерге жер тандап кетишкен. Эми Отор бабабыз даанышман жана эмгекчил болгондуктан жерге сайган чырпыгы бүгүнкү күндө чынар болуп турат. Бул чырпык 100 жыл мурда тигилген, дагы канча жыл жашайт, кудай билет. Дагы токтоло турган нерсе, ошондон бери жети ата өтүптүр, атап кетейин:

1. Отор
2. Жайчыбек
3. Теңизбай
4. Алиш
5. Сатыбалды
6. Камбараали
7. Курстан

Бул чынарга үч жүз жыл болгондуктан ушул жети аталар көрүп келе жатышат. Отордун булардан башка да уруктары арбын.

Алар да бизди атабай коюптур деп капа болушпасын. . .

***Атабаев Эсен.***

**1990-эгеменге "ЭЭ" болдук.**

Эгеменге "ЭЭ",- болдук деп кубанычыбыз койнубузга батпай, калпагыбызды көккө ыргытып толкундандык. Жетимиш жыл кашыктап топтогон СССРдин эмгегин чөмүчтөп чачууга күч аракет жасадык. Бул кылмыш болгондугун эч ким таразалаган жок, "бир гана Горбачев жасады",-деп доомат койдук. Преватизация деген оору жармашты, Акаев деген акмак бийлик башына келди, короо-короо койлорду, үйүр-үйүр жылкыларды, завод фабрикаларды, кабат-кабат үйлөрдү талап алыш оңой эле болду. Ошол мезгилдеги атка минерлердин капчыгы толуп көптөгөн мүлккө ээ болуп калышты.

Токтукка шоктук кылыш элди жаат-жаатка бөлүп бийлик талашуу өкүм сүрдү. Кыргыз-өзбек деп улут ажыратып, ортосуна от жагып, эки элди чырдаштырып көптөгөн атуулдар мерт болду, бул адамдардын убалынан, кудайга жалбарып, чыркырап ыйлаган энелердин көз-жашынан дагы коркушкан жок, дайынсыз жоголгон канчалаган атуулдар болду. Бул чыр басылгандан кийин болсо депутат шайлоо деген балее башталды. Уруу-урууга бөлүндүк. Бул бир тарабы болсо, экинчиден элге ачкачылык каптап кирип келди. Арпа нан жеп калдык, кээ бир үй бүлөөлөр аябай азап тартты. Бийлик тарабы деле коз сала албады. Себеби кампада запас эгин болбоду көрүнөт, болсо дагы аны талап тоноп кеттиби, билбей калдык. Жер тырмалап, жер менен алек болдук. 1914-1915 жылдагы жашоо кайра кайталанды.

Эл эмгегин жер жебейт экен, жер жемишин берди. Бул 1995-1996 жылдарга созулду. Жаштар чет өлкөгө иш издеп кете башташты.

"Пулду-пул табат, акмак кетмен чабат", - деген заман келди окшойт. Кыргыз эми ойгонду көрүнөт, туш-тушка соода-сатык менен алектенген адамдар көбөйдү. Кээ бирөө бутуна турса, кээ бирөө банкрот деген балээге туш болду.

"Алла",- деген сөздү оозуна алып, алланын ыраазычылыгын алууга умтулган момун-мусулман көбөйдү. Баардык иш алланын буйругу менен экендигин эске алды! Кыргыз эли чыдамкай, өжөөр, туруктуу экендиги байкалды. Көптөгөн жаштарыбыз азап тартып көп кыйынчылыктарга дуушар болушту. Мунун атын "миграция" деп аташты. Кыргыздын эң мыкты, билимдүү атуулдары Казакстанга, Россияга, кала берсе Америкага чейин кетишти.

Ушул жерде ушундай атуулдарыбыздын бири бешене тери, ак эмгеги менен акчадан-акча таптырган, азыркы заманыбыздын айкөөл, колу ачык атуулдарынан болгон эшей уруусундагы Жалил аттуу мырзанын тек жайынан азыраак соз айтып кетсек. "Момундун ишин теңирим колдоптур",- деген сөз чындык. Ушул заман бул балдарга туш келди көрүнөт. Бул балдардын чоң энеси, Жумагүл байбиче алысты көрө билген дешет. Жумагүл байбиче бир кездери айткан экен: "Менин неберелеримдин астанасын көп адамдар аттап, тамактанат",-деп. Энебиздин айткан ушул сөзү туура тура. Асыран абанын байбичеси Жумагүл, алардан тараган балдар Назарбай, Сатыш, Чынберди, Тоюн. Назарбайдан алты уул, Сатыштан жети уул, Чымбердиден төрт уул, Тоюндан беш уул азыркы мезгилде элге калыс кызмат кылышып, бир жакадан баш чыгарышып ак эмгек менен алектенип жаткан кездери.

Дагы бир артыкчылык, Сатыш абанын жүрүм-туруму өтө эле майин, кичи пейил бир адамга дагы катуу сүйлөбөйт болчу. Көзү көргөн адамдарга барып учурашуу бул кишинин өзүнө койгон парызы болгон дешет. Иниси Чынберди мындай деп айтып калат: "Экөөбүз Алайку жолунун үстүндө кой багат элек. Сен койдун үстүнө өт деп койом, жолдон өткөндө Алайкуулук кишилерди көрүп калса койду таштап коюп жүгүрүп келип учрашчуу эле. Мен урушуп калаар элем, ал эмне сенин тагаң беле деп".

Балдарына берген насааты: "Эгерде асманда бүркүт учуп баратса аны, бир киши карга десе, карга деп кой бергиле, бул дегени кеп талашпай жөргүлө дегендик, экинчи осуяты бир жакадан баш чыгарып бир женден кол чыгаргыла",- деген сөзүн балдарына кайра-кайра айтат эле.

Мына акыл-эстүү болуп эр жеткен балдары азырда ата насаатын колдонуп жүрүшөт. Бардык эле адамдар балдарын ынтымактыка чакырат, бирок амал кылышта кыйынчылык туулат, бул ак сөз. "Интымактыкта ырыс бар" деген макал анык тура. Ынтымактыкчылыктын, ак эмгектин негизинде бул балдардын тапканы ак иштерге жумшалып, элибиздин ыраазычылыгына ээ болуп жатышат...

**Э. Атабаев**

## Долон

**Долон бий азыркы Кыргызстандын чегинде жашап турганда - “Мен эми карыдым, эгер менин көзүм жумулса ушул кырдын чокусуна койгула, себеби жолдон өткөн адамдар менин мүрзөмө куран окуп өтөт. Менин ордума Кызыл баатыр уруу башчы болуп силерди башкарып жүрсүн. Жеңеңер акылман аял, ар дайым андан кеңешип, макулдашып иш тутуп жүргүлө. Жеңеңер кош бойлуу. Эгер уул төрөп калса өзүнөн сурап ат койгула, кыз төрөсө сурабагыла. Күн жылып жаз болоору менен кеңири өрөөн издеп, батышты көздөй көчүп кеткиле. Бул өрөөн силерге тардык кылат”,- деп Долон бий көз жумат.**

**Ошентип Долон айткандай анын сөөгүн кырдын эң бийик чокусуна коюшат. Ошол бел азыркы мезгилде “Долон ашуусу” деп аталып калган.**

**Долондун аялы эки эгиз уул төрөйт. Эл чогулуп келип Долон бийдин осуятын аткарып ал айткан сөздү анын жубайына айтышат. Ошондо ал: - “Биринчи уулум оң бөйрөгүмдөн түштү, мунун аты Абыл (Ак уул), силерге оң канат болсун, экинчи уулум сол бөйрөгүмдөн түштү, анын аты Кабыл (Куул), силерге сол канат болуп жүрсүн”,-деп уулдарына ат коёт. Ошол Долондун уруктары - биз.**

**Атабаев Эсен. 2013 ж.**

Долон бийдин “оң” жана “сол” канатынан тарагандар



## Чоң аталардын жашаган жерлери

**Оң канат ак уулдун балдары Адигине, иниси Муңгуш, карындашы Наалы, урууга Адигине башчы болуп 250 үйлүү кишилер Таластан көчүп келишет. Булар Ош өрөөнү, азыркы Нариман колхозу же Кашкар-Кыштак аймактарында иниси экөө "Коргошун дөбө" деп шаар курушат.**

**Адигине өзү баш болуп шаарды башкарып турат. Бул эки бир тууган ошол жердин өнүп-өсүп, алардын урпактары бир канча урууларга бөлүнөт.**






## Баргы уруулары жөнүндө

Баргы уруктарын санжырачылар Асыл-баш уруктары деп аташкан. Он эки атуул дагы Баргы деп саналат. Бул уламыш мындайча мүнөздөлөт: Адигине аталарыбыз Коргошун талаада турган мезгилде Курманбек баатыр калмактарды куугунтукка алгандан кийин, калмактардын калгандары Ош аймагында жашап калат . Ал калмактар кыргыздар менен канатташ жашашат. Учурдун талабы менен эл бар жерде аш-той болбой койбойт, бул жыйындарда улуттук оюндардан көкбөрү, тартыш, кыз куумай, жаа тартыш, эр оодарыш сыяктуу оюндар өкүм сүргөн.

Бир чоң ашта эр сайыш оюнунда калмактын бир баатыры ортого чыккан. Ага чейин бул баатырга тең келээрлик атаандаш чыккан эмес. Ушул мезгилде кыргыздын чыгаан баатыры Кабылан менен кармашкан Бакал баатырды эл ортого чыгууну өтүнүп сурашат. Ошол мезгилде Бакал баатырдын жашы бир топко барып калган учуру болгон. Ошого карабастан ал макулдугун берет. Бул кармашта Бакал баатыр өз күчүнө таянган калмакты оодара саят. Ал мерт болот. Калмактын баатыры мерт болгондон кийин эки элдин ортосунда катуу чыр чыгат. Эки элдин бийчыкмалары элди бир-бирине элдештирип, чырды басышат. Эки эл элдешип тынч жашай баштайт. Бирок арадан бир канча убакыт өтпөй калмактар көз далдамада баргы урусундагы адамдардан бирден, экиден өлтүрө баштайт. Бакал менен Бөчөн аке-үкө болгондугу себептүү Бөчөн: “Бул чыр тынбады”,-деп чоң аш берип, калмактын баатырнын өбөлгөсүн берет. “Баатыр Бакал, бай Бөчөн”,- деген сөз ошондон калган. Ошондо дагы арадан көп жылдар өтсө дагы калмактар өз кылмышын токтотпойт. Бөчөндүн уулу Тилеке эр жетиш өзүнө үзөнгүлөш болгон таздар урууcундагы Алике баатырды тартып, он эки атуул баргыны бириктирип, аларга салык салып мал, акча жыйнайт. Жыйналган акчага татарлардан согуш куралдары кылыч, найза, калкан, жаа алдырып келет. Оң жана сол канаттан кол курап, “Баргы”,- деп ураан чакырып, калмактарга согуш ачат. Калмактар туруштук бера албай кача башташат. Ошентип Алике менен Тилеке калмактарды ош аймагынын кууп чыгышат.

**Уламыш.**

**Жазган: Жыргалбек уулу Ислам**
**2013 жыл**



## Эшей уруусу

Эшей чоң ата 18 - кылымдарда жашаган деген жоромолдор бар. Эшейлер турасында көп көйгөйлүү маселелер айтылып келет. Биздин уруктар Коргошун талаада жашап турган учурда элдин жашоо тиричилиги Кытай, Казак, Тажик уруулары менен соода байланышын түзүп, мындан башка бири-биринен жылкы чаап алуу иштери менен болгон.

Туштук кыргыздар казактардан жылкы чаап келе жаткан мезгилде жолдо адашып бир аска зоого туш келишет. Түн катып эптеп жылкыларын өткөрүп алышат. Эшейдин Кунтууду жана Курмушу аттуу эки уулу болгон. Курмушу кошо болгон ошол жылкы айдаган адамдар менен бирге суурулуп кетип муздун жаракасына түшүп кетет. Ошондо: "Эми силер кете бергиле, кокус казактар келип калса жаман болот, мен ажал жетпесе чыгаармын",- деп жооп берген экен. Кийин Курмушу муздан эптеп чыгып Тагай баатырдын уруктары, өзүнүн тукумдарын издеп таап күн кечире баштайт. Балтатыр мырзанын жумуштарын жасап жүрүп, Балтатыр мырза анын мээнетин баалап, өз кызын Эшейге никелеп берип, өз уулундай көргөн. Ошол мезгилден азыркы мезгилге чейин Тагай уруусундагы Эшей уруусу болуп аталып келет. Мындан тышкары Тооке уруусунда дагы Эшейлер бар, алар жөнүндө дагы ар кандай сөздөр айтылып келинет.

**Уламыш**
**Сулайман уулу**
**Рыспайдын айтуусу боюнча**




Эсемат
Эшей
Күнтууду
Сары
Мусулман
Ормош
Баатырбек
Ниязбек
Мурат
Токтомуш
Абдыкадыр
Айтназар
Кожомкул
Кулмат
Жусуп
Кулкиши
Акан
Жумугул
Бейше
Жайнак
Калык
Кайып
Сүтүгүл
Каликара
Бедел
Боромбай
Сулйман
Жутаке


Мусулман
Мурат
Токтомуш
Жусуп
Бообек
Мамбет
Ыбыр
Атабай
Атакан
Көкө
Шералы
Зикир
Аалы
Рай
Жунус
Мурат
Кулкиши
Акан
Жумагул
Бейше
Жайнак
Сагындык
Сабыр
Каракиши
Нурке
Тайтакул
Эшкан
Турдубай
Арзыбек


Сары
Мусулман
Мурат
Жусуп
Бообек
Атабай
Атакан
Көкө
Шерали
Закир
Аали
Алымкан
Кадыр
Даи
Мосо
Абдираш
Калык
Өмар
Эсен
Аман
Мансур
Абдыраим
Абдыкарим
Жарышбек
Амирбек
Абжапар
Абсатар
Полот
Белек
Савай
Алай
Калбай
Акжол
Атабай
Асанбек
Үсөнбек
Суранбай
Шекербек
Төлеген
Маматжума
Маарип
Ашим
Назарбек
Бакыт
Жыргалбек
Канатбек
Алтынбек
Тынчтыкбек
Эрланбек
Тазабек
Исламбек
Нуртилек
Адилет
Артур
Баэл
Элдар
Жеңишбек
Казыбек
Зикир
Наил
Элдар
Абай
Нуртай
Тиленбай
Кубат
Ажимухан, Нурмухан, Динмухан, Эгемен


Бообек
Атакан
Калдар
Эшболот
Койчуман
Азизбек
Адамата
Ороз
Азирет
Адилет
Алибек
Коко
Молор
Гарки
Мамек
Омон
Нооман
Эркин
Шумкар


Сары
Мусулман
Мурат
Жусуп
Бобек
Шерали
Зикир
Аали
Абакир
Сайпидин
Токтосун
Сулайман
Бактыбек
Өсөр
Күрөш
Малатай
Манас
Искендер
Топчубек
Тойчу
Мамасадык
Мендибай
Максатбек
Болотбек
Азим
Сартмамат
Бекиш
Миша
Рыспай
Бекзат
Бекмырза
Таалай
Курстанбек
Рустамбек
Дурусбек
Мыктыбек
Азирет
Арлен
Абзал
Айзатбек
Жумадил
Рамазан
Бектурсун
Полот
Мили
Төлөш
Базаш
Чынгыз
Абимутал
Абдумалик
Абдиманап
Мажит
Мухамадали
Мунар
Бабур
Данияр
Советбек
Дастан
Жакшылык
Баяман
Калил
Нурмухаммед
Боobек
Нурсултан
Кунболот
Нурболот
Шерболот
Алайбек
Жеңишбек
Шернияз
Нурлан
Замир
Зартбек
Кубаныч
Марат
Айбек
Атагелди
Кутман
Жусуп
Боobек
Мамбет
Ыбыр
Ырай
Жунус
Мурат
Ормок
Бердибай
Эргешбай
Калык
Байтан
Байсал
Токсонбай
Жолдошбай
Текеш
Осмон
Арзибай
Дүйшөнбай
Азимбай
Ысак
Акимбай
Бекен
Бапак
Эшен
Эмен
Жылкычы
Сагымбай
Аскербай
Мийзан
Вазирбек
Асилбек
Кайрат
Раатбек
Канат
Эрлан
Пайзбек
Жээнбек
Алтынбек
Эркинбек
Улукбек
Бөрү


Эсемет
Элдей
Кунтууду
Сары
Мусулман
Токтомуш
Бейше
Ислам
Кожош
Кармышак
Мурат
Марат
Кубат
Өмар
Маматкарим
Мамасалы
Токтомамат
Турдумамат
Аурмамат
Бакыт
Кыял
Кыяз
Анарбек
Канат
Замир
Матмуса
Калмурза
Калмамат
Шермамат
Төлөгөн
Камбар
Асанбек
Камыт
Шамыр
Арстанбек
Максатбек
Канатбек
Алмазбек
Курманбек
Сарванбек
Асан
Айбек
Азирет
Сатумбек
Саупбай
Тагай
Таалай
Артисбек
Шайырбек
Нурканбек
Бактыяр
Адилет
Эмиль
Марат
Каамил
Сыймык


Сары
Мусулман
Токтомуш
Кулкиши
Акан
Жумагул
Бейше
Жайнак
Сатыбай
Сабыр
Каракиши
Шерали
Рыспай
Кубаныч
Курманбек
Нурланбек
Уланбек
Тилеке
Садык
Адилет
Абдиш
Айтыкул
Мамыт
Абдыкадыр
Аляз
Эшейбай
Кошонбай
Курманбек
Карим
Төрө
Алтынбек
Сагынбек
Тагайбек
Абакир
Жаныбек
Каныбек
Доолотбек
Таалай
Жоомарт
Искендербек
Табарик
Сардаш
Болотжан
Даньшман
Мыктыбек
Медербек
Мусабек
Тасмабек
Дурусбек
Исабек
Чынгызбек
Куттубек
Ишенбек
Нурпайз
Жаанбай
Алмаз
Азамат
Жантай
Турат
Айдар
Бакыт
Нурбек
Жанар
Жоодар
Самат
Төлөгөн
Абдылда
Өмүрзак
Абдималип
Абдилапим
Алмамбет
Уларбек
Мэлис
Нуркамил
Чынарбек
Эрлан
Нурлан
Кутман


Сары
Мусулман
Токтомуш
Жайнак
Арзыбек
Турдубай
Эшкан
Тайтакул
Нурке
Асранбай
Кийизбай Токтогул Төлтө
Төлөнбай
Кудайберди Эгемберди Кожомберди Абыл Абдыкалык
Азамат Адилет
Тургунбай Үсөн Каныбай Шаныбай Идирис
Момуш Таштанбек Эшназар
Болотбек Асилбек Аскарбек Рысбек Нургазы
Акмат Аман Давыт
Акжигит Эркебай Таалай Алмаз
Гулжигит Калмурза Жусуп Альберт
Жоро Жолой Казак Абды Маадел Ибраим
Тилеке Карим
Арзыбай
Канат
Сулайман Өмар Абакир
Нурлан, Керимбек, Темирбек Азат, Нургазы
Арзибай Кадыр Бекташ
Белекбай
Анарбай
Чүкөлөк
Жалыл Сагындык Дүйшө
Жума Мамат Омар
Беки Осмон Каипбай
Жаанбай
Турат Пират
Үсөн Абди Мамасали Токтомат Турдумат Акун


Эсемат
Эшей
Күнтууду
Сары
Ормош
Айтназар
Кайып
Аамат
Ысак
Разак
Бакыт
Омор
Турдали
Жаанбай
Дилаш
Арын
Абдыкадыр
Калык
Маматкерим
Амир
Матиш
Асран
Атамбай
Калыбай
Атабай
Бабык
Токтогул
Назарбай
Сатыш
Чымберди
Тоюн
Талип
Турдубай
Сырдыбай
Кармышак
Абдраим
Мамасалы
Тентимиш
Жаңыбай
Мусабек
Доолон
Рысбек
Залкар
Жаныш
Байыш
Камил
Жусуп
Акылбек
Адилбек
Жалил
Раимкул
Нурпазыл
Үсөн
Шайир
Жайнак
Каныбек
Асан
Тыныбек
Темирбек
Кусабек
Нурбек
Айтилек
Казы
Сеит
Аллаберди
Мукаш
Мажит
Асан
Адылбек
Шаршен
Бектурсун
Эмил
Кыялбек
Айтимерек
Мадаң
Наси
Акбарали
Мырзабек
Өмүрзак
Жакып
Эрмек
Медер
Баястан
Ынтымак
Маамытбек
Малик
Төрөбек
Казат
Ошкун
Сталбек
Турдуакун


Эсамат
Эшей
Кунтууду
Сары
Баатырбек
Кожомкул
Каликара
Полот
Алайда Тооке уруусунда жашашат
Сутутул
Ажы Турум Полот Кырбаш
Темиржан Бостонбай
Султан Нышанбай Матисак Матиубраим
Кулу
Чырмаш
Абдыманап
Матазим
Ысмаил Жаныбек Муку
Имат Апай
Кабыл
Эрали Ахун Кадыралы
Доолотбек Баймирза
Азамат Темиржан Нурсултан Шамши
Апиш Орозали Мырзалы Бердали
Рыскелди Мукадас Жакшылык Таалай Бакыт
Замир Нурали Токторалы Санжар Тараз
Назар Аалы Саали Айдар Абдираим
Эргеш Төтөн Арыкбай
Төрөкан
Пайзылда
Төөбай Жалил Абдразак
Осмонали
Расулберди Чымберди Раимберди
Канжар Замирбек Базарбай Нооруз
Калмамбет
Таабалды Маматкадыр
Маматжума Маматжусуп Маматадыл
Эмиркан
Элдияр
Бакытбек Баатырбек
Элдияр Бекжан
Равшан Абдилазиз Токтосун Кутманшер
Оомат шер Нурмуханбет Умарбек
Хамза
Нурдеелет


Күнтууду
Сары
Баатырбек
Кожомкул
Сүтүгүл
Полот
Бостонбай
Жолдош
Акимбай
Токтосун
Чоку
Акмат
Маман
Бүргөш
Саалы
Жээнбек
Касымбай
Пазыл Алтымыш
Аамат
Кубаныч Жаныш Омар Тынчы Азирет
Баатырбек Сыдык Кыяз Нияз Акил Мэлис Расул Мээрбек
Абдыманап Шарип
Бекен Султан Апаз Разак
Ташы Муңайтпас Камчы
Камал
Эдик Муса
Эржигит Нуржигит Шарип
Сыймык Нуралы
Зарылбек
Эртабылды
Нурбек Бексултан
Оромамат Алимжан Садыкжан Каримжан Бегимбай Рыскелди Жеңишбек Жамгырчы
Үсөн Улан
Жыргалбек Жанарбек Эламан
Жолдошбек Аскар
Азамат
Самидин Нурдин Соодалы Куламидин
Бектур Бакбур Калынур Нурдоолот
Соорон Тынар Аман
Качкынбай Жумабек Мирланбек
Акималы Камбаралы
Раимжан Базарбай Туташбай Аполон
Саяк Ислам


Бостонбай
Баатырбек
Кожомкул
Каликара
Осмон
Адил
Жаркынбай
Маамет Эрмат Бират Шеки Жунус Азим
Эгембердиев
Өмөш
Нурлан
Дуйшө Сулайман
Узакбай Жунус
Сабыржан Момунжан Латипжан Толкунбек
Нурланбек Алайбек Акылбек Шекербек Жоодарбек Жыргалбек
Кошбай Досбай Эшбай
Коргонбай
Калык Балбай
Абжапар Курманбек Шайырбек Суйунбай Мухтарбек
Каныбек
Сейдалы Эстебес Туманбай Ираш
Султан Зулумбек Каныбек
Уланбек Добулбек Жусупбек Абдилла
Нурсултан Бексултан
Бекназар
Билал Биймырза
Орунбай Данияр Сапарбек Канатбек
Бакыт Кубаныч
Жайнак
Умар Уран
Дөдө Адан Чолпонбай
Ысак
Акыш Рыспай
Каримжан Калбай
Мама ажы Чоң мурун
Жетибай Өмар Абдылда Аттокур
Абдыкадыр Аамат Капар
Эмин Тургунбай Чымынтай
Алимжан Жумали Тоодайбек Абаз Алтынбек
Ражапбай Жаныбек Эркин Калеш Ырыс
Ысмаил Мати Жакып Матомор Айдар Карасакал Исраил
Ысак Максуд Эркебай
Көчкөнбай
Осмон Болуш Жөкөн
Айтибай Арапбай Адилбек
Алмаз Эрлан
Омар Актилек
Тариэль
Жаа Абдыкалык
Акмат
Токтобай Савытбай Ырысбай Жумали Аттокур
Бапан
Манас Макембай


Эсемат
Эшей
Кунтууду
Сары
Ниязбек
Кулмат
Жутаке
Бедел
Боромбай
Сулайман
Жумабай
Аманбай
Козубай
Махмут
Камыт
Бакыт
Жаныш
Байыш
Дүйшө
Кубаныч
Рүстөм
Курстан
Шапак
Өмүрзак
Бөкө
Сатыбалды
Абдыкаим
Абдилазиз
Абдикерим
Калык
Арзыкул
Ыса
Муса
Жапар
Жусуп
Карыбек
Мадел
Абдыкадыр
Калык
Абсатар
Абдылкак
Тойтук
Аамат
Мамасыдык
Камардин
Шарабидин
Сраждин
Эрлан
Эрнис
Эрмек
Шайыр
Майрамбек
Медербек
Калыбек
Аскар
Санжар
Айдар
Ыдырыс
Салибай
Берүбай
Нурали
Өмүрбек
Абдраман
Мамет
Асек
Туйбас
Масан
Ислам
Жакып
Турсунбек
Жакып
Жуманазар
Ислам
Таалай
Кушубек
Кылычбек
Жоодар
Сейитказы
Тоодар
Стал
Жамбыл
Калил
Камчыбек
Дүйшөн
Бакыт
Жумабек
Абыт
Сабыт
Давыт
Жусуп
Накен
Ыса
Беки
Ыскак
Сүйүнбек


Эсемат
Эшей
Кунтууду
Сары
Ниязбек
Кулмат
Сулайман
Жутаке
Шапак
Бозкемпир
Гулу
Чычканбай
Кулсары
Жансары
Байсары
Көчөр
Карабай
Чомо
Сыдык
Кадыр
Иса
Молдо эргеш
Бечел
Бакаш
Кожоакмат
Анарбай
Абдилажан
Токтакун
Маматакун
Кылыч
Санжар
Карыбек
Замирбек
Өмүрбек
Абдинасир
Азим
Адил
Абдижалил
Акимжан
Жаңыбек
Бекмамат
Бекжан
Бексултан
Абдилла
Афтандил
Курстан
Бектурсун
Жолдош
Канчоро
Чолпонбай
Мунайтбас
Маман
Карабек
Адашбек
Арстанбек
Жусупбек
Азимбек
Арзыбек
Жакен
Бакыт
Түмөнбай
Хайдар
Алмаз
Шумкар


Эсемат
Эшей
Кунтууду
Сары
Ниязбек
Кулмат
Жутаке
Гулу
Ысак
Сатыбалды
Согушбек
Маршал
Эмил
Эдил
Темир
Ыдырыс
Жусуп
Шамши кары
Камбар
Донгул
Тажибай
Зиядин
Жумабек
Бакыт
Акин
Шерали
Кушубек
Чычканбай
Алмаш
Нурдин
Рысбай
Касым
Абаким
Маазакир
Ибраим
Маталан
Соорон
Орозбек

“Баргы” уруусунан тараган “Эшей” уругундагы
Күнтуудунун баласы Тукулдан тарагандар




Эсемат
Эшей
Кунтууду
Тукул
Деелет
Баймат
Кошоке
Чоңмурун
Үметалы
Жунусалы
Кудайберди
Атбатыр
Раимберди
Жусуп
Матисак
Калмурза
Бакыт
Жээнбай
Мукен
Токон
Жаныбек
Беки
Полот
Отор
Абдырамаан
Жайчыбек
Жантеке
Терегул
Атакан
Абдылда
Арзи
Кадырали
Камбаралы
Чолпонкул
Эрмек
Манас
Байхан
Семетей
Маматмуса
Абибилла
Кожомкул
Сейтек
Жайсаң
Деелетбай
Искендер
Барсбек
Курстанбек
Улукбек
Бакайбек
Кошойбек
Акуул
Акбалта
Кулчөрө
Терөбай
Сансызбай
Абылбай
Тимур
Талгат
Жоодар
Адилет
Санжар
Азирет
Байязет
Саян
Садык
Малик
Тилек
Арабай
Нурдөөлөт
Ырыс
Саип
Миртемир
Акжол
Баяман
Азамат
Мыктыбек
Курманбек
Алибек
Урмат
Нурсултан
Базарбай
Дастан
Темирбек
Абдымалик
Абыкалык
Абдинасир
Исламбек
Дөөлетбай
Руслан
Иляз
Абжапар
Чубак
Эрмек
Жаанбай
Эрали
Сайып
Алы
Акматалы
Акунали
Эркин
Бектурсун
Алиш
Сатыбалды
Шайи
Акбарали
Аскар
Калыбек
Сыргак
Эмил
Жакшылык
Ратбек
Айбек
Амирбек
Бекзат
Тынчтык
Теңизбай
Тойчубай
Абдырай
Абдылда
Кеңеш
Сүйүнбек
Бегимбай
Бакыт
Раимбек
Болот
Нишанбай
Ырысмамат
Алмазбек


Эсемат
Эшей
Кунтууду
Тукул
Баймат
Дөөлөт
Түгөлбай
Кайот
Акмат
Орунбек
Жусуп
Саип
Мамат
Арынбек
Тезекбай
Аалы
Жамгыр
Кубаныч
Нияз
Чолпонбай
Айтназар
Токто
Моке
Пирмат
Мамыт
Осмон
Асылбек
Али
Сайди
Бөрүбай
Эргеш
Укудөй
Сатар
Абдыкерим
Калык
Урстанбек
Дастанбек
Сабыгали
Курманали
Турдали
Бердали
Жээнбай
Тайчабар
Жолдош



Эсемат
Эшей
Кунтууду
Тукул
Дөөлөтбай
Жантеке
Кожо
Ысмаил
Эрназар
Бабыл
Төтөбай
Сарыбек
Намазбек
Набек
Малабек
Роман
Эгеш
Маакадыр
Алимбек Исраил Муса
Мукан Жолон Кубаныч Жуман Талант Болот Нуркарим Кайрат Тынчтык
Кушубек
Дүйшөбай Бейшөбай
Акматали Ысак
Аман Толгон Рысбек Асан
Абый
Кадыр Тилебай
Маатмуса Манас Толдой
Кыргызбай
Ислам Үсөнаали Камалдин Өмүрали
Мырзаке Мамбет
Жүөдөмүш Доолон Март
Абдмиталип Субан
Пазыл Токоной
Сүйүнбек Жэниш Эркин Акжол Доктурбек
Сагыныч Алмаз
Турат
Алымсейт Макей
Молдомомун Сабир Кабыл
Матомар
Каримжан Токторбай Осмонали
Эдилбек Эмилбек
Айтымамбет
Рабубакир
Тагай Жоро
Таабалды Исраил Ибраим Куман
Мэлис Икыбал Искак
Нурбек Залкар Бакыт Тынчтык Эркин
Наркул Жумадил
Марат
Темирлан Өмүржан
Жапаркул Чормо
Жумагул Ысакбай
Полот Акмат Замир Залкар
Садык Абила
Нышанбай Өмүр Мөкүш
Сатар Сулайман Аман Назир Ажимамат
Имин Гади
Акматбек
Нурмухамбет Темиркул Медербек
Эмирхан
Аман Эржигит
Таалай Курманбек
Союз Илимбек Азирет
Көкөн Адил Өмүр
Нурсултан
Байдөөлөт Актилек Акылбек
Кубаныч
Жусупбек Баке
Арзикул Абжапар
Абдиназар
Калматай Эгеш Жаныш Кудайберди
Мукан Сали Канат Асыл Аскар Мундуз Чыңгызбек
Даниель Тариел Нуртилек Бактыбек
Алмаз Умар
Самат Бексултан
Абубакир
Атантай Тайлак


Эсемат
Эшей
Кунтууду
Тукул
Дөөлөтбай
Жантеке
Малабек
Чалказак
Айтибай Батай Абакир
Берди Суранбай
Мырзакул
Чанчар Келдибек
Шергазы Жунус
Токтокул Токтоболот Бекболот
Курманкул
Жоробай Илияс Мамат Касымбек
Ибраим Идирис Мрат Рысбек Насипбек
Суйунбай Кочкор Осмоналы
Назаркул
Култу Абди Аамат Эрмекбай Каки Жолдошбай
Чымберди
Салимкул Садык Ракман Доолот Керим
Канат Бекмурза Токтобек
Ашим Шерали Мирсалим
Азамат Азимбек
Сакен Жумабек Жусу Карыбек
Моңултай Акимкул Иманкул Сатикул Асан Эсен
Төлөгөн Эген
Шанки Нуркан
Байсал Баатыр Пазыл Жаныбек Бакай Дамир
Пазыл Иман Ынтымак Улан Байаман
Манай Темирбек
Гулу
Өмөркул Калдыбай
Маматали Үркунбай Коргонбай
Жусуп Бапалай Кубаныч
Пасаң Эшим Талант Таалай Элдиш
Шермат Полот Чамбул
Ормош Кадырбек Чеша


Эсемат
Эшей
Күнтууду
Тукул
Дөөлөтбай
Жантеке
Малабек
Назаркул
Аамат
Үрүстөм
Аманкул
Сатар
Тилде
Айдарбек
Мендей
Арыстан
Раатбек
Мурат
Нурлан
Мыйман
Ааданбай
Жамшит
Бактыбек
Арапбай
Акылай
Асантай
Жакшылык
Орунбек
Дыйкан
Талантбек
Туратбек
Тынчтыкбек
Темирбек
Кенже
Илимбек


Эсемат
Эшей
Күнтуулу
Тукул
Дөөлөтбай
Жантеке
Малабек
Назаркул
Аамат
Үрүстөм
Аманкул
Сатар
Тилде
Айдарбек
Мендей
Арыстан
Раатбек
Мурат
Нурлан
Мыйман
Ааданбай
Жамшит
Бактыбек
Арапбай
Акылай
Асантай
Жакшылык
Орунбек
Дыйкан
Талантбек
Туратбек
Тынчтыкбек
Темирбек
Кенже
Илимбек


Эсемат
Эшей
Кунтууду
Тукул
Деелетбай
Жантеке
Энназар
(Кара киши)
Пиримкукл
Раимкул
Керимкул
Тойкул
Шайымкул
Алмаш
Латипжан
Апаз
Нияз
Камчыбек
Эстебес
Маматкан
Сатыбай
Жолдошбай
Чокмон
Айылчы
Үркүнбай
Коргонбай
Конуш
Токуш
Жакып
Базарбек
Акылбек
Бакыт
Данияр
Канат
Жамгырчы
Акбар
Санак
Абдулбасит
Акжол
Заирбек
Марс
Кварц
Актан
Умар
Исхак
Нимат
Эрназар
Саранжи
Чоро
Бекназар
Мухамбетсабыр
Абдрахим
Абдулла
Сагынбек
Алимбек
Суйунбек
Жениш
Азатбек
Беркут
Эржан
Кубатбек
Жумабек
Арген
Шумкар
Мукамбет


Эсемат
Эшей
Кунтууду
Тукул
Дөөлөтбай
Отор
Жайчыбек
Төрөкул
Абдылда
Аскер
Абсамат
Абдыразак
Данияр
Салибай
Керимбай
Самидин
Жунус
Капар
Сапар
Акимкул
Реш
Чабан
Шаамыр
Нурбай
Дааныш
Советбек
Омар
Мэлис
Эрнис
Кыял
Төлөгөн
Маматемин
Мамашарип
Кумарбек
Канатбек
Урматбек
Камчыбек
Кубаныч
Кудайберди
Атакан
Сатты
Ногой
Нурдин
Табыш
Касым
Апаз
Бактыбек
Мыктыбек
Калмамат
Конурат
Токон
Сулайман
Бегали
Ташболот
Бекболот
Жанболот
Шерболот
Акылболот
Кенжебек
Байболот
Арзы
Ысмаил
Ысак
Рысбай
Адан
Султан
Анарбай
Жениш
Кубаныч
Таалай
Жаңыбек
Мирланбек
Нургазы
Дастанбек
Кадыралы
Кутурмуш
Төлөгөн



Эсемат
Эшей
Кунтууду
Тукул
Баймат
Тугөлбай
Жээнбай
Курманбай
Рашид
Мирзабай
Казыбай
Салибай
Алибай
Бодун
Толонбай
Тажибай
Кылычбек
Бекен
Рысбек
Дурусбек
Кенжебек
Култай


Ороз
Акей
Жээнтай
Токтогул
Мааткерим
Мамат
Баатыр
Кенебай
Токтосун
Урматбек
Кубатбек
Канымбет
Кумарбек
Талгат
Бекболот
Таасирбек
Анарбай
Залкар
Салют
Тынчтык
Достук
Тоха
Исхак
Нурислам
Макиш
Кочконбай
Умутбек
Барчынбек
Алмазбек
Айдарбек
Акылбек
Нурсултан
Шерислам
Руслан
Жантөрө
Кулчоро
Эртөшук
Кожомкул
Шумкарбек
Алишер
Алихан
Нургазы
Акылбек
Нуркелди
Мати
Жакып
Балык
Чоку
Кубаныч
Кылыч
Каныбек
Бекбол
Ханболот
Айийр
Жетиген
Байэл
Эрбол
Алишах
Абийир
Жусуп
Айдар
Кудайберди
Осмон
Сагынбек
Ысак
Турдубек
Бекжан
Термиржан
Муканбет
Мунарбек
Абай
Акжол
Айкел
Таали
Сулайман
Темиш
Таалай
Зарипбек
Руслан
Кубан
Самат
Сагынбек
Манас
Имангазы
Калыбай
Алибай
Суйун
Санжар
Калмырза
Ильияз
Алмаз
Жанболот
Шерболот
Арсен
Рахматилла
Маматилла
Маматазиз
Кутман

## Эшейден чыккан Акан бий

Кыргыздар эзелтен көчмөн турмушта жашагандыктан улам бир жерди малына ылайыктай тандап, ыңгайы келсе ошол жерге отурукташа-жаздоо, жайлоо, күздөө, кыштоого айлантышкан. Кара-Кулжанын өрөөндөрү менен өзөндөрү, керемет жайлоолору да ушундай тандоолордон улам биздин урпактардын энчисине калганы өзүнчө санжыра кепке татыйт.

Ошо ата мурасы катары саналган жер, суунун касиетине таазим этүүдөн тышкары аларды өздөштүрүү, өркүндөтүү, жаратылышын сактоо, коргоо сыяктуу зор милдетти аткарганда гана ошол жердин накта ээси саналарыбыз ырас. Жер Эне деп аздектегенге жараша табият баалуулуктарына көз карегиндей күтө билүүнү улуу муун кийинки муунга аманат катары өткөрүүсү руханий милдет.

Ал эми биздин Кара-Кулжанын касиетин барктап, элине кызмат өтөөгө Эшейден чыккан Акан бий да өзгөчө салым кошкону ушул күнгө чейин улама кепке уютку болуп келатканы жөн эмес.

Акан бий аталардан калган жердин элге толук кайтарым бериши үчүн арык чаптырып, кокту-колоттордо көптөгөн көпүрөлөрдү курдуртканын эң башкы мааниси, ою – жерди ким иштете билсе, сактай алса, коргосо жер ошонуку экендигин даңазалоого байланышкан.

Элдин башын ынтымакка бириктирген жана турмуштун ар кандай кырдаал, жагдайдагы түркүн маселелерин көпчүлүктүн акыл-парасаты жана ашар жолу менен чече билгендигинде болуптур. Бул үчүн элге атайын тамак-аш берүү салтын Акан бий да кеңири колдончу экен. Тар дарыясына курдурткан көпүрөсү ушул күнгө чейин “Акан көпүрө” деп аталып турганы эле өзүнчө эстелик эмеспи.

## Boобек уулу Шералы

1880-жылы туулган. Учурдун талабына жараша мектеп жок болгондуктан айылдык молдолордун билим берүүсү менен ислам дининдеги илимден сабатсыздыгын жойгон.

Балалык кезинен тартып зирек-зээндүү болуп өсөт. 16 жашында Жусуп кызы Жамбы менен түндүк көтөрүп баш кошот.

Бул кишинин артыкчылыгы көптөгөн дың жерлерди өгүз кош менен буздурушуп, дыйканчылыкка жакшы көңүл койот. “Эр эмгегин жер жебейт” дегендей жер-жемишин арбын берет. Жылдан жыл өтүп арпа, буудайды арбын топтогон дешет. Үзүрлүү эмгек ийгиликке жеткирет деген накыл сөз.

Бул киши Шералы бай деген наамга татыктуу болот. Короо-короо кой толуп үйүр-үйүр жылкы болуп көбөйө берет, дагы бир артыкчылыгы кызыл куржун алдында болгон дечү. Байдын элге кылган эмгегине токтолсок мал басып өтө албаган кыйла жолдорду мисал үчүн суук дөбө деген жайлоого адамдарды топтоп мал союп түлөө өткөрүп жол каздырган экен. Ушул күнгө чейин Шералынын жолу деп аталып жүрөт. Ошол эле суук дөбө деген чокуга булак каздырып суу чыгартыптыр, эл пайдалансын деп. Элге жасаган дагы бир аракети айыл ичине биринчилерден болуп мечит курдурган экен. Байдын дагы бир жакшы сапаты кедей-кембагалга, жетим-жесирге абдан кайрымдуу болгон. Байдын курдурган мечити кийинки мезгилде мындайча айтканда коммунисттик партиянын учурунда баштооч мектеп болгон. Ал мектептин босогосун аттап, атуулдар азыркы учурда балпайган абышка, ак элечектүү байбичелер болуп турушат. 1917-жылы бай кадрынан колхоздошкон мезгилде көптөгөн бош мал берген.

Кийинки мезгилде куугунтукка алынган. Бул киши кытай тарапка ооп кеткен. 1956-жылы өз элине келип өз мекенинин топурагы насип этип казаа тапты.

## Атабай уулу Алымкан

Атабай уулу Алымкан 1887-жылы Кара кийик жылында туулган. Ал Бообектин чоң уулу Атабайдын тун уулу болгон. Алымкан алты жашка чыкканда атасы көз жумуп, эки жашар иниси Кадыр экөө чоң атасынын колунда калышат. 8-9 жашка чыкканда Султан-Абаддагы таятасына барып, он жыл жүрүп, эр жеткенде тактап айтканда, 17-18 жашында өз жерине келет. Бул 1904-1906-жылдардын аралыгына туура келет.

Элине келгенде бир жыл өткөндө түндүк көтөрүп (үй тигип), Абирдин кызы Аселге үйлөнөт. Андан эки-үч жылдан кийин дагы бир үй тигип экинчи аялын алат.

1930-жылдардын аягында ичер суусу түгөнүп, эки аялы тең көз жумуп, согушта курман болгон Сулаймандын жесири Чүрөккө үйлөнөт. Анын төркүнү Алай районунун Корул айылынан, атасы Бакал уруусунун кедей тобунан Маматали уулу Осмонали болот.

"Үч аялыман отуз бир перзент көрдүм" – деп Алымкан ата айтчу.

Кыды, Суранбай деген эки уулу согушка кетип, кайтпай калат. Дагы бир катар балдары эрезеге жетпей чарчап калат. Он эки уул-кызынан тараган урпактары беш жүздөн ашып, Ош, Жалал-Абад, Чүй облусунда жашап калышат.

Атам жашаган заман тарыхый бурулуштарга, окуяларга, өзгөрүүлөргө бай болбодубу, 19-кылымдын башындагы Орусиянын оторчулук саясаты, 1917-жылдагы Октябрь революциясы, андан кийинки он жылга созулган атуулдук согуш, 1941-45-жылдагы Ата Мекендик апаат согуш, ошол учурда өмүр сүргөн ар бир инсандын турмушуна, тагдырына өз таасирин тийгизбей койгон эмес.

"Кетмендин сабынан өткөн тынч оокат жок" – деп айтчу дешет атамдын сөзүн, насаатын угуп калышкан замандаштары.

Өйдө-төмөн чайпалган ошол заманда бул ойдун мааниси чоң болчу. Атам өз заманынын алдыңкы көз

караштагы адам болгонун ушул күнгө чейин көргөндөр айтып жүрүшөт. Ал айылга биринчи картошка, сабизди эгип өстүргөнүн, жылга-жылгага тал-терек эккенин, кайсы убактан кайсы убакка чейин эгин эгүү, жыйноо тууралуу баалуу кеңештерди, насааттарды дайыма айтчу дешет.

Ал кишинин дагы бир сапаты – табыпчылык кылып, тамыр кармап, сынган, чыкканды таңып сакайткан өнөрү болгон. Бул касиети менен көптөгөн сыркоологон, табы айныган адамдарды дарылап, сообуна калган экен.

Атам аба-ырайынын өзгөрүшүн, айдын жаңырышын, тогоолдун өтүшүн, жыздын аяк салышын, кыштын түшүшүн айтып, табыркачылык да кылган. Соода менен да алектенип, Кашкардан Анжиянга мал-мүлк алып келип, соодалаган да экен.

Алымкандын сары-тору аты тууралуу аңыз кеп ушул күнгө чейин айтылып жүрөт. Ал убактарда алды-качты улак тартышчу дешет. Мөөрөйдүн көбүн сары-торун ат алчу, туура турган аттан секирип өтүп кетчү дешет. Бул атамдын саяпкерчиликти жакшы билгенинен болсо керек.

Атамдын урпактары ал кишиден башталган ак эмгеги, маңдай тери менен өмүр сүрүү салтын улап келе жатышат.

Атамдын балдарына айткан насааттары:

1. “Балдарым, менин силерге айтаарым, арамдыктан алыс болгула. ”
2. “Бирөөнүн эмгек акысын жегенден баш тарткыла. ”
3. “Колуңдан келишинче өзүңө душман ашырбаганга аракет жаса. ”
4. “Мүмкүнчүлүгүң болсо жетим-жесирге жардам беришке умтулгун. ”
5. “Эли-журтуңа наалакөй болбогонго тырыш. ”
6. “Элиңе адал эмгек кылсаң, бир күнү сени баалап алат.”
7. “Жаман адамдын белгиси-ата башына таяк болот. ” – деп дайыма эле чогулган жерде айткандан жадачу эмес.

Ошол кишинин тарбиясынанбы балдары, небере-чеберелери өз эмгеги менен өмүр сүрүшүп, элдин наалатына калганын уга элекмин.

Атам көзү өткөнгө чейин эмгектенүүдөн калган жок. Чатакташкан адамдарды, эрди-катындын пикир келишпестигине тикеден тик туруп элдештирип, жүз жылыштырып турчу.

Атабай уулу Алымкан 1970-жылы 10-февральда 84 жаш курагында көз жумган.

**Жазган: Атабаев Мансур**

## Алымканов Абдраш

1934-жылы Кара-Кулжа районунун Кара-Булак айылында 1-мартта төрөлгөн. 1951-жылы мектепти аяктагандан кийин Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1953-жылдан баштап электр ширетүүчү, темир уста болуп Баткенде, Алайда иштеген. 9 баланын атасы. 2014-жылы дүйнөдөн өттү.




**Алымкан уулу Абдраш жубайы Тоту, уулу Сабай кенже уулу Суранбай менен**



*Туйбас аке байбичеси менен*

## Сатыбалдиев Туйбас

Туйбас аба 1930-жылы Кара-Кулжа районунун Ой-Тал айыл өкүмөтүнүн  Көңдүк айлында жарык дүйнөгө келген, айылдык мектептин жетинчи классын аяктагандан кийин, Көңдүктөгү жети жылдык мектепте мугалим болуп эмгек жолун баштаган.

Өрнөктүү өмүрүн айылдагы совет доорунун ар кандай кызмат менен байланышта өткөрдү. Атап айтканда ферма башчысы,  кампа башчысы, колхоздун ревизору. колхоздо бригадир магазинчи, даярдоо конторунда даярдоочу жана колхоздун аары чарбасынын башчысы болуп, пенсия курагына чейин үзүрлүүэмгек өтөдү. Өмүрлүк жары Апызакова Сабира экөө алты уулду тарбиялап өстүрүштү, бала чагы Уулу Ата –Мекендик согуш маалына туура келгендиктен жаштайынан эмгектенүүнү баштан өткөрдү.

Алты уулдан 31 небере, 35 чебере көрүштү. Аксакалдын өрнөктүүөмүрүн улантып балдары небрелери эл кызматын жасап келишет. Туйбасов Жамбыл Кыргыз Респуликасынын токой чарбасынын мыкты кызматкери, Туйбасов Калил айылдагы кадырман аксакал, Туйбасов Камчыбек аары чарбасын өнүктүрүүнүн өрнөктүү кызматкери, Туйбасов Бакыт мал чарбасынын сырын билген чарба адамы Сатыбалдиев Дүйшөн мыкты саясатчы, Туйбасов Жумабек азыркы замандын бизнесмени. Туйбас аксакал Алайкуу өрөөнү эле эмес, адамгерчилиги менен республикага таанымал ардактуу эл аксакалы эле.

## Асыранов Чымберди ажы



Бул каармарыбыздын өмүрүнүн орчундуу бөлүгү тээ тесттер бала күнүнөн эле жылкы багып, ат жалына казан асып, чатырап күйгөн арча отуна жылынып, мүрөктөй мөлтүр кашка булактын көзүнөн суу ичип, көк туланга жамбаштай жатып жылкыга көз салып жайлоолордо өттү.

Чымберди абанын жылкыларынын алды эрте жаздан баштап төлдөп, желе тартылып, бээ саала турган кез келгиче кулундардын алды кара кулак болуп торолуп калаар эле. Байбичеси Саадат эже экөө эрте жазда эле жылкыларын астыга салып айдап жайлоого камынып жөнөп калышчу.

Таң куланөөк тартып жылдыз бириндеп, суюлуп калганда жылуу төшөгүнөн турган Чымберди аба жайдын

бетти аймалап ойку-кайкы бийлеген айдарым жели менен коюн колтук алышып, өздөрү көрүнбөсө да түндү жаңырта кошкурган жылкылардын үнүн ээрчий жөнөп кетчү. Тээтиги кыраңдын аркы бетинен жылкыларды үркүтө ышкырып, айдап келе жаткан Чымберди абанын үнүн уккан байбичеси Саадат эшикке чыгып муздак сууга жүз чайып, жоолугун оңдой салынып, кулундардын ноктолорун алып эшикке чыкканда, эргилчекке «шырп» эте түшкөн эшик жабуунун кашаасынан чоочуп ойгонгон балдары чала-була кийинип жалаң бутуна кепичтерин иле салып, үстүнө кийчү кийимдерин баш жактан сүйрөп алып апасынан ашыга желеге көздөй жүгүрүшөт.

Эрте туулган кулундар энесин ээрчип, эркин жүргөнгө үйрөнө түшкөнгөбү, жайлоого келген кезде жаңы тартылган желени тегерене жүгүрүп, бирде кырга чыгып, бирде ойго түшүп, так секире оюн салып, көпкө карматпай Чымберди абанын балдарын түйшүккө салчу. Бээ байлам эки үч күн удаасы менен күн аркан бою көтөрүлгүчө созуулар эле.

Боз үйдүн оң тарабындагы ашкананын кире беришиндеги ача таяктарга Саадат эженин серке чаначтары кериле асылып, көрөңгөсү уланып ууз кымыздары бышылып чертиле баштайт.

Бала күнүнөн саратандын аптабында сары чай ичпей, бал кымыз менен суусунун кандыра ичип, чөп каткан кезге чейинки коюу кымыздан татып жүргөн Чымберди аба кышты кыштай айран, сүткө үйрөнө албай эрте жазды чыдамсыздык менен күтөт.

Чымберди аба балдары менен ар кулундун кандай жылкы болоорун жоромолдоп, железен кайтып келгиче Саадат эженин түндүгү тартылып дасторкону жайылып, ууз кымызы челекте чертилип жутууга даяр тураар эле. Чымберди аба кышы бою көксөп келген ууз кымыздын быйыл да насип этკенине жаратканга ыраазы боло, кымыздан кере-кере жутуп төрдөгү жүккө жөлөнө бал

кымыздын касиетине ынангандай узакка ныксырап отуруп калаар эле. Кымызды бүткөн дене боюна сиңирип, бир аз шаттана түшүп ордунан шашпай туруп, жанатан бери куржундун түбүн чукулап, былтыркы чаначтарын чыгарып жогору карай жарыкка тосуп алып ичинен жыртык тешигин текшере баштаган байбичесинин артында саамга тиктеп, иштин чоо жайын түшүнүп, ылдыйкы курбудан табылгы терүүгө жөнөшөт

Алардын жайлоодо дайыма кайталанчу жумуштарынын орчундуулары ушулар. Анан кечке боз үйдүн жогору жагына жерди оюп жасаган, былтыркы ыштыгын бир сыйра ичин тазалап чанач ыштоого киришчү. Чанач ыштаганча байбичесинин сунган ар бир кесесин түбүнө чейин шыпкай жутуп, көңүлү көтөрүлүп түш оогондо созолонто обон созо калчу.

Ар кандай иштин өзүнө жараша түйшүгү болот эмеспи Чымберди аба дагы көптөгөн жылдар бою колхоздун жылкысын багып бир жагы көңүлдүү болгону менен бир жагы ошончолук түйшүгү мол өмүрдү башынан кечирди. Анын аралыгында он эки балага байбичеси экөө татыктуу тарбия берип, турмуштун, даңгыр жолуна салышты. Чымберди абанын айтымында: - «Бүгүнкү балдардын төрүндөгү байбичеси экөөнүн бактылуу карылык доору оңой - олтоң бирөө колго карматкандай келип калган жок», - дейт. Замандаштары айтып өткөн сыяктуу Улуу Ата Мекендик согушка чейинки жокчулук, согуш учурундагы ачарчылык, андан кийинки оор турмуштун запкысы Чымберди абаны деле көз жаздымда калтырбаптыр.

Ал 1931-жылы Сазда төрөлүп, балалыгы ушундай заманга туш келген. Ар кандай турмуштун оомал төкмөлүнө чыдап ошону көтөрө билип, сабырдуулук менен женгенде гана жараткан ушундай бактылуу күндөрүн жаркытат окшобойбу?. . Эл арасында кадырман карылардын бири. Бүгүнкү күндө да Чымберди аба жайдын ысык аптабында кыштакка камалбай байбичеси экөө жайлоолоп кетишет.

Өткөн, кеткендин атын үйгө бурдуруп байбичесинин кымызы менен оозантмайын жөнөтпөйт.

## Алиязов Эшейбай



«Атамдын эл үчүн жасаган иштерин эл унутпаптыр. Андан бери канчалаган убакыт өтсө да анын инсандык бейнесин унут калтырбай, мактоого арзый турганын далилдешип башталгыч класстын окуучулары үчүн 2012-жылдын 20-декабрында пайдаланууга берилген мектепке атын ыйгарууну колдоп беришти», - дешип Эшейбай абанын уул-кыздары элине ыраазычылык билдирип келишет.

Алиязов Эшейбай өз заманы үчүн, өз эли үчүн төрөлү менен жерине акылын да күчүн да үрөгөн, көзү көрөгөн, ар кандай ишке жөндөмдүү инсандардын бири эле.

Ал 1927-жылы Кара-Булак айылында төрөлгөн. Совет өкмөтү орногондон кийин Шералынын мечити мектеп болуп, ошол мектептен кат сабатын жойгон.

Эмгек жолун Калинин колхозунда табелчи болуу менен баштайт. Ал убакта колхоздун жумуштарынын ийгилиги табелчиден көз каранды болоор эле. Ал табелчи болуп иштеп жүргөндө аябагандай уюштургучтук менен. колхоздун талаа жана чарбалык жумуштарында демилгечил болуп, жакшы иштегендиги үчүн бригадирлик жумушту аркалай баштады. Колзхозчулар менен жумшак мамиледе болуп, сыпайы сүйлөгөнү менен, жумуш алып барууда талапты аябагандай катуу коёр эле. Анын карамагындагы колхозчулар эле эмес, бүтүндөй айыл эли андан кеңеш сурап турушкан эле. Ал акылман киши болгондуктан бирөөнүн кемчилигин эч качан көпчүлүктүн көзүнчө айтчу эмес. Тескерисинче андайларды ал тыйып койчу. Эл арасында

биримдикти сактап дайыма аларды түгөлдөп тураар эле. Ал Калинин колхозунун, кампасында кийин Кара-Кулжа районунун даярдоо кампасында иштеп жүрдү. Алиязов Эшейбай атасындай болгон улуу кишилердин да турмуштук көйгөйлөрүн туура чечип, моралдык колдоо көрсөтүп турчу. Ал эми өзүнөн кичүүлөрүнө акыл насаатын айтып туура жолго салаар эле. Үй-бүлөгө камкор ата болуп байбичеси Лейликан экөө он төрт баланы чогуу өстүрүштү. Балдарга берген тарбиясынын натыйжасы Эшейбай абанын жүзүн жер караткан жок. Атанын асыл кеби менен оозанган балдардын жан дүйнөсү да жарды болбой элинин жашоосундагы ийгиликтер үчүн канына сиңген патриоттуулугу бүйүрүн кызытып турат. Ата насаатын жерге таштабай турмуштарында тажрыйба катары пайдаланып, бүгүн анын үзүрүн көрүп жаткан учуру.

Учурда бир замандын беделдүү өкүлү болгон Алиязов Эшейбайдын конушунда уулу Дөөлөтбек коломтосунун отун өчүрбөй түтүн булатууда. Ал айылдагы орто муундун кадырлуу адамдарынын бири. Кыргыздын улуттук көк бөрү оюнунун ыкмасын жакшы өздөштүргөн чабандес катары жаңыдан таанылып келаткан балбандардан.

Ал эми Эшейбай абанын Каныбек, Жаныбек аттуу уулдары да атасы өңдүү эл кызматы үчүн күч үрөп келишет.

**Алымкан уулу Мосо ажы.**

Китепте жазылышы боюнча Мухаммед Осмон. 1929-жылы Кара-Кулжа районунун Кара-Булак айылында төрөлгөн. Балалык мезгили улуу ата мекендик согуштун оор кырдаалы менен өттү. Бала кезинен зирек, акылман, даанышман болгондугу үчүн үй бүлөлүк тиричилигин жана колхоздун оор жумуштарын мойнуна алды. Бир четинен согуш болсо, экинчи четинен ачарчылык кирип келди. Атабай деген колхоздун устасына шакирт болуп, ошол кишинин бар өнөрүн өзүнө алды. Колхоздогу темир, жыгач устачылыгын, зергерлик, бут кийим тигүү өнөрлөрүн абдан өздөштүрдү. Жаманчылык заманда айылдагы жылыңайлак жүргөн балдарга чокой, кээ бир аялдарга масы, өтүк тигип берүү менен алектенген. Ошондо айылдагылар аны алкыштап "Уста Мосо" деген наам берган. 1952-жылы Тоокэ уруусундагы Рыскулдун кызы Аканга үйлөнгөн. ошол жылдары Гулчо селосуна келип, кол өнөрчүлүгүн өнүктүргөн. "Өнөрлүү өлбөйт",- деген кыргыздын накыл сөзү бекеринен айтылбайт. Бул кишинин бир жакшы сапаты өмүрүндө бозо жана аракты оозуна алган эмес. Дин жагына аябай берилгендиктен Орто Азияга таанымал болгон Максут ажынын батасын алып, ошол менен бирге эле Алай районундагы мечиттин оор жумуштарын бүтүргөн. Маданият үйүндө сахна декорациясын жасалгалоо, комуз жасоо, ондоо жана башка музыкалык аспаптарды калыбына келтирүү боюнча иштерди, театрдын жалпы устачылык жана чарбачылык иштерин аткарган.

1972-1976 жылдары райондук өрттөн коргоочулар бөлүмүндө иштеп, ошол жылдардагы социалистик эмгектин жеңүүчүсү болуп табылган. Областтык мелдеште алдыңкы орунга жетип, төш белгинин ээси болгон.

Курманжан-Датканын Алайдагы музейин куруудa башынан-аягына чейин тике туруп, курулушуна жана ички жасалгаларын жасоодо көп эмгектенип, мактоого ээ болгон. Алай райондук керек-жарак коомунда иштеп туруп ардактуу эс алууга чыкты.

Азыркы учурда жети уул, кызы, жыйырма алты небереси, жыйырма сегиз чебереси бар. Уул кыздардын урмат, сыйын көрүп, небере-чеберелерине ак баталарын беришип байбечеси экөө төрдүн көркү болуп олтурушат.



**Мосо ажы жубайы Акан менен.**

# Абдыкадыров Дөдө
# 1929-2008



Жетимиш тогуз жылдык өмүрүнүн 45 жылын жаш муундарды окутуп, тарбиялап, аларга билим берүүгө арналган Кара-Кулжа районундагы улуу устат, ардактуу педагогдордун бири болгон. Абдыкадыров Дөдө 1929-жылы 10-мартта Кара-Кулжа районундагы (мурдагы Совет) Сары-Булак айылдык кеңешине караштуу Кара-Булак айылында жарык дүйнөгө келет. Атасы Абдыкадыр, апасы Анипа айылдагы ак-ниет, кадырлуу адамдардан болушкан.

Абдыкадыров Дөдө жети жылдык мектепти бүтүргөн соң 1945-жылы он алты жашында Сары-Булак айылдык кеңешиндеги "Ажике" башталгыч мектебине мугалим болуп дайындалат. Мектепте 3 жыл иштеп, окутуу-тарбиялоонун сырларын өздөштүрө баштаган мезгилде Советтик армиянын катарына чакырылып, Челябинск областынын Копейск шаарында кызмат өтөгөн.

1951-жылдан 1955-жылга чейин Жалал-Абаддагы педагогикалык окуу жайынын толук курсун бүтүрүп, “Башталгыч класстын мугалими” деген адистикти алган.

1953-1954-жылдары Кара-Кулжа районундагы Капчыгай айылдык кеңешиндеги Терек-Суу, Чалма айылындагы “Ленинчил жаш” орто мектебинде мугалим болуп иштеген.

1955-1958-жылдарды Карагуз айылындагы “Кеңеш” жана “Алтын Күрөк” башталгыч мектептерин жетектеген.

1961-жылы билимин тереңдетүү максатында Ош Мамлекеттик педагогикалык институтуна кирип, аны 1966-жылы бүтүрүп, “География мугалими” адистигине ээ болгон. 1969-1970-жылдары “Ажике” орто мектебинде тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары болуп иштеген. 1970-жылдан 1980-жылга чейин ушул эле мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Абдыкадыров Дөдө 10 жылдан ашык окуу башчысы болуп эмгектенип турган мезгилде “Ажике” орто мектебинде окуучулардын билим деңгээли кескин жогорулап, мектеп райондогу мыкты мектептердин катарына кошулган.

1989-жылы Абдыкадырова Дөдө ардактуу эс алууга чыккан. Өмүрүнүн көпчүлүк бөлүгүн жаш муундарды окутуп – тарбиялоого арнаган устаттын үзүрлүү эмгеги жогору бааланып, ага областтык билим берүү бөлүмдөрүнүн Ардак Грамоталары ыйгарылып, 1983-жылы Кыргыз Республикасынын Агартуу Министрлиги тарабынан “Ага Мугалими” (“Старший”) наамы берилген.

Ардактуу агай 2008-жылы 30-майда дүйнөдөн кайтты. Ошол эле жылы уул кыздары атасынын жаркын элесине арнап аксакалдардын уруксаты менен Кара-Булак айылындагы эски мечиттин ордуна, жаңы заманбап мечит тургузушкан. Кара-Кулжа райондук депутаттарынын кеңешинин чечими менен мечитке “Омар тегин Абдыкадыр уулу Дөдө” деген ат ыйгарылган. Айылдын так ортосунда бийик дөбөдө, агайдын басып өткөн турмуш жолундай

жаркырап, айылдын көркүнө көрк кошуп турат. Өздүк турмуш жолунда жубайы, “Баатыр Эне” Мамадалиева Күйкө (Бузейнеп) апа экөө 4 уул 6 кызды тарбиялап, билим берип, өстүрүп, турмуш жолуна аттандырышкан. Азыр агайдын уул-кыздары түрдүү тармактарды үзүрлүү эмгектенип, небере-чөбөрөлөрү 50дөн ашты.

Абдыкадыров Дөдө теориялык билими терең, мыкты усулдарга ээ, тубаса маданияттуу, окуткан окуучуларына жүрөгүн арнаган, эл арасында зор абройлуу инсан болгон. Анын өмүр жолу элге кызмат кылуунун үлгүсү катарында өзүн тарбиялап окуткан окуучулары жана эли журтунда урмат менен эскерилип, ардактуу устаттын элеси жүрөктөрдө түбөлүк бекем сакталат.



Капарбекова Жибек- Бишкек шаарында 1990-жылы 28-апрелде төрөлгөн.

1996-2005- жылдары Бишкек шаарындагы 65-эколого-экономикалык лицейин жалаң беш деген бааларга аяктаган.

2005-2010- жылдары Кыргыз улуттук университетинин журналистика факультетин ийгиликтүү аяктаган.

Эмгек жолун ЭлТР телекомпаниясында корреспондент болуудан баштаган. Андан соң ошол эле каналдын диктору болгон.

2012- жылдан бери Кыргыз теле радио компаниясында "Ала-Тоо"информациялык каналынын диктору.

Үй бүлөөлүү. 1 кызы бар.



**Төөбай атанын чоӊ келини Касиет жана неберелери менен Равшан, Абдилазиз, Маматемин.**

## Калманбетов Төөбай

Эл арасындагы чыныгы азаматтын гана эл үчүн күйүп, эл арасында боло жүрчү машакатка каны оргуштап жаны жай албайт окшойт… Өзүнүн күнүмдүк тиричилигине араӊ жетишип жаткандар канча. Бирок, Төөбай абанын жасаган жакшылыгын эл унутта калтырбас.

Ал бирөөнүн өтүнүчүн эч качан четке какпай аткарып, анын иши бүткүчө жаны жай алчу эмес. Көмөк сурап келген кишини: «Сен кимсиӊ?. . . мага туугансыӊбы?. . . »- деп сураган жан эмес.

Ал Кара-Булакта төрөлгөн.

Боз үйдүн ордуна ак тамдар эле болбосо, Кара-Булактын жайлоодон не айырмасы бар. Мындан эки жүз жыл мурун Кой-Сарыдагы Эшей уруусундагылар арча челек менен ташып ичкен суу көкөйгө тийген экен. Ошондо алар чогулуп отуруп: «Жер түбүнөн суусу оргуп чыккан булагы бар, өрүшү малга жайлуу, шибери ширелүү, кышында кар тозоӊунан оолак, Сарыайгырдын сайраганы түндүк астында угулган, кооз-кооз жерлерге кетели” дешип,

жарымы Үч-Чатка, жарымы кудум эле Кара-Булакка келишпеди беле».

Бирок ушул табияттын укмуштуудай кереметы менен коюн колтук алышып, насиптеш болуп Төөбай аба Кара-Булакта көп жашаган жок. Себеби, ошол Кара-Булактай миңдеген кыштактырдын бейпил түнү, элинин тынч жашоосу үчүн Советтик жоокерлердин катарында тынч жаткан элге бүлүк салган душманга каршы күрөшүп жатканда эки бутун снаряддын осколкасы жулуп, жарадар болуп, 1943-жылы кайтып келди. Ошондо Кара-Кулжа райондук социалдык камсыздоо бөлүмүнүн чечими менен Кара-Булактан Кара-Кулжа районуна көчүрүлүп келди.

Эки бутунун жоктугу баягы жашында дайыма жөө жүргөн шамдагай тетик Төөбай абага кымындай да түйшүк жаратпаган шекилдүү. Ал алдыдагы ар бир кадамына, бүтүндөй жашоосуна дайыма оптимистик көз караш менен карай турган. Ал бөтөнчө меймандос, боорукер, келген кишинин көйгөйн көзүнөн билген дилгир жан эле. Туулган айылынан алыста жашап калган тагдырына баш ийип, муун-жүүнү бошоп, кайратынан тайган жок. Анткени, анын Кара-Кулжадагы үйүнө Кара-Булактан Өзгөнгө базарлап келген айылдаштары Төөбай абанын үйүнө бир түнөп, байбичесинин колунан даам татып кетишээр эле. Төөбай абанын да, байбичечинин да колу ачык, маңдайы жарык адамдар болгондуктан алардын үйүнөн келди кеттинин учугу үзүлбөй, кышында үйдүн ортосундагы ташталган жыгач карыга илинген тондордон үйдүн төрү көрүнбөй калчу.

Төөбай абанын кеңешин кимдер гана укпады, кимдер гана көмөгүн көрбөдү. Ошолордун бири кадимки сиз менен биздин жүрөгүбүздүн түпкүрүнөн түнөк тапкан мукамдуу кайрыктардын жаратуучусу Рыспайдын ырчы болуусунун башатын ачкан киши ушул Төөбай аба.

Ошол көпчүлүктүн бири болуп, Төөбай абанын үйүндө кез-кезде көрүнүп калчу, ак жүздүү, арык чырай бала- Рыспайдын дал өзү эле. Сезгич жан Рыспайдан эки ооз

сөз учугун чубап көрүп эле, жөн бала эмес экенин туюп койду. Күндөрдүн биринде анын Кара-Кулжадагы маданият үйүнүн директору казак улутундагы Аузбаев деген жигит менен тааныштырып, таланттуу бала экенин айтып, аны менен калтырып кетет. Рыспай көпкө көрүнбөй калганда Төөбай аба «Буюрса, Рыспай үйгө келгенге да колу бошобой, бирдемени өздөштүрө баштаган го», - деп көңүлү жай алып калат.

Жаңы эле милиция канадан бирөөлөрдү элдештирип, келип олтурса, колдору, кийими кара май болуп Рыспай эшиктен кирип келет. Аны көргөн Төөбай аба ал-абалын, жумушунун чоо-жайын сураганда, Аузбаев аны шоктугунан урушуп койгонун, ал таарынып маданият үйүн таштап Ак-Кыяга бир тракториstке жардамчы болуп кетип калганын айтат. Ошол жерден ичип отурган чайын таштап, Рыспайды ээрчитип, Аузбаевга келет. Аузбаев Рыспайдын өтө шок экенин айтканда, Төөбай аба Аузбаевдин колуна баланы карматып: «Бул баланы колуңдан чыгарба, мындан бир нерсе чыгыш керек», - деп айтып кетет. Ошондо эч кимге ээ-жаа бербей даркан дарыядай ташкан талант бир нукка салынган өңдөнөт.

Төөбай абанын мындай чечимдери ондоп саналат. Ал көпкө чейин балалуу болбой жүрүп, 1956-жылы Маматжума аттуу уулдуу андан кийин Маматжусуп, Маматадыл, Бүбүмайрам аттуу уул-кыздарга ата болду.



**Сулайман уулу Рысбай ажы**

Кара-Булактагы Балбан Рысбай аба жөнүндө өзүнө жолукканга чейин бир, эки кишиден угуп, тобоо ушундай күч кандай денеге сыйды экен деп көзүмө кудум эле уламыштагы кыргыз балбандарын элестетип койгонмун.

Мына Рысбай абанын үйүнө

келдик дегенде шыңга бойлуу, өтө толук эмес Рысбай аба өзү тосуп алды. Баатырдын атын алыстан ук, жанына келсең бир киши демекчи кадимки эле биз аралашып жүргөндөй эле адамдардай. Бизди көрүп эки алаканын жая утурлай басты. Жүзүнөн нуру төгүлүп жайлоонун таза абасында дем алып, ышталган чаначтагы кымызга суусунун кандырган нукура кыргыздын жүзүн Рысбай абадан көрүп турдум.

Бир жолу Алайдын Торпу деген жайлоосунан келе жаткан Рысбай аба Бекташ байдын Капчыгайдагы журтуна туш келет. Железе сегиз ала, бир тору кулун байланып турганын көрүп, аттын оозун Бекташдын үйүнө бурат. Үй ээси алдынан утурлай чыгып, байбичеси экөө үйдөн даам сызып кетүүгө чакырат. Рысбай аба өзүн урматтап сыйлап аткан Бекташ байдын ызат-сыйын көрүү үчүн байдын үйүнө түшөт. Чындыгында Рысбай абага Бекташ байдын өзгөчө көргөзгөн урмат сыйы эсинде калат. Кайберендин этинен куурдакка кумар канганча тоюп, суусундугуна бал кымыздан моокум канганча ичип, сый көргөнү эстен кетпейт. Кийин Рысбай аба өмүрүндө мынчалык көп кымыз ичпегенин айтат.

Рысбай аба бир замандагы ушул элдин арасынан чыккан Зикир балбандын небереси. Ал 1939-жылы Кара-Булак айылында жарык дүйнөгө келген. Бала күнүнөн эле улакка кызыгуусу тартып мектепти бүткөндөн кийин деле, бүтүндөй жашоосун ушул нукка бурду.

Өзгөчө улак чабуудагы эң орчундуу көз ирмемдерин кээде көз алдынан чубуртуп эстеп калат. Бир жолу айтылуу “Ажике” жайлоосунда бир маарекеде улакка деп бир торпок союлуп, ал Үч-Көлдөгү чалкандын чекесинде болду. Жерге түшүп калган торпокту илээштирбей так көтөрүп үч жолу салганда Төрөбек балбан Рысбай абага келип: “Ат үстүндө эңиштен мен эч кимге алдырган жок элем, бирок улак чабууда сенчилик эмес экенмин” деп далысынан таптаган экен. Ошол күнкү улакта оюн бүткөндөн кийин маслопромго алып келип таразага тартканда 108 кг чыккан экен. Ошол убакта Рысбай аба 28 жашта экен дейт Алай

районунда Коруул айылында Бегимат деген бай атасынын ашта Рысбай аба да улакка барып калат. Торпок аябай чоң экен. Улак Саз деген жерде Рысбай аба торпокту так көтөрүп тай казанга таштаарда торпоктун оордугунан аттын эки алдыңкы буту чөгөлөй түшкөн экен.

Дагы бир жолу Тогуз-Булакта улакчылар өздөрү оюн уюштуруп, улак чаап жатышса Калинин колхозунун башкармасы: "Иш көп болуп жатса силер улак чабасыңар"- деп кыжырланып атчан барып калат. Башкарма оюнубузду бузбагын деп ага торпокту ашырышат. Рысбай аба аты менен башкарманы жандай баратканда башкарма ээрдин кашындагы торпокту түшүрүп жиберет. Торпок жерге түшүп-түшө электе аттын оозун тартпай туруп жерден эңип кеткен Рысбай аба. Максүт деген молдо ордунан тура калып көз тийбесин деп дуба кылып жиберген. Бул өңдүү Рысбай абанын балбандыгы туурасында кеп салып отурсак абдан көп, ал туурасында өзүнүн инилери да чөнтөк дептерлерине бир тобун жазып сактап жүрүшөт.

2000-жылга чейин областтык деңгээлдеги маарекелерде баш байгелер Рысбай абадан башкага буюрчу эмес. Ош областына эле эмес, бүтүндөй Фергана өрөөнүнө таанымал балбан болуп жүрдү. Рысбай аба бүгүнкү күнү деле той маарекелерден калбай өзү таптаган атын минип алып барып жүрөт.

Рысбай аба өзүнүн чоң атасы Зикир балбан туурасында да айтып калат. Ал да акылга сыйбаган ээси болгон экен.

Бир жолу Торойчудагы маарекеде Зикир балбанга Эргеш балбан келип: "Мен сиз менен эңишсемби дедим эле"- дей берет. "Жармашып эле калдың, жүр эңишсек эңишели"- дейт Зикир балбан. Зикир балбан Эргеш балбандын салааларын кармап туруп болгон күчү менен кысканда салааларынын учунан кан тамчылап кеткен Эргеш балбан Зикир балбандан жеңилген экен.

Дагы бир Ылай-Талаадагы маарекеде эр эңишке Зикир балбан ошол жерден эле 80 боо чөптү бир таңып көтөрүп келе берген экен.

Рысбай ата табиятынын жөнөкөй, сабырдуу, жалган сүйлөгөндү жактырбаган жан. 75ке келгенче бир да жолу кызыгып деле арактан сеп этип, чылымдын түтүнүн оозунан үйлөп көргөн жок. Той маарекелерде чогулган элди кыраанкаткырыкка салып, өзүнүн башынын өткөн күлкүлүү окуялардан кеп салып отурат. Өзүнүн элине эле эмес бүтүндөй түштүк регионго кадыры сиңген, абройлуу, сөзгө чечен адамдардын бири.

Анан да мен тим эле куюлуштура сүйлөгөн ораторлугун байкадым. Жашы 75ке барып калса да жаштардын көтөргөн демилгесине, жасаган иштерине дайыма кызыкдар болуп, кеп кеңешин бере жүрөт.

Учурда баланын атасы неберееге чоң ата, чоң эне. Жалганды жактырбаган мүнөзү бар. Курал көтөргөн душмандан да жалган сүйлөгөн душман деп калат.

## Пазылов Аамат ажы



1936-жылы Кара-Булак айылында төрөлгөн. Кичинесинен ата-энесинен ажырап жетимдикти башынан кечирди. Ал кезде ата-энелүүлөр деле жыргап, жарытып ичип, кийип жашаган учур эмес болчу. Бирок бүтүндөй дүнүйөгө алмаштыргыс ата-эне мээриминен Аамат аке өксүп, бала күнү таятасы Кадырдын үйүндө өттү. Кадыр анын жетимдигин, жээндигин билгизбей, мектепке балдардын катарынан калтырбай жөнөтүп. «Ушул да жетилээр», - деп орто билимге эгедер кылды. Албетте, таятасы Кадырдын эле - жөлөмөсү эмес, жаш баланын да

ичин уйгу-туйгу кылган максат- тилеги эле. Ошентип, ал 10-классты Куршабдагы Сталин орто мектебинде бүтүргөндөн кийин Москва шаарында үч жыл алты ай аскердик кызмат өтөп, 1958-жылы кайтып келет.

Чымырканып күчкө толуп, тээ Москваны көрүп келген элеттик жигит өзү туулуп өскөн айылдын да бир аз ирденип калганын көрүп, жаңы замандын жытын искеп, көңүлү балкыды. Айылдагы жөн гана жашаган адам болуп эмес, ошондой адамдар үчүн жашоону чечип, Каравандагы СПТУга окуу үчүн кетет.

Ал жакта техникадан маалымат алып, трактор айдаганды үйрөнө баштаганда, бул кесипти тандоодо жаңылбагандыгын сезип, кудуңдап сүйүнүп калган.

Ошол күндөрдө элеттеги карапайым элдин арасында: «Өкмөт комбайн деген нерсе чыгарыптыр, анысы биз орок менен оргон эгинди уй тили менен чөп жалмагандай жалмайт имиш. Анан жанагы трактор деген немеси артынан эле жерди казып кетет имиш. Кош да айдабай калат окшойбуз», - деген аныз кеп кеңири тараган эле.

Ал учурда Караванда окуп жүргөн Аамат абанын окуусу аяктап, трактор айдоону өздөштүрмөк турсун, Кара-Булактын дың жерлери көздөн учуп жүргөн убагы.

Ошентип, күндөрдүн биринде айылдын этегинде келе жаткан трактордун үнү Токбай-Атага жаңырып, айылдын башынан угулуп турду. Өмүрү Кара-Булактан андай күрүлдөгөн үн укпаган Шералынын күздөөсүнүн үстүндөгү жайылган кой-эчки кулактарын тикчийтип, өйдө көздөй жапырылып качып калышты. Ал эми айылдын этегиндеги бурумдагы камышта оттоп жаткан бир топ жылкы эчак эле белди ашып кеткен.

«Баягы биз уккан трактор окшойт», - дешип айылдын аял-эркеги, бала-чакасы дебей, ар көчөдөн агылып, айылдын этегине жүгүрүштү. Жол боюнда токтогон трактор, анын ичинде Аамат аба. Чогулган эл Аамат аке трактору менен космостон жаңы түшкөндөй жабалактайт. Бир даары

кубанычы койнуна батпай, трактордун жолундагы табылгы, караганды буту менен тепкилеп, колу менен жулкулаган болот.

Аамат аке артынан айылдын элин бүт ээрчитип, окуп жүргөндө терезени телмире тиктеп отурганда элестечү Калинин колхозунун дың жерин көздөй кетти…

Ошол күндөн баштап Калинин колхозунда Аамат аке көптөгөн жылдар бою тракторист болуп иштеди. Бир канча дың жерлер өздөштүрүлдү, кайрак жерлерге да кылкандуу дан өсүмдүктөрү эгилип ишке киргизилди. Ал эле эмес Аамат аке жумушун сүйүп иштеп, тракторду эрте жүргүзүп, кеч токтотуп жумуш күнүнүн мөөнөтүн узартып “Жаздын бир күнү кыштын жүз күнүнө тете” деп эгин себүүнү колхозго мөөнөтүнөн мурда бүтүрүп берчү. Эрте себилген эгин жазгы жаандан улам күзгө барганда жерге ийиле түшүмү мол болчу.

Иштерман киши кайсы жерде болбосун, иштерман болот окшобойбу. Колхозго тракторду тапшырып бергенден кийин, колхоздун коюн бакты. Мында дасиңирген ишинин үзүрүн көрүп жүрдү. Ошондогу колхозго акыбети бүгүн балдарынан кайтып отурган өңдүү. Уулдары 2006-жылы Аамат акени Аравияга зиярат кылып келүү үчүн жөнөтүштү.

Учурда байбичеси Салима эже экөө он эки баланы чогуу тарбиялап, өстүрүшүп, уул-кыздарынын төрүндө бактылуу карылыкты башынан кечирип жатышат.

Аамат абанын тарбиялаган балдары бүгүнкү күндө элдин кызматында. Сегиз уулу бирдей эстүү чыгып, бири да Аамат абанын тарбия сызыгын бузбады.

## Каримов Абдылда



Каримов Абдылда 1950-жылы Совет районуна караштуу Калинин колхозунда жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1957-жылы 1-класска окуп, 1967-жылы Оштогу Салиева атындагы орто мектебин ийгиликтүү аяктаган. 1968-жылы Самарканддагы кооперативдик институттун экономика факультетине тапшырып, 1972-жылы аталган институтту ийгиликтүү аяктап, эмгек жолун 1972-жылы Совет керек-жарак коомунда эсепчи болуп иштөөдөн баштаган.

1974-жылы Өзгөн районундагы Өзгөн керек-жарак коомуна караштуу даярдоо конторасында башкы эсепчи кийин айтылган иш Канада жетекчи болуп иштеген.

1980-жылы Ноокен районундагы Ноокен керек-жарак коомуна караштуу даярдоо конторасында жетекчи болуп, үзүрлүү эмгектенген. 1987-жылы өкмөт менен партиянын жолдомосу менен Өзгөн районуна караштуу Мырза-Аке керек-жарак коомуна башкарма болуп дайындалып, өмүрүнүн акырына чейин ошол жерде кызмат өтөп, 1994-жылы 3-апрель күнү 43 жаш курагында дүйнөдөн кайткан.

Каримов Абдылда көзү тирүү убагында кайрымдуулук иштерин өтө көп жасаган, балдар бакчасына, мектептерге жана Калинин колхозунда жер көчкү жүргөн убакта, жер көчкүдөн жапа чеккен жарандарга жардамын аяган эмес.

Каримов Абдылданын үзүрлүү эмгегин баалап, өкмөт менен партия бир нече жолу райондук, областтык жана республикалык керек-жарак коомунун ардак баракчалары менен сыйлаган. 1992-жылы Кыргыз керек-жарак коомунун башкармалыгы тарабынан Каримов Абдылдага сооданын отличниги деген наам ыйгарган. Ал партиялык уюмдун

секретары жана кыргыз керек-жарак коомунун жана областтык керек-жарак коомунун башкармалыгынын мүчөсү болгон. Бир нече жолу айылдык жана райондук Советке депутат болуп шайланган. Абдылда Каримович беш баланын атасы болгон.

Дайра күчөп күүлөнүп аккан сайын,
Тулпар туйлап чуркаган чапкан сайын.
Эр азамат эл-деген элин ойлоп,
Эл ичинен-аброй тапкан сайын.
Өзүң менен өткөргөн өмүр күбө,
Өмүрлөшүм өрнөгүм мага дайын.

Адам калбай-сөзүңө ынанбаган,
Аттиң арман Абдылда азга жашап.
Өмүр жашың кылымга уланбаган,
Айла барбы бакчага атың койдук.
Адам барбы көз жашы кулабаган?!

**Каримова Анаркан.**

## Ысак уулу Шамшидин 1. 01. 1935-жыл



Сарыбээ айылында туулган . Ал жаш кезинен ыймандуулукту туу туткан, ошонун натыйжасында 1945-жылдан Мырзаке районунун Акжар совхозунун Кузгун участкасында 6 жыл, 1952-жылы Өзбекстандын Андижан областынын Коргон –Төбө Районунун Акбулак ата кыштагында 6 жыл, 1958-жылдан Коргон –Төбө районунун Айым кыштагынын Көкөлөң айылында 12 жыл мусулман дини боюнча илим алган. Жалпы эле

өзүнүн багытындагы илими боюнча Кара Кулжа өрөөнүндөгү эң кадыр барктуу эл сыйлаган таксыр наамына жеткен.

1970-жылдан туулуп өскөн айлында имамдык кылып келе жатат. 2000-жылы ажылык сапарга аттанып ажы болуп келген. Мурун «карым» деп атасак, эми «ажым» деп кайрылабыз.

**Ысак уулу Жусуп 11. 06. 1934**



Сарыбээ айылында туулуп өскөн. Жашы жеткенде Советтик Армиянын катарын аскердик милдетти аткарган. Калган жылдары бүт бойдон "Кызыл-Байрак" колкозунун №2 Сарыбээ бригадасында төрт түлүк малдын бардык түрүн баккан. Анын ичинен өзгөчө жылкычы болуп көп жыл талыкпай эмгектенген. Эмгегин жогору баалаган совет өкмөтү 1986-жылы "Эмгек Кызыл жылдыз" ордени менен сыйланган(№1237382). Ошондой эле "Эмгек даңкы" орденинин ээси болгон (№359996). Пенсияга чыккан.

Жолдошу-байбичеси Жамбы экөө Батма, Зуура, Камардин, Камардин, Камбар, Жакут, Абдилазиз, Кундуз, Саадат, Муцбаракан, Миргүл, Минаш аттуу уул-кыздуу болушкан.

**Сатыбалдиев Согушбек (1943-1997)**

1943-жылы 20. 01 Кара –Кулжа районунун Сарыбээ айлында туулган. «Кызыл-Жол» орто мектебинен 10 жылдык билим алган. 1962-жылдан 1964-жылга чейин Фрунзедеги финансыкредит технукумун аяктаган.

Эмгек жолун райондук оруканада башкы эсепчинин жардамчысы болуп ишин баштаган. 1965-жылдан 1970-жылга чейин КМУнун эл чарбасынын экономика факултеттин аяктаган. 1970-жылдан 1976-жылга чейин Кызыл –Байрак калхозунда башкы бухгалтер, 1976-1978-жылга чейин КРУда ревизор, 1979-1986-жылга чейин «Кызыл-Байрак» колхозунун парткомунун секраттары1986-жылдан 1988-жылга чейин Капчыгай айлынын айыл советинде сельсоветтин төрагасы. 1989-1991-жылга чейин «Кызыл-Байрак» колхозунда башкы бухгалтер . Өз өмүрүндө айыл чарбасынын өнүгүшүнө зор салым кошкон. Үзүрлүү эмгеги үчүн бир нече медалдар жана Кыргыз Республикасынын прездумунун ардак граматалары менен сыйланган. Айылдык кеңешке, райондук кеңешке бир нече жолу депутат болуп шайланган. Эмгектин ветараны.

## Кадыров Тилеш



Элдин ырысына ачуу чеңгелин салган согуштун кесепетинен көпкө чейин элдин жашоосу ачырчылыктан баш көтөрө албай келди. Эгин талаа-ларында таңдан кечке чейин иштеген жаш бала каары-картаң жана аялдар согуштан кийинки ачарчылыктын кесепетин тартышып, бир уйдун сүтүн бир казан сууга кошуп, ошону бир айыл бөлүп ичип, каниет кылып жүргөн учур да болду.

Улуу Жеңиш бүтүндөй Совет элине дем күч берип, завод,

фабрикалар түптөлүп, күн өткөн сайын жаңы замандын шооласы жаркып, колхоздордо эмгек шаңы жаңыргансыды. Бүт колхоздун түйшүгүн эки колу менен гана бүтүрүп, келе жаткан карапайым элдин бешенесине эмгек техникалары алыскы колхоздорго чейин жетти.

Бул жаңылык билим алып жаткан жаш муунду жаңы заман курууга милдеттендирип койдубу айтоор 10-классты бүтүп эле тим болбостон, билимин дагы тереңдетүү максатында, шаарга агылган жаштардын саны көбөйдү. Көз ачып жумганча баягы кыштактан окууга кеткен оромолчон кыздар, туурук бет жигиттер кадыресе колхоз суусап турган илим-билимдүү, маданияттуу кадр болуп кайтып айылына келе башташты. Ошолордун катарында баягы окуу десе оюнун да токтото салып, жүгүргөн Кадырдын уулу Тилеш да бар эле.

Ал 1946-жылы Кара-Булакта төрөлүп, 7-класска чейин Тегерек-Сазда окуп, 10-классты Куршабдагы Сталин орто мектебинен бүтүрдү. Мектепти бүткөндөн кийин кайра Кара-Булакка келип, Калинин колхозунун өндүрүш чарбасында эки жыл иштеп, андан кийин Кызыл-Кыя шаарындагы медициналык училищага окуганы кетет.

1964-жылы ал окуу жайды бүтүрүп, Кара-Кулжа райондук кадр бөлүштүрүү бөлүмүнүн чечими менен Киров колхозунун ооруканасына фельдшер-акушер болуп иштөө үчүн жөнөтүлөт. Андан кийин өзү туулуп өскөн Кара-Булакка келип, Калинин колхозунда Комсомол комитетинин төрагасы болуп иштеп жүрүп 1977-жылы Фрунзедеги (азыркы Бишкек) К. И. Скрябин атындагы Айыл Чарба Институтунун бухгалтердик эсептөө бөлүмүн сырттан окуп бүтүрөт. 1975-жылы айыл чарбанын механизация бөлүмүндө бухгалтер болуп жумушка кирет. Ошол учурда колхоздо Эшенбубаев Абиласан башкы бухгалтер болуп иштечү. Тилеш аке өзү элдин иши өтө жоопкерчиликти талап кылаарын билип, эл арасында жүзүм жер карап калбасын

деп, дайыма ишине так эле. Ушул сапатты ал өзү менен чогу иштеген Эшенбубаев Абиласандан көрө алды.

«Ал Калинин колхозу өтө экономикасы төмөн, айыл чарбасынын өнүгүүсү чабал колхоздордун катарында калганда келип, бат эле колхоздун өнүгүшүн шарттай алды. Кийин ал «Ленинчил-Жаш» колхозуна которулуп кеткенде гана анын өзгөчө мыкты адис экени байкалып калды», - дейт Тилеш аке.

Ал өзү да колхоздо эң жоопкерчиликтүү жумуштарды аркалап, өмүрүнүн орчундуу бөлүгүн тандаган кесиби фельдшер-акушерликке арнады. Бирок ал тажрыйбалуу дарыгер катары ар кандай диагноздогу оорулууларды кабыл ала берчү. Тээ тоо койнундагы айылдык дарыгердин койгон диагнозу борборго барса да туура чыгып жүрдү. Бир дагы диагноз туура коюлбай калганы анын иш тажрыйбасында болгон жок. Бул албетте Тилеш акенин тажрыйба топтоодо көп изденүүсүнүн натыйжасы эле. Андан соң ал колхоздун почтасында эки жыл кассир болуп да иштеди. Бул учурда эл Тилеш акенин дарыгерлик жардамына муктаждыгы күч алып, элдин сураныччы менен өзүнүн биринчи адистиги боюнча кайрадан дарыгер болуп иштеп калды.

Тилеш акенин колунан даба тапкан бейтаптар гана эмес, мамлекет да анын ишинин ийгиликтүүлүгүн көз жаздымда калтырбай баалап келди. Буга мисал:

«Медицинанын отличниги» төш белгиси

«Жогорку категориядагы фельдшер» наамына ээ болгондугу.

Учурда Тилеш аке жергиликтүү элдин жөн гана абройлуу адамы эле эмес, жаны бир аз табынан тайса дабасын таба турган Улукманы болуп, элинин саламаттыгын коргоп келүүдө. Ардактуу эс алууга чыкса да Кара-Булак айылындагы №9 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунда иштейт. Байбичеси Көбөй экөө бир уул, бир кызга ата-эне он эки небере алты чеберге кадырлуу чоң ата, чоң эне. Аны өзүнөн кийинки муун тек гана дарыгер катары эмес чынчыл,

бой көтөрбөгөн, жан дүйнөсү таза, карапайым киши катары билип да, баалап да келишет.

## Маманов Алтымыш



Алтымыш аба өмүрүнүн 38 жылын техникага арнап, темирди камырдай эле ийлеп жүрүп, эс алууга чыкты.

Ал 1946-жылы 25 - августта Кара - Булакта төрөлгөн. Мектеп жашынажеткенде, эски Шералынын мечити мектеп болуп, ошол мектепке 1-класска кирген. Мектепте сабакты жакшы өздөштүрүп, мугалимдердин көңүлүнө толуп, мыкты окуучулардын катарын толуктады. 10-класста окуп жүргөндө 1963-жылымектептин атынан Фрунзе (азыркы Бишкек) шаарында өткөнКомсомолдор слетунун делегаты болуп катышкан. Мектепти аяктаганданкийин ушул эле колхоздун айыл чарбасына жумушка орношот. Ал күнүгө жумушка келгенде кол алышып учурашып, бири-бирине көмөктөшүп жүргөн өзүнө окшогон кесиптештеринин купулунатолуп, алардын сыйына бөлөнүп жүрөрэле.

Алтымыш аке сегиз жыл катардагы трактористиктажрыйбасынын негизинде 1973-жылы механик болуп дайындалды. Ал кийинкикелген жаш айдоочуларга кеңешчи болуп гана тим болбостон, аларга билбегенин үйрөтүп, жардамын аябас эле. Жумуштан сырткаркы убактысын чарчадым дебей эл ишине арначу. "Ошентсең гана эладамы болосуң", - деп элдин ишин дайыма

өзүнүн ишинен жогору коер эле. Элдин өзү калыс эмеспи, ушундай мүнөзүнүн артынан бүгүн абройлуу адамдардын катарына кошулуп отурат.

Алтымыш аба таман акы, маңдай тер менен гана тиричилик өткөрүүнүбаалап келет. Ал механик болуп 10 жыл иштеди. Андан кийин 8 жыл кампа башчы болупиштеди. Андан тышкары мектепте 8 жыл тракторго киришүү сабагынан сабак берип да жүрдү.

Колхоздо иштеп турганда эң жакшы, үлгүлүү иштеп, жетекчилердин купулуна толуп ардак тактада сүрөтү илинип турчу. Алдыңкыэмгекчилердин катарында ал да көптөгөн грамоталардын ээси болду.

1992-жылдан телекомдо механик болуп 1999-жылга чейин иштеп, ардактуу эс алууга чыгат. Андан кийин ширетүүчүлүк менен үйүндө алектенип жүрдү.

2005-жылы жогоруда айткандай Алтымыш аба өзү маңдай тери менентоптогон каражатына Аравияга барып, ар бир мусулман үчүн парз болгонажылык парзын аткарып келди.

Алтымыш абанын азыр айтууга оңой болгону менен ошондогу түйшүктүү, оор жумушту аркалап келгендигин бүгүн мамлекет дагы баалап, эң жогорку баскычтагы пенсия алып жатат. Айылда кадырлуу, абройлуу аксакалдардынбири. Неберелерин эркелетип, беш убак жаратканга ибадат кылып, кыз-уулдарынын урмат сыйында.

Жаштайынан атасы менен темирге аралашып, техниканы оңдоонуөздөштүрүп алган уулу Кубаныч аке айылдагы үйүндө ширетүүчүлүк мененалектенип, элдин машина, техникаларын оңдоо менен ата кесибин улантууда.

## Сатыш уулу Жусуп

1954 - жылы Токбай - Талаа айылында төрөлгөн. 1961-жылы Токбай-Талаанын төшүндөгү (азыркы М. Абакиров атындагы) төрт жылдык мектепке 1-класска кабыл алынган. 10-классты ушул эле айылдагы "Ленинчил - Жаш" орто мектебин 1971 - жылы бүтүрүп, "Ленинчил - Жаш"колхозунун өндүрүш чарбасында эмгектенип жүрүп, кийин колхоздун төрттүлүк малын өнүктүрүүгө салым кошуу максатында, кой чарбачылыгын тандап алып, ары жоопкерчиликтүү, ары түйшүгү мол жумушка өмүрүнүн көп бөлүгүн арнады.

Ал бир туугандары менен чоң энеси Жумакүлдүн тарбиясын алып эрезеге жетишти. Жумакүл чоң эне айылдагы аялдарга сөзү, кылган иштери, жүрүм - туруму менен үлгү боло турган, сезимтал, зирек жан болуп, анча - мынча алдын ала көрө билгичтиги да бар экен. Неберелерине тарбия берүүдө дайыма отургузуп алып, көбүнчө ынтымак тууралуу кепсалчу. "Анын ар бир сөзү жандуу, маңыздуу, уккулуктуу болчу", - дейт Жусуп аке. Анын айтымында атасы Сатыш аба өзүнүн замандаштарынын, теңтуштарынын айтуусунда жанда жок кичипейил, ушунчалык монун, жан дүйнөсү наристеникиндей аруу адам эле. Ал өзүнүн балдарына: "Асманда бүркүт учуп жүргөнүн көрсөңөр, аны бирөө карга десе, карга деп койгула кеп талашып отурбай" - деген экен. (Бул адамзатта чанда кездешүүчү мүнөз).

Ал тургай Сатыш абанын ушунчалык момундугунан "Момунду теңирим колдоптур" дегендей бүгүнкү күндө анын балдарын теңир колдоп, колдоруна кут, баштарына оомат болуп кайткан өңдүү.

Жусуп акенин апасы Бөйтө эже да тулку бою аялзатына тиешелүүкасиеттерге тунган өзгөчө аял болгонун ушул айылдагы көпчүлүк эжелерденуктум. Ал

эле эмес жаңы келген жаш келиндерге турмуштун тажрыйбасы мененбөлүшүп калаар эле. Бөйтөй эже басса-турса тек гана балдарынын амандыгынтилеп тим болбостон, алардын турмушта бир жаңылык жаратып, жашоонуүйрөтүп, элдин уулу болуш керектигин айта жүрчү.

Ата сөзүн амал кылып, эне сөзүн жерге таштабай бир жакадан баш, бирженден кол чыгарып ынтымак - ырашкерликте ата - энесинин тилегинорундатышып, элдин уулу болуп отурушат. Анан да Жумакүл чоң эненин дайыма кулагына сиңире ар дайым айтып жүргөн акыл сөздөрү менен Акылаке, Пазыл аке, Жалил аке, Раимкул акелер: "Кеңешип кескен бармакоорубайт", - дешип, эң улуусу Жусуп аке менен кеңешип иш тутушат. Өздөрүнөтиешелүү бизнестери менен алектенишип, кез-кезде айылга келип калышкандаЖусуп акенин көрсөтмөсү менен айылдын да кемкарчына өз салымдарын кошупкелишет.

Жусуп аке бүгүнкү байгерчилик замандын эл ырысына насип эткенинежаратканга миң мертебе ыраазы. Бирок да ал төгүн - чачын болгон ысырапкерчиликтен коркот. Көпчүлүк чогулган жерде ушуну көп сөз кылат. Ал эле эмес элдин алдында айрым элдин көйгөйүн кабыргасынан коюп, көтөрүп чыкмайы да бар.

Айыл аксакалдары чогулуп кандайдыр бир маселени талкуулай турган болсо, ошол элдин чечкиндүү, туура сүйлөгөн орто муундун өкүлү катары Жусуп акени да бала чуркатып чакырттырып калышат.

Учурда Жусуп аке өзүнүн балдарына эле эмес, өзүнөн кичүү бир туугандарына да насаатын айтып жубайы эже неберелерине бактылуу чоң ата, чоң эне болуп отурушат.

## Шерматов Сатимбек Матмусаевич

1929-жылы 23-февралда Кара-Кулжа районунун Сай айылында туулган. Ал "Кызыл-Жол" орто мектебин бүтүрүп эле 15-16 жашында Ой-Тал, Сары-Бээ сыяктуу алыскы айылдарда мугалим болуп иштөө менен эмгек жолун баштады. Сатимбек агай 10 жылдык өмүрүн Алайкуу өрөөнүнүн элинин сабаттуулугун жоюуга арнап, бирок күн өткөн сайын эмес, саат санап өзгөргөн заман Сатимбек агайдын мектептеги орто билимине канааттана албай калган өңдүү туюлуп, ал билимин жогорулатуу максатында Ош Педагогикалык Институтунун физика – математика факультетине тапшырып, 1960 - жылы бүтүргөн. Андан кийинки эмгек жолун 1961 - жылы Ош шаарындагы № 16 кесипчилик техникалык окуу жайында директордун окуу иштери боюнча орун басары



болуп 1967-жылга чейин эмгектенген.

1965-жылы партиянын Ош шаардык комитетинин Марксизм жана Ленинизм университетин, 1970-жылы философиялык факультетин бүтүргөн. Партиянын

мүчөлөрүнүн эң алгачкыларынын бири эле. Ал Ош шаарындагы бир нече уюмдардын, мүчөсү болуп, коомдук иштерге жан дили менен катышчу. Сатимбек агай жаңы заманды курууга өзгөчө салым кошо турган билимдүү жаштарды тарбиялоодо, чыныгы нукура билими, ар кандай изденүүлөрдөн жыйнаган тажрыйбалары, талыкпай иштеген эмгеги үчүн бир нече жолу Илим жана Билим Министрлиги тарабынан көптөгөн мактоо баракчаларга ээ болду.

Ал тек гана жаштарга билим берүү менен эле чектелбестен, чыгармачыл өнөрлүү жан болгон. Кез - кезде ички туюмун кагаз бетине тизмектеп, поэзиянын деңизине чумкуса, бир туруп комузда кол ойнотуп, черин, чарчоосун жазып калчу, анан да ата кесибин улап устачылык менен да алектенип, айыл элинин кээде устанын көмөгүнө муктаждыгын чечип берер эле. Кээде чогулган жерде отурган элди күлдүрүп, жамактап ырдап калганын аны менен бирге жүргөн замандаштары айтып калышаар эле. Ал санжыраны өзгөчө ык менен куюлуштура айтып, андагы белгилүү инсандардын өмүр таржымалын да иликтечү. Сатимбек агайдын дагы бир өзгөчөлүгү ал орус, өзбек, түрк, араб тилдерин эркин түшүнүп, которуп жаза алган.

Ал 1976-жылы өзү туулуп өскөн Сай айылына барып, ушул эле мугалимдик кесипте өмүрүнүн аягына чейин иштеди.

**Салиев Орозмамат**



1950-жылы Сай айылында төрөлгөн. 1959-жылдан 1965-жылга чейин Кара-Кулжа районундагы азыркы Ш. Жээнбеков атындагы мектеп интернатта 8-класска чейин билим алган. 10-классты Сай айылындагы «Кызыл-Жол» орто мектебинен бүтүргөн. Мектепти бүткөндөн кийин, Карл Маркс атындагы колхоздун өндүрүш чарбасында

бир жыл эмгектенген.

Атасы Салинин үйдө таптап минчү таза кандуу, кыргыз databases пародасындагы аты боло турган. Кичинесинен атасынын атын минип, ат жалында чоңойгон Орозмамат аке, мал чарбачылыкка кызыгуусу артып, ушуга байланыштуу кесипке ээ болууну көздөп жүрчү.

1968-жылы өзү ойлогондой Фрунзе (азыркы Бишкек) шаарындагы Скрябин атындагы айыл чарба институтунун зоотехния факультетине тапшырып, 1973-жылы окумуштуу-зоотехник деген адистикке ээ болгондон кийин Фрунзе шаарындагы, республикалык ипподромдо башкы зоотехник, өндүрүш бөлүмүнүн башчысы болуп эки жыл иштеди.

Ошол жерде иштеп жүргөндө дайыма демалыш күндөрү ал жерге Кыргызстан КПБК Биринчи секретуары Турдакун Усубалиев ат минип эс алууга келчү. Ал ошол жерде иштеген балдардын ичинен атта жүрүүнү эң жакшы өздөштүргөндүгү үчүн, дайыма Орозмамат акени өзү менен чогуу ат минип эс алууга чакыраар эле. Орозмамат аке ипподромдо иштеп жүргөн учурунан бир элес катары Турдакун Усубалиев менен чогуу ат үстүндө эс алганын айтып калат.

1975-жылдан 1979-жылга чйеин Өзгөн районуна караштуу «Яссы» совхозунда селекционер-зоотехник, башкы зоотехник болуп иштеген. Орозмамат аке ушул эле адистик боюнча Карл Маркс атындагы колхоздо он төрт жыл эмгектенди. Андан кийин «Кызыл-Жол» айыл чарба кооперативи нин башчысы, Ылай-Талаа айылдык кеңешинин төрагасы, кийинчерээк айылдык кеңештин төрагасынын орунбасары болуп эмгектенди.

Жогоруда айтылгандай Орозмамат аке элет турмушунун ар тараптуу өнүгүшүнө тек гана сырттан күйбөстөн, ошол маселелердин эң башында өзү туруп, аягына чейин бүтүрөөр эле.

2003-жылдан баштап ал элет элинин көңүл чордонундагы чечилбеген иштерди жеке өзүнүн көзөмөлүнө

алып, аны чечүү үчүн ар кандай проектилерди колдоочу чет элдик компаниялар менен партннрдук негизде иштей баштады. Орозмамат акенин өз колу менен жазылган жети долбоор элдин жашоосундагы эң зарыл социалдык маселе болгон үчүн жетөө тең колдоо таап, эл ее көңүл жылытарлык жемишин берди. Анын ичинен айрымдарын атап айтсак:

1. Айылдагы мончону ишке киргизүү.
2. Маалымат борбору: (төрт компьютер, бир принтер, көчүрмө чыгаруучу аппарат, факс, түстүү телевизор, видеомагнитофон)
3. Мектептин жолдорун оңдоо
4. Дарыкана
5. Гидро тармактарын пайдалануу
6. Элди таза суу менен камсыздоо
7. Клубду, ооруквананы калыбына келтирүү.

Орозмамат акенин бир өзгөчөлүгү мектеп жашынан бери эле күн режими менен жашап келет. Күнүгө эртеңки күн үчүн күн тартиби түзүлүп, ага өзүнүн алдына койгон бир күндүк иштердин программасын киргизет. Эртеси ошол күнгө түзүлгөн программаны эртеңки күнгө калтырбоо үчүн, ар биринин үстүнөн милдеттүү түрдө иш жүргүзүп бүтүрүүгө аракет кылат.

Ушундай өзгөчө ыкма менен көптөгөн ийгиликтерге жетишип элдин алкышына арзып, мактоолоруна ээ болуп, элдин уулу болуп олтурат.

Орозмамат аке жогорку окуу жайда окуп жүргөндө СССРдин Министрлер Кеңешинин алдындагы Дене-тарбия жана спорт Комитетинин буйругу менен «СССРдин спорт мастери» наамына ээ болгон.

Албетте таң калыштуу Тоо койнундагы элетте өсүп чоңойгон бала кантип эле ушундай деңгээлге жетип калсын?. . . Орозмамат аке:«Биз көчөдө ойноп олтуруп эле эки-экиден күрөшө кетчүүбүз бала кезде. Бирок мен жыгылчу эмесмин. Өзүмдүн бир ыкмаларым боло турган. Ошол ыкманы пайдаланып эле балдарды жыгып койчумун», - дейт. Кийин

Кара-Кулжадагы мектеп интернатка барса ал жерде Шералы Назаркулов да окуйт экен. Ал жаңы барган Орозмат акени көрүп: «Сен мени менен күрөшөсүңбү?», - дейт. Экөө күрөшө кетип, Орозмамат аке Шералы акени жыгып коңт. Ал кайрадан «Сенин боюң кичине болуп эмнеге мени жыгасың», - деп көкүрөгүнөн түрткүлөп, дагы күрөшө кетишет да, дагы жыгылып калат. Ошондо ордунан тура калып Орозмамат акени мойнунан кыса кучактап «дос болобуз»-деп достошуп кетишкен. Орозмамат аке да Шералы Назаркуловдун окуу десе ичкен ашын эле жерге койбостон, түн уйкусунан да кечип жиберген ал ушунчалык зирек, куйма кулак, көп изденген, активдүү окуучу болгонун дайым эстейт.

Кийин студент болуп жүргөндө II курста түштүк регионго пахтага келишет. Бир күнү Алымсеитов Болот деген таластык жигит аны күрөшкө чакырып, тилекке каршы өзү Орозмамат акеден жыгылып калат да: «Сенин өздөштүргөн ыкмаларың өзгөчө экен, мен сени Виталий Степанович деген тренериме алып барам», - деп аны менен тааныштырат. Ошол күндөн баштап Орозмамат акенин бир иштин артынан түшсө өжөрлөнүп, андан бир көңүл толо турган ийгилик жараткыча жармашып эле калмайы, спорт жаатында да ушундай деңгээлге көтөрүлүшүн шарттады.

Көрсө, баягы Орозмамат акенин көчөдөгү балдарды көтөрө чапкан ыкмасы кудум эле классикалык күрөштүн бирден бир өзгөчө ыкмасы менен дал келет экен. Ушул ыкма менен көптөгөн десем аздык кылаар, ар бир болуп өткөн ЖОЖдор аралык классикалык күрөштүн мелдештеринде бирдей салмактык категориядагы атаандаштарын килем үстүндө жыгып, биринчиликти колунан чыгарган жок. Албетте бул республикалык деңгээлде эле эмес, Бүткүл Союздук ЖОЖдор аралык болгон мелдештеги ийгилиги эле.

Алардын айрымдары:

1. 1971-жылы Казакстан Республикасынын

Көкшетау шаарында

2. 1971-жылы Украина Республикасынын Запарожие шаарында
3. 1972-жылы Россиянын Саратов шаарында
4. 1973-жылы Беларусь республикасынын Минск шаарында
5. 1973-жылы Түркмөнстан Республикасынын Ашхабад шаарында
6. 1974-жылы Казакстан Республикасынын Семипалатинск шаарында

Орозмамат акенин дагы бир зор ийгилиги ушул Эшей уругунун санжырасынын кол жазма түрүндөгү жыйындысын көп убакыт көз майын коротуп, схемага түшүрүп, структурасын түздү. Муну ал өзүнүн эле эмес бүтүндөй Эшей уруусунун жеңиши деп билет. Орозмамат аке ушул китептин жарык көрүшүнө бирден-бир түйшөлүп, тыгчсызданган адам болду. Бүгүнкү күндө ал эки уул, эки кыздын атасы. Келинчеги Гүлайбү эже 35 жылдан бери Кызыл-Жол орто мектебинде башталгыч класстын окуучуларына билим берип, эл агартуунун отличниги болду. Учурда ардактуу эс алууда.

Орозмамат аке өзү өңдүү эл камын жеген жаш муундарга кеңешчи, жол башчы, ал эле эмес бул кишинин «Толубай Сынчы» деген аты эле болбостон, кудум Толубай Сынчыдай жылкы жаныбарын бир карап туруп эле кандай бээден туулганын, таскагын, тукумун, жашын жаземдебей таамай айтып, ооруларын бир карап эле билип берет. Дале Орозмамат акеден кеп-кеңеш сурап келген-кеткендердин аягы суюлбай дайыма эшиги ачык, Гүлайбү эженин дасторкону да жайык.

Эли да анын ден-соолугун, өмүрүн тилеп дайыма сыймыктанат.

## Асыранов Жаңыбай Назарбаевич



Мен Асыранов Жаңыбай Назарбекович 1958-жылы мурдагы совет районунун Кара-Кулжа айылында төрөлгөнмүн. Окууну ошол Кара-Кулжа совет мектеп интернатында 1-8-класска чейин 1966-жылдан 1974-жылга чейин окудум. 1974-76-жылдары Кара-Кулжа орто мектебин аяктадым. Андан кийин 1976-81-жылдары Фрунзедеги политехника институтунун инженердик куруучулардын адистик окуусун бүтүрүп. Ошол кесипке ээ болдум. 1981-жылдан 1991-жылга чейин совет ПМКсында мастер пророп начальник башкы инженер болуп иштедим. Союз таркагандан кийин элет чакан иш канаасын ачып анда директор болуп иштедим. Андан кийин 2005-жылга чейин “Залкар ЮК” деген курулуш фирмасында генералный директор болуп иштедим. 2005-жылдан баштап 2008-жылга чейин 3 жыл аралыгында Кара-Кулжа районунда аким болуп эмгектендим. 2008-жылдан 2010-жылга чейин 2 жыл Жалаа-Абад областынын Базар коргон районунда аким болуп эмгектендим. Эми негизинен өйдө ылдыйы бар, элге жагыш кыйын, колдон келишинче аракет кылып 2005-жылы өзүңүз билесиз революциядан кийин Кара-Кулжа топ-топ бөлүнүп ар ким өздөрүнчө аким шайлайбыз деп 11 кандитатура көрсөтүлгөндөн кийин алардын ичинен мени акимдикке эл тандады. Мен өткөндөн кийин элге кызмат кыл деп каалоо тилегин айтып райондо бир топ алгылыктуу иштерди жасадым. Ал убакта Райондун акыбалы өтө оор эле. Ошол центрде 25 млн дук чоң таза суу программасындагы ичип жешип элге суу толук жетпей калгандан кийин аны реканструкциялоо ишин аткардык. 2006-жылдары Алайкуу жолунда оор кар түшүп көчкү көчүп 22 күнгө Кара-Кулжа Көгарт жолун 100 км жолду 22 күндө

тазалап элге өз убагында жардам бере алдык. Ал убакта убакта шарт оор эле верталет жок бардыгы кыйрап калган. Элге жеткириш свет жок телефондор бардыгы үзүлгөн кыскасы оор кыйынчылыктардан алып чыгып кеттик. Андан сырткары ушу 7 жыл Буйга айылында көпүрөлөр жок экен көпүрө салып бердик. Беш кемпирге чейин СТО менен жол салдык 1990-жылдан 15 жыл жолу жок калып калган экен. Андан сырткары ушул Көкжар каналдарын Кара-Кулжадагы Сарыкамышка чейинки проектиге киргизип ал каналдарды көкжар каналын ачык 2 км 1-май айылында Ой тал айылында дамбаны бекемдөө боюнча 350 метрге бул жактан дамба курдук. Айылдын элин коркунучун сактап калдык. Алайкуулук туугандарга мейманкана салдык ар дайым тамчы таамып оор карда түшүп калчуу экен. Элдик ашар жолу менен түшүндүрүү иштерин аткара алдык. Областык ардак грамоталарды алдым. 2006-жылы Кыргыз туусу газетасынын жылдын мыкты акими деген наам алдым. 2009-жылы Кыргыз туусу газетасынын Базар-Коргон районунда иштеп атканда жылдын мыкты акими деген наамга татыктуу болдум. 2009-жылда Жаңы-ордо газетасынын жылдын мыкты акими деген наамдарга татыдым. Эми мына Базар-Коргон районунда иштеп атканда Жалал-Абадка кетип жатканда Барпы деген айылга ал жакта бир 20 жылдап көпүрөлөрү жок экен асман көпүрө менен жүрчү экен.

Ушул боюнча атайын проект жүргүзүп 4 жарым млнго 36 метр чоң көпүрөнү куруп мына бүгүнкү күнгө чейин иштеп атат. Буларды салдым. Барганда райондо 8 герой советтик баатырлары бар экен буларга атайын эстелик тургуздум. Пендечилик кылып маданият үйүн ачтым. Себеби ал жерде да каралбай калган экен. Андан сырткары ошол кеңеш айыл өкмөтүндө 300 метр каналдарын тазалап элге суу алып бул иштер аткарылды бир топ алгылыктуу иштерди аткардык.

Азыркы учурда жеке ишкерлик менен алектенип Ош шаарынын Ош кичи районунда 9 кабаттуу жана 6 кабаттуу

үйлөрдү куруп. Азыркы учурдун талабына ылайык жаштарды турак жайы менен камсыз кылып жаткан учурум.

Өмүрлүк жарым Гүлбара экөөбүз 2 кыз, 3 уулдун ардактуу ата-энесибиз.

## Алиязов Жаныбек Эшейбаевич



Алиязов Жаныбек Эшейбаевич 1959-жылы 17-июлда Ош областынын Кара-Кулжа районундагы Сары-Булак айылында төрөлгөн.

Алиязов Ж. Э. өзүнүн иш-аракетин 1978-жылы, Фрунзедеги автожол техникумун “Автомобиль жолдорун куруу жана эксплуатациялоо” адистиги боюнча окуп бүткөндөн кийин, “Юждортрансстрой” трестинин Өзгөн жол-курулуш башкаруусунун мастеринин жардамчысы болуп баштаган.

1979-жылы Өзгөн жол-курулуш башкаруусунда прорабдык мансабына которулуп, ал жерде 1990-жылга чейин иштеди. Ушул мезгилде бул кишинин жетекчилиги астында Жазы дарыясынан өтүүчү, узундугу 120 метр болгон көпүрө, Кара-Кулжа көпүрөсү, Кара-Кулжа айылындагы АЗС, Живпром-Шерали, Мырзаке-Алайкуу автожолдору курулган.

1981-1987-жылдары Фрунзе политехникалык институтунун “Автомобиль жолдору” адистиги боюнча билим алып, инженере куруучу деген квалификацияга ээ болду.

1990-жылы “Юждортрансстрой” трестинин Өзгөн ЖКБнын начальниги мансабына которулду.

1997-жылдан 2008-жылга чейин Бишкек-Ош автожолунун мамлекеттик дирекциясынын ЖЭБ-5тин начальниги болуп иштеди.

1998-жылы Ж. Алиязовдун жетекчилиги астында асфальтбетон жабуусу менен 4 километр автожол курулду.

1999-жылы Бишкек-Ош автожолунун курулушуна катышып, 150дөн 153 километрге чейин 3 километр жол курулду.

2000-жылы Алиязов Жаныбектин жетекчилиги менен Ош-Өзгөн автожолундагы узундугу 5, 5 километр жана Мырзаке-Карашоро автожолундагы 5 километр бодуракай-үстүңкү иштетүүнү (БУИ) жүргүзүү боюнча жумуштар ийгиликтүү бүткөрүлдү.

2001-жылы асфальтбетон жабуусу менен 1, 5 километр жол салынып, 2002-жылы болсо, 1 километр автожол, ал эми 2006-жылы бодуракай-үстүңкү иштетүүнү жүргүзүү боюнча (БУИ) узундугу 25, 1 километр жумуштар иштетилди.

2007-жылы Ж. Алиязов жетекчилиги астында, Пульгон-Баткен автожолундагы 50 чакырым жолду 7 айда куруп ишке киргизүүгө жетишкен.

2008-жылы Бишкек-Ош АЖМДна зоналык инженер мансабына которулду, андан кийин КР Транспорт жана Коммуникациялар министрлигинин "Кыргызавтожолдору" мамлекеттик ишканансынын башкы адистик мансабына өткөрүлдү.

2010-жылдын март айында Алиязов Ж. Э. Бишкек-Ош автожолунун мамлекеттик дирекциянын биринчи орун басары болуп дайындалды.

Алиязов Ж. Э. Республикабыздын түштүгүндө транспорттук курулуштун, жолдор менен көпүрөлөрдүн, каналдар жана сактоочу жайлардын көптөгөн обөектилеринин салынышына катышты.

Өзү иштеген мезгилинде Алиязов Ж. Э. өндүрүштүн өнөрпоз уюштуруучусу экендигин, өзүнө жана кол астында иштегендерге талапкерлигин көрсөттү, коллективдин ичинде сый-урматка ээ.

Насипкөйлүгү, коммуникабельдүүлүгү, уюштуруучулук жакшы жөндөмдүүлүгү жана жөнөкөй жарандык позициясы үчүн Алиязов Ж. Э. 2003-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин Ардак Грамотасы, КР Транспорт жана коммуникация министрлигинин, “Южадортрансстройдун”, областтык жана райондук мамлекеттик администрациялардын ардак грамоталары менен сыйланды.

## Сатыбалдиев Дүйшөн



Ош облусунун Кара-Кулжа районундагы Көндүк айылында 1968-жылы 1-январда төрөлүп, орто мектептен билим алган.

Эгемен Кыргызстанды жаңы окуу жайларынын алгачкысы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин 1994-жылдагы бүтүрүүчүсү.

Эл аралык мамилелерге болгон табигый кызыгуусунан улам Тышкы иштер министрлигинин КМШ өлкөлөрүнүн башкармалыгында эмгек чыйыры башталат. Бул тармак боюнча теориялык билимин тереңдетүү максатында Россия Федерациясынын Дипломатиялык академиясында эки жыл окуган.

Ошол окуусунун мезгилинде эле замандын орчундуу маселеси эмгек мигранттары, диаспоралар менен иштешүүдө жигердүүлүгүн көргөзүп, Москва шаарындагы “Интер-Мост” фондунун аткаруучу директору болуп эмгектенген. Андан соң Москвадагы Жаштар институтунун аспирантурасын 2000-жылы аяктап келгенден кийин КР ЖК Мыйзам чыгаруу палатасынын Аппаратынын Эл аралык бөлүмүндө улуу консультант, Президенттин

Администрациясында Мамлекеттик катчынын жардамчысы, Жогорку Кеңештин Эл аралык иштер боюнча бөлүм башчысынын орун басары кызматтарында 2007-жылган чейин иштейт.

Ал эми 2008-жылдан КР Борбордук шайлоо комитетинин Аппарат башчысынын орун басары, 2010-жылдагы Апрель революциясына жигердүү катышканын "Апрель революциясынын баатыры" төш белгиси менен сыйланганы ырастап турат.

Ошол учурда калктын граждандык жана социалдык ал-абалын көзөмөлдөө, каттоого алуу маанилүү иштерден эле.

Дүйшөн Сатыбалдиевдин жаштыгына жана эң башкысы топтолгон тажрыйбасына басым койгон Убактылуу Өкмөт аны КР Мамлекеттик каттоо кызматына караштуу Калкты жана жарандык актыларды каттоо департаментинин директорунун милдетин аткаруучу кылып дайындаган. Тапшырылган ишти талапка жараша аткарганы үчүн 2013-жылдын 13-июнунан баштап директорлукка бекитилиет.

Мамлекеттик кызматтарда иштеп такшалгандыгына "Мамлекеттик кызматтын I даражадагы кеңешчиси" чини, Кыргыз Республикасынын 10 жылдык медалы далил.

Д. Сатыбалдиев киндик каны тамган жерине таазим эте тууган-туушкандарынын да ар кандай маселерин шартка жараша чечип берүүгө көмөктөшүп келет.

Ушул китептин чыгышына кеп-кеңешин айтып, каражаттан колдоо көргөзгөндөрдүн көч башында экенине эли ыраазы. Жубайы экөө бир уулду, Кыргызстандын келечегине кызмат өтөөчү жаш муундун алдыңкы катарында болсо деген үмүт-ниетте тарбиялашууда.

**Чимиян Калдарова**



1936-жылы 13-мартта Ош областына караштуу Совет районунун Кара-Булак айылында туулган.

Ошол убакта И. В. Сталин атындагы башталгыч мектепте 4-классты 1943-жылы бүтүрүп, Тегерек-Саз айылындагы Калинин атындагы мектепте 5-класстан баштап окуп 7-классты бүтүрдүм.

Андан кийин Өзгөн районунда жаңы ачылган кыргыз кыздар орто мектебинде 10-классты ошол мектептен бүтүрдүм.

Андан кийин 1952-53-жылдары Ош областында ачылган педагогикалык училищадан окуп, ал Жалал-Абад шаарына көчүрүлүп, аны 1957-жылы аяктаган.

1957-жылдын 15-август айынан баштап, Совет районундагы Чалма сельсоветине караштуу И. В. Сталин атындагы башталгыч класстарга сабак берет. Ал жерде 2 жыл иштеп, Чалма айылындагы 10 жылдык мектепке которулуп, 1958-59-жылдан 1963-жылга чейин иштеген. 1963-64-окуу жылында Фрунзе шаарындагы КМУУнун тил-адабият бөлүмүнөн билимин улантып, 1975-жылы ошол факультетти аяктаган. Андан кийин үй-бүлө шартына байланыштуу азыркы Аманкул Куттубаев атындагы орто мектепте тил-адабият сабагынан сабак берип иштеген.

**Алган сыйлыктары:**

Беш бала үчүн 1964-жылы “Энелерге даңк” медалы

7 бала үчүн “Баатыр эне” орденинин IIIдаражасы, 1970-жыл.

8 бала үчүн “Баатыр эне” орденинин IV даражасы, 1980-жыл.

26-небере, 23-чебереси бар. “Эл агартуунун отличниги“ төш белгисин 1976-жылы алган. Эс алууга чыккандан кийин

баштагы 31-жыл таштап,  кол үзгөн талантын кайра улантып, төмөнкү китептердин автору болду:

1. “Өмүр белестери” 1994-жыл.
2. “Жүрөктөгү кош так” 2000-жыл.
3. “Жүрөктөрү таза жар” 2002-жыл.
4. “Жашоо кайрыктары” 2005-жыл.
5. “Ырларым-ыйык сырларым” 2009-жыл.
6. “Мезгилдин үнү ырларда” 2012-жылы чыккан
7. “Элдик макалдар” 2013- жыл

Кыргыз Республикасынын жазуучулар союзунун 1998-жылдан бери мүчөсү.

## Шералиева Карамат



Фрунзедеги медициналык орто окуу жайды алгачкылардын бүтүрүү менен “Медициналык айым” адистигине ээ болгон жана соңку замандын шарт талабына жараша соода-сатык менен жеке ишкерликтин чоо-жайын да биринчилерден болуп үйрөнгөн. Карамат Кара-Кулжа районундагы Кара-Булак айылында 1963-жылы төрөлгөн.

Медициналык кызматтагы эмгек чайыры 1984-жылы Алай райондук борбордук оорукананын хирургия бөлүмүнөн башталып,  1986-жылдан бери өзүнүн киндик каны тамган жеринде иштеген.

Азыркы ишкер,  иштерман инсандардын катарында Караматтын ээлеген орду өзгөчө.  Кайрымдуулукту энелик сезим менен кошо айкаштырган айым азыр элүүдөн ашык уул,  кыздардын “туубаса да тутунган энеси” экени руханий мээримдүүлүктүн туу чокусу экендигин эли-журту ыраазы болуу менен айтып,  сыймыктанат жана башкаларга өрнөк катары туу тутат.

Караматтын бул ишин илгерилетүүдө жубайы Акматтын да аракети зор.

**Камардинова Патила**



1953-жылы Кара-Кулжа р-н Калинн колхозуна караштуу Кара-Булак айылында туулган.

1960-1970-жылдары Ажике орто мектебинде окуп, орто билимге ээ болгон.

1971-жылы өзү туулган айылындагы Орокбай уулу Шамшидинге турмушка чыгып, өмүр жолун баштаган.

1977-жылдан баштап Кара-Кулжа Керек жарак коомунда ийгиликтүү эмгектенген. 13 жылдын ичинде чоң-чоң ийгиликтерге жетишкен.

1993-жылдан баштап, Казахстандын Тараз шаарында жеке ишкер болуп эмгектенип жатат.

Үч уул, бир кыздын урматтуу энеси болуп турганучур.

Балдарына тилеген максаты,
Бала деген эненин өчпөс чырагы.
Бала деген көк-кашка мөлтүр булагы,
Бала үчүн канчалык эмгек кылса да,
Эне айкөл эмгегине раазы.
Канат кагып, шумкар болуп талпынса,
Бул шумкарын элдик адам болсун деп.
Жаратканга алакан жайып жалынып,
Жакшы тилек, жакшы үмүт алдыда.

## Каримова Рахат



1974-жылы 23-февралда Ош облусунун Кара-Кулжа районунда жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1991-жылы Өзгөн районунун Мырзы-Аке айылынын Шевченко атындагы орто мектебин күмүш медалы менен аяктап, ошол эле жылы Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин тарых факультетине тапшырган. 1992-жылы Ош Мамлекеттик университетинин юриспруденция факультетине которулуп, 1997-жылы ийгиликтүү аяктаган.

1997-жылдан 1998-жылга чейин ОшМУ, юридикалык факультетинин окутуучу-стажер болуп иштөөдөн баштаган.

1998-2002-жылдары ОшМУ юридикалык факультетинн тарбиялоо, окуу иштери боюнча декандын окуу иштери боюнча орун басары болуп иштеген.

2002-2003-жылдары ОшМУ, юридикалык факультетинин улуу окутуучусу, декандын илимий иштер жана эл аралык байланыштар боюнча орун басары.

2003-2004-жылдары Бишкек шаарындагы Кыргыз Мамлекеттик Юридикалык Академиянын улуу окутуучусу.

2004-жылдын июль айынан 2010-жылдын сентябрына чейин Ош облустук сотунун судьясы. 2009-жылы Кыргыз Республикасынын Сот кеңешинин мүчөлүгүнө дайындалган.

2010-жылдын сентябрь айында жана кайрадан 2013-жылы соттордун тандоо Кеңешинен өтүп, Кыргыз Республикасынын президентинин жарлыгы менен Ош облустук сотунун төрагасынын экономикалык жана административдик иштер боюнча орун басарлыгына дайындалган.

Ош облустук администрациясынын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун ардак баракчалары менен сыйланган.

Каримова Рахат Абдылдаевнанын сот системасы жана соттук укук реформасы боюнча 20дан ашык сертификаттары бар. “Кыргыз Республикасында коргоо, укуктук мамилелерин жөнгө салуу” темасындагы илимий диссертацияны коргоого даярданып жүрөт.

**Жалилов Алмаз Сулайманович**

1983-жылы 24-майда Ош шаарында төрөлгөн. 1990-1996-жылдары Ош шаарындагы №17-мектеп гимназиясында, 1996-2000-жылдары Кыргыз-Түрк “Сема” лицейинде окуган. Ош шаарында 2000-2006-ж. МГУ химия факультетин окуп бүтүргөн. 2006-2009-ж. – АКШ “Бостон” штатындагы Химия Университетинин аспирантурасын аяктайт.



2009-2014-ж. - АКШ, Чикаго штатында, Норт-Вестерн Университетинде докторантураны бүтүрүп, химия илимдеринин докторлугун жактайт. 2014-жылдан бери Техас штатындагы Техас Улуттук университетинин химия илимдеринин профессору болуп иштеп келатат. Келинчеги экөө 1 уулду тарбиялоодо.

## Алиязов Искендербек



Эрте менен сабакка шашып баратып да, кайтып келе жатып да, көчөдө турган улуу-кичүүгө сыпайы салам берип, бутунун учу менен шыпылдай, тыкан баскан жигиттен бирдеме чыкчудай деп эл көп үмүттөнүшөр эле. Мектепте сабакты да жакшы өздөштүрүп, үлгүлүү окуучулардын катарында жүрчү.

Эл жаңылбаптыр. Ал туулган айылына келгенче «Кошойбайдын баласы Искендербек мыкты адис чыгыптыр, өзү деле чыйрак өскөн бала эмес беле», - дешип сөз кылып калышар эле. Искендербек аке (Совет) азыркы Кара-Кулжа районунда инженер болуп иштеп турган эле. Ага чейин ал Араван районунда агроном болуп бир жыл иштейт. Себеби ал мекепти бүткөндөн кийин аскерге барып келип, Анжиян шаарындагы айыл чарба техникумунда 1979-1981-жылдары окуп келген болчу. Райондо да эки жылча иштеп, өз адистиги боюнча Совет районунун Карл-Маркс атындагы колхозго агроном болуп райондон жөнөтүлгөн. Ал жерге алгач келгенде эле жетекчиликке сыпайы мамилеси, сылык сөзү, илбээриңки кыймылы менен жаккан. Байкаштыра келгенде жумушунда деле алар ойлогондой адис болуп чыга келди. Ал үчүн жумушка кечигүү, бүгүнкү жумушту эртеңкиге эригип калтырып коюу деген нерсе жат эле. Кесебине астейдил мамиле жасап, бүгүнкү баштаган иши, эртеси бир жаңылыгы менен жемишин берчү. Колхоздун көптөгөн кайрак жерлерин өздөштүрүп, ал эми сугат жерлердин түшүмдүүлүгүн жогорулатты. Карл-Маркс колхозунун мал чарбасын тоют, жем, чөп, силос менен камсыздоодо да ага алгылыктуу иштерди жасады. Дан өсүмдүктөрүн өндүрүүдө да мол түшүм алып колхоздун кампасы данга толуп жүрдү.

Атайын өткөн чогулуштарда мыкты адис катары аты аталып көптөгөн мактоо баракчалардын ээси болуп жүрдү.

Ошентип Алиязов Искендербек бул жумушта он бир жыл эмгектенди.

Андан кийин ал Калинин атындагы колхозго келип, эки жыл партком болуп иштеп, андан соң Ажике орто мектебинин директорунун чарбалык иштер боюнча орун басары болуп жумушка орноштү. Өзгөн шаарындагы Жогорку окуу жайдын филиалында биология факультетинде сырттан окуп, мектепте биологиядан сабак бере баштады.

Мектептин ички жасалгасын жакшыртуу аракети үзүрүн берет.

Ал аны менен гана чектелбестен мектептин короосун көрктөндүрүп жашылдандыруусу көңүл жылытаарлык иш эле эмес, түбөлүк атын өчүрбөй турган эстелик болуп калган өңдүү. Бүгүнкү күндө жетилип, көк тиреп, шуулдаган, Алиязов Искендербек тиктирген теректер ээсин гана жоктогонсуп бири-бирине бой сала, Искендербектин ойлуу турган элеси келет.

Колундагы ишинин майы чыккан, сүйлөсө тилинен чаңы чыккан, куйма кулак, Искендербек Илиязовдун ушул санжырага да салымы бар эле. Эл чогулган жерде, же болбосо үйүндө балдары менен отурганда өз уруусунун тарыхындагы көзгө урунтуктуу окуялар туурасында кеп салып жүрчү

Ал дайыма кабагы ачык, жайдары жан эле. Ажикегежайлоолоп жөнөгөндө жеткиче созолонгон обонун айылдан чыкканда эле башталчу. Бул жосун-жан дүйнөсү таза жандын жосуну.

Сүйлөшө келсең куюлуштура сөздү таап сүйлөгөн сөздөрү орду менен кыналышкан, кулака уккулуктуу, ары жагымдуу угулар эле. Алдыдагы иш пландары да аябагандай көп эле…

Ушул китептин жаралуусуна эң алгачкылардан болуп жазуу жүзүндө баштаган Искендербек акенин аракети,

Салиев Орозмамат акенин мага берген кол жазмаларын окуп көрүп байкап, бирок ошол ниетине жетпей калганы мени аябагандай өкүндүрдү. Ал бул ишти колуна алгандан көп өтпөй, узакка созулган оорудан улам, 2009-жылы жарык дүйнө менен кош айтышкан.

Учурда 7 баласына атасынын ордун жоктотпой Эркейым эже кам көрүп: « Атасы ушуларды окутам жогорку билимдүү кылам», - дечү эле деп, уул кыздарын жогорку окуу жайларда окутуп келет. Эжеге жараткан күч кубат берсин. Уулдары Сардарбек, Болотжан, Даанышман, Таберик атасынын жолун жолдоп, эл кызматында жүрүшсүн.

**Ибраимов Амангелди**

1949-жылы Кара-Булак айылында төрөлгөн. 1974-1989-жылдар аралыгында Калинин колхозунун жетишкен ийгиликтери бул иштин башындагы адистин билимдүү, иштерман экендигин далилдеди. Ошол жылдар аралыгында аны билгендер айтышар, бирок ошондой болсо да баса белгилеп өткөнгө татыктуу адис бул Ибраимов Амангелди эле. Аны бүгүнкү муун тек гана Аман аке деп учурашып, же сүйлөшүп өтүп кете берер… Бирок Аман аке бир замандагы эли сыймыктанган жетекчилеринин да ишенимдүү кадры, өз жумушуна жоопкерчиликтүү көз менен караган мыкты адис болгон.

Улуу Ата Мекендик согушка чейин жана андан кийин колхоздун чарбалык жумуштарына мектепти жаңы бүткөн активдүү окуучулар тартылып турушкан. Күн санап эмес саат санап, өзгөрүп отурган заман Амангелди акенин күчкө толуп турган кырчын маалында кыйла өзгөрүп, элдин да көзү ачылып, кат тааныган сабаттуулардын эмес, илим-билимдүүлөрдүн тажрыйбалуулардын заманы болуп калган учур эле.

Көктөйүнөн өжөр, айтканын бербеген мүнөзү Амангелди акеге пайдасын эле тийгизбесе, зыянын тийгизген жок.

Ал 1960-жылы Ажике орто мектебинен 10-классты бүткөндөн кийин Оштогу Айылчарба техникумунун аграномия бөлүмүнө тапшырат. Ал окуу жайды бүтүп, Калинин колхозуна аграном болуп жумушка кирип ошол күндөн тарта он беш жыл бою Кара-Булактын таңы менен кошо атып, күнү менен кошо батып иштеди. Себеби анын тандаган кесиби жасаган жумушу бир колхоз үчүн эң өзөктүү, эң орчундуу эле. Өзүнүн кесибин сүйүп, күндөн күнгө өз ишинде жаңылыктарды жасап иштеп, топурак үстүнө түшкөн ар бир үрө ндүн оожалышына түйшөлчү.

Ал канчалык ишине дилин коюп баш оту менен кирген сайын, жер эне да анын алаканын алтын данга толтура берди. Жылдан жылга кылкандуу дан өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү артып, мал чарбачылыгы үчүн даярдалган тоют, силостордун сапаттуулугу жогорулап башкы аграном болуп көтөрүлүп, андан соң тоют боюнча башкарманын орун басарлыгына дайындалды. Андан кийин Союз таркап ар ким өзүнчө дыйкан чарбага бөлүнүп, кооперативдерди түзө башташты. Ошондо ал айыл жашоочуларынын сунушу менен «Ажике» айыл чарба кооперативине аграном болуп 1994-жылга чейин иштеди.

Анын мүнөзүндө патриоттук сезим жанып турат. . Бүгүн деле чынчылдыкты туу тутуп, «Жалгандын казаны кайнабайт», демекчи жалган сүйлөгөндөрдү бала күнүнөн жактырбайт.

Учурда төрт баланын атасы, неберелерине чоң ата. Балдарына да тарбия берүүдө чынчыл болууга көп басым жасачу.

Кайсы жерде болбосун чын сүйлөп, чын жүрөгүнөн иштеп, ишинин ийгилигин көрүп келгенин, социалисттик мелдештерде эки жолку жеңүүчү болушу далилдеди.

Ошонусу ошол эле болуп, бүгүн деле чарбасына тың жасаган ишине так. Мал чарбачылык жагынан болобу айыл чарба жумуштарынан болобу, кеңеш сураган айылдаштарынан кеңешин аябай келет.

**Каримов Жаантай**

Күн Чакан - Таштан эми эле көтөрүлүп, Ажикени алтын нурлары менен заматта ороп - чулгап калды. Али анын нурлары Тоокеге тие электе эже боз үйдөн жер төшөктөрдү алып чыгып көк шибердин үстүнө жая салды. Ортого кенен салынган досторкондун үстү да заматта дүйүм даамга толду. Бүгүн Жаантай абанын боз үйүндө үлүш ичүүчү күн. Күн эми эле аркан боюкөтөрүлгөндө туш тараптан чаначы менен эркек, аял болуп аткаучкашкандар келип боз үйдөн оолагыраак казыктарга аттарын байлап, жайылгандосторкондун четине тизиле отурушуп, үлүш ичүү башталды.

Үлүш - бул биргелешип, ынтымакта, элдин жыйылып эркек, аял болуптамак, кымыз ичүүсү. Эки жаат болуп отурган элдин тээ төрдөгү ортоңку орундаотурган аба бүгүнкү үлүштөбий шайланды.

Бийдин шайланышы үлүштө отургандардын тартиптүү отурушу жанаанын шарттарынын аткарылышы үчүн болот. Андан кийин бий оңжагындагыларын оң аталык, сол жагындагыларын сол аталык деп атайт. Андансоң көлбар деп кымыз куючу киши шайланып, анын эки кесекүлү отургандаргакымызды ирети менен жеткирип турат.

Мынаке отургандар дадасторкондогу даамдан татканча кесекүлдөрдүнбиринчи алып келген кымызын текши эле жутуп жиберишти.

Бул жерде үлүштүн шарты боюнча ар ким кымызды өзүнүн акыбалыначенеп эмес, бийдин буйругу менен ичишет.

Бул үлүш да демейдеги эле өзүнүн мыйзамы менен уланып жатты, мынаке эженин куйган өпкөсү да тартылып, отургандар эрте мененкигекарагандакөңүлдөрү куунактартыпбири-бирин шакабага алып, каткырыктар жаңырат.

Мында кымызда жөн гана ичилбестен ар биркесе аты менен аталып, ичилет.

Мисалы биринчи, экинчи, үчүнчү кесе удаасы менен жөн эле ичилет, андан кийин зыркыратма деп аталып, бир чоң кесе менен толо ичилип, артынан тайлуу бээ деп бир чоң кесе артынан эки кичине кесе менен берилет. Андан соңдем албас деп бийдин буйругу менен үч литр кымызды бир дем алып ичет. Бугаден соолугу жооп бербегендер кошулбайт. Мындан кийин бий чыгыш болуп, төрдө отурган бий эшикке чыгат.

Чогулуп отургандар ордуларынан козголуп беришкенде эки кесекүл обонсозуп калышты. Көрсө буларда да бий чыгышка кезек келип, отургандардын арасынан бий обдула бергенде калгандары жапырт көтөрүлүп кесекүлдөрдү коштоп калышты.

Бул убакта эгерде үлүш боз үйдүн ичинде болсо эшикке биринчи бийчыгат, экинчи оң аталыктагы, андан кийин сол аталыктын мүчөлөрү чыгат. Мындаоң аталыктагылар оң буту менен, сол аталыктагылар сол буту мененчыгышат. Бул албетте көзөмөлдө болот.

Ушул убакта гана үлүштөгүлөр өз эрки менен болушабы айтор отурганордунан туруп эле жайкалган шиберге бир даары буту, колун сунуп жатакетишти. Төрт-беш келин колдоруна челек илип, кыткылыктап күлө желе жакабасышты. Асмандын тунуктугун, жайлоонун жап-жашыл көркүн айт, менминдеген сүрөтчү да түркүн түстүү боек таап кынтыксыз кылып кагазга түшүрсө даандагы түркүн түстүү гүлдөрдүн жытын жана бет аймалаган айдарым желдикантип түшүрүп, эмне менен толуктаар эле. Бул табигаттын эч кимге ээ жаабербеген керемети.

Кайрадан бийдин буйругу болуп үлүштөр өз ордуларына отуруп, андан ары ирети менен улана берди.

Жайлоонун төрүндө жашоонун ырахатын көрүп, үлүш ичип, өмүрдөгү бактылуу карылыкты сүрүп жаткан

Жаантай аба бүгүн 73 жашта. Кыймылы шамдагай, акылы тетик, айылга кадырлуу, уул, кызга сыйлуу ата, неберелерге болсо мээримдүү чоң ата.

Баягы “Карыганда берсин дөөлөттү, жашында берсин мээнетти” демекчи, Жаантай абанын бүгүнкү дөөлөттүү карылыгы, мээнеттүү жаштыгы өткорүпберген белегидир. Анткени, Жаантай аба буга чейин эки замандын иштерманкишиси болуп келди. Ал мектепти бүткөндөн кийин Жалал-АбаддагыКооперативдик училищада 2 жыл окуп, эмгек жолун алыскы Чаткал районундагы Жаңы-Базар деген айылда экспедитор болуп иштөөдөн баштады. Андан соң 1962-жылы Фрунзедеги Кооператив техникумунун сырттан окуу бөлүмүн бүтүргөндөн кийин, Ош шаардык аралаш соода мекемесинде төрт жыл иштеди. Өзүнүн туулуп өскөн айылына 1971-жылы келип, Калинин колхозуна экспедитордук жумушка орношуп, бул жумушта ал 20 жыл эмгектенди. Өзүда чынчыл, жегичтикти жактырбаган, таза иштеген киши болгон үчүн, колхоздогу экспедитордук жумуштун талабы да ушул кишинин мүнөзүндөй болуу керек эле. Мындан сырткары да колхоздогу түйшүктүү, арыжоопкерчиликтүү жумуштарды аркалап келди. Учурда балдарынын сүймөнчүктүү атасы жана эл арасында кадырлуу карылардын катарын толуктаган эмгек ардагери.

### Эргешбаев Дүйшөнбай

Кара-Булак эки жылганын ичинде узатасынан созула жайгашкан. Кышы ышкырган бороону жок, жымжырттык менен коштолуп, тим эле мемиреп жылуу. Ар тектирдеги үйлөр жерде эмес, көккө илингендей. Узатасынан суналып жаткан көчөнүн эки боюна тигилген Алымкандын ак талы сырттан келген кишиге салам айта, айылдын төрүнө узаткансып, эки жаат тизилет. Кара-Булактын жазы керемет: жапжашыл туланга оролуп, келгин кушу сайрап, ага

үндөшкөн булак суусун айт. Деги койчу, Эшей уруусунун Кой-Сарыдан бул жерге келген урпактары да бул жерге бекер келбептир дейсин. Желп эткен жаздын муздак желине денең чыйрыкканы менен, жан дүйнөң тазаргансыйт. Бул жердин кереметин көрүп, мөлтүр кашка суусун ичип, таза абасы менен дем алып, тулаңында оонап, ойноп бир кезде темир канат болуп учуп кеткен балапандары бүгүн туйгун болуп, туулган жери боор этинин бир үзүмү сыяктуу кемчилигине сарэсеп салып, жеңилин жерден оорун колдон алгылары келишет.

Ушундай муундардын көмөгү менен Кара-Булак да күндөн күнгө кулпуруп, заман эмнени кийсе ошону кийип, эмне жесе ошону жеп, өзгөрүп келет. Бири келип мечит салып, бири жолдорун оңдоп, дагы бири башка кемчилигин жоюп дегендей айтор бир тобу эл кызматында.

Ошондой ийгиликтердин бири 2012-жылы башталгыч класс үчүн төрт жылдык мектептин салынышы болду. Чоңу дебей, жаш жеткинчеги дебей тээ ылдыйкы Ажике орто мектебине каттап, ызгаар суукта кичинекей балдар үчүн мектептин алыстыгы бир топ түйшүктүү болоор эле. Кыштын али жылдыз тарай элек таңында, малына чөп салып жүргөн Дүйшөнбай аба жогортон буттары менен кар жиреп сабакка шашкан кичинекей балдарды көрүп: «Ушуларга мектеп жакын болсо кана», - деп жалооруй карап калаар эле.

Ошондогу тилеги Алланын кулагында белем өткөн жылы Дүйшөнбай абанын үйүнө айыл өкмөттүн депутаттары, айыл аксакалдары, Эшейбай абанын балдары келишип жаңы мектеп салдыруу туурасында маселени ортого койгондо ал: «Тилегим Кудайдан болуп орундалганы калды окшойт», - деп бул сунушту колдоп, өзүнүн эшик алдындагы үлүшүнөн отуз саржан жерди өз ыктыяры менен тарттырып берди. Бул жер Кара-Булактын чок ортосу болуп, төрт айдын ичинде мектеп пайдаланууга берилди.

Дүйшөнбай абанын элге кошкон салымы бул эле эмес, мындай иштерге ал бой тарткандан бери эле аралашып келет.

Оо, ал замандын азыр калдыгы да калган жок, анда тээ тектир-тектирчеде, кокту-колотто баш аламан жайгашкан тамдар ирээттелип, жээктерин тулаң баскан чыйыр жолдордун кызматы шоона эшпей, анын ордуна бульдезор менен сүрдүрүлүп кенен-кенен жолдор түшүп, эки тарабына ак тамдар каздай тизилди. Гэстерден чыккан электр чубалгылары жол бойлой мобул Кара-Булакка да келди. Жолдор тээ малчылар кыштоочу сарайларга чейин жетти. Бул түйшүк менен жаралган ийгилик Дүйшөнбай абанын ар бир көз ирмеминин астында болуп өттү.

Ал Өзгөндөгү СПТУну бүтүргөн учурда Кемпир-Абад суу сактагычын куруу иши кызуу жүрүп жаткан эле.

Дүйшөнбай аба ал жерде жети жыл экскваторда иштеп, суу сактагычтын четине дамбаларды тосуу ишине өзгөчө салымын кошту. Дагы жети жылдык өмүрү жогоруда айтылгандай колхоздун бульдезорун айдап жол салуу менен өттү. Андан соң ал колхоздун коюн багып жүрдү.

1939-жылдан берки Дүйшөнбай абанын өмүрү ушул эл менен, ушул айыл менен байланыштуу болуп, бүгүн кадырлуу карылардын катарына кошулду. Ал төрт баланын атасы, үч небереге чоң ата.

Мектептин терезесинен Дүйшөнбай абаны көргөн жаш балдар анын опол тоодой чечимин түшүнүшпөйт деле. Бирок алардын ата-энеси балдарын сабакка күнүгө жөнөткөн сайын Дүйшөнбай абанын өмүрүн, ден соолугун тилеп алкап отурушат.

**Абакир уулу Малатай**



1956-жылы Кара-Булак айылында туулган. 1963-1973-жылдары Ажике орто мектебинде билим алган.

1974-жылы Кара-Кулжа районундагы СПТУ №29 кесиптик окуу жайын бүтүргөн.

1975-1977 Советтик армияда кызмат өтөгөн. 1978-жылдан баштап өзү туулган Калинин колхоздо тракторист болуп эмгектенген.

**Абдыраев Таалайбек Токтомушович**

1966-жылы Кара-Кулжа районундагы Кара-Кулжа айылында туулган. Кыргыз Мамлекеттик Университетинин юридикалык факультетин 1990-жылы бүтүргөндөн кийин эмгек жолун Баткен райондук прокуратурада тергөөчү болуп баштаган. Өзгөн райондук прокуратурада тергөөчү.

Ош, Жалал-Абад жана Чүй областтарында тергөө бөлүмүнүн башчысы. Бишкек шаардык 1-Май районундагы аскердик гарнизондо судья жана Бишкек шаардык сотунда судья болуп иштеп жүргөн кезинде, 2007-жылы каза болгон.

Эки уул, эки кызы бар.

**Эшейбай уулу Дөөлөтбек**



1962-жылы Совет районуна караштуу Калинин колхозунда жарык дүйнөгө келген.

1969-жылы Ажике орто мектебине кирип, 1979-жылы бүтүргөн.

Советтик армиянын катарында 1980-82-жылдары кызмат өтөйт.

1983-жылдан баштап өзү туулган колхозго күжүрмөн эмгегин арнаган. Ат косилка менен жүздөгөн тонна тоютту топтоп, бир нече сыйлыкка татыктуу болгон.

1990-жылы эгемендүүлүккө ээ болгондон баштап атасы Эшейбай аксакалдын ордун басып, коломтосун өчүрбөй, там-ташын бүтүн бойдон сактап келе жатат.

Алп мүчөлүү жигит болгонуна байланыштуу.

Улак тартыш, төө күрөш, эр эңиш оюндарына такай катышат, ошондой эле колхоздо жана райондо уюштуруучу адам катары да белгилүү. Аны көпчүлүк сыйлап, урматтап турушат.

Өзгөн, Алай, Кара-Кулжа райондорунда белгилүү инсан. Дагы айта кетчү нерсе, Таласта өткөн “Манас-1000”, “Ош-3000” жана Жалал-Абадда өткөн Курманбек оюндарында “Жээрде атчан Дөөлөтбек” деп эл оозунда байма-бай айтылып турган.

Жөө күрөш боюнча “Ош-3000” майрамындагы да Беделбай Исаев байгесинде 2-орундун ээси болгон.

Үй-бүлөлүү, үч уул, беш кыздын атасы.

**Алыканов Сабай**

1962-жылы Алай районунун Сары-Таш айылында 5-февралда төрөлгөн. 1969-79-жылдары Гүлчө айылындагы Макаренко мектебинде билим алат.

1979-1984-ж. ж. Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунун стоматология факультетин бүтүргөн.

Азыркы убакка чейин Ош шаарында жашайт. 4 баланын атасы.



**Жалил уулу Омар**

1955-жылы Кара-Булак айылында туулуп, Ажике орто мектебинде билим алган.

Советтик армиянын катарында кызмат өтөгөндөн кийин 5 жыл курулуш бригадири болуп иштейт. Соңку жылдары өз колхозунда үлгүлүү чабан катары эмгектенген.

**Атабаев Мансур**

1961-жылы 6-июлда Сары-Булак айылында туулган. 1978-жылы Ажике орто мектебинин бутүрүүчүсү.

1979-жылы ОМПИнин филология факультетине кирип, 1983-жылы аяктаган.

30 жылдан ашык убактан бери билим беруү тармагында эмгектенүүдө. КРнын билим беруүсүнүн мыктысы.

Эки уул, эки кыздын атасы.

## Бердибаев Мизан Осмонович



1960-жылдын 7-февралында Ош облусуна караштуу Кара-Кулжа районунун Сары-Булак айылында, колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1967-1977-жылдары Ажике атындагы орто мектебинде окуйт.

1977-79-жылдары Калинин атындагы колхоздун мүчөсү.

1979-1981-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн соң, 1981-жылы Ош-совхоз техникумунун агрономия бөлүмүнө кирип, 1 окуунун толук курсун бүтүрүп агроном деген адистикке ээ болот.

1984-жылдан 1986-жылга чейин Калинин атындагы колхоздун №2 бригадасында звеновой, 1986-жылдан 1989-жылга чейин колхоздун Комсомол комитетинин секретары болп иштеген.

1989-жылдан 1992-жылга чейин колхоздун башкы агроному.

1992-1993-жылдары Ажике айыл-чарба жамаатында ферма башчысы, 1993-1995-жылдары Ажике айыл-чарба кооперативинде кадрлар бөлүмүнүн башчысы.

1995-1996-жылдары Сары-Булак айылдык комитетинин төрагасынын орун басары.

1996-жылдан 2002-жылдга чейин Сары-Булак айыл өкмөтүнүн башчасынын орун басары, 2002-жылдан 2010-жылга чейин кирешелер бөлүмүнүн башчысы болуп иштейт.

2010-жылдан ушул мезгилге чейин Сары-Булак айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары кызматында.

Үй-бүлөлүү, 2 уул, 4 кызы бар.

**Төөбаев Маматжума**



1956-жылы Кара-Кулжада төрөлүп, 10-классты Кара-Кулжа орто мектебинен бүтүргөн соң, райондун борборундагы автобазага айдоочу болуп жумушка орношуп, ал жерде 1980-жылга чейин иштеген. Маматжума аке автобазада иштеп жүргөн учурда кесиптештеринин арасында уюштуруучулугун көрсөтүп, райондун чарбалык жумуштрында берилген пландарды так жана мөөнөтүнө мурда аткарып, жетекчиликтин мактоосуна арзып жүрөр эле. Ал ошол жерде иштеген балдардан 11 баланын башын бириктирип, команда түзүп алар менен дайыма ынтымак ырашкерликте, ар кандай эмгек мелдештерде алдыңкы орундарды бербей келишени эсте.

Маматжума акенин мындай эмгекчилдиги жерде калган жок. Мунун далили катары мамлекет тарабынан берилген:

“ Беш жылдыктын жаш гвардиячысы” жана «Социалистик мелдештердин жеңүүчүсү» төш белгисине татыктуу болгон. “Улууну урматтасаң кичүүдөн сый көрөсүң демекчи, улуулар менен кеп талашып көргөн эмес. Жашоодогу ар бир ийгилигин атасынын тарбиясы, энесинин акыл сөзү деп тушүнөт.

Төөбай аба узакка балалуу болбой жүрүп, анын баш көргөн уулу болуп, үйүнө келгендердин колуна суу куйдуруп, эле бата сурай берчү экен. Маматжума аке: «Атамдын ошол элден сураган батасы кабыл болдубу?. . эл арасында жүрөм», - деп күлүп калат.

Анын эл үчүн буга чейин жасаган ишине саресеп салып көрсөк атага тең уул эле болбосо, атадын кем уул болбоптур. Ал табиятынан элдин ынтымак ырашкердигин, биримдигин жогору баалаган адам. Ошон үчүн да Макен аке Кара-Барпы уруусунун той-маарекелеринде эң орчундуу

маселелерди чечүү анын кеңеши менен жыйынтыкталат. Кайда жүрбөсүн, кандай иш болсо да эл менен бирге чечүүнү адатка айландырган. 1997-жылы улак коомундагы балдардын демилгеси менен «Кара-Баргы» коомун түздү. Ага удаа эле ушул элдин ичинен чыккан өзү өңдүү ат жалында ойногон, балбан билек жигиттердин башын кошуп, «Бүркүт» командасын күчтөндүрүү үчүн ал команданын мүчөлүгүнө улакчы балдарды кошууга зор салымын кошкон. Алардан: Сулайманов Рустам Рысбаевич, Расул Бостаев. «Ош шаарынын 3000 жылдык» маарекесинде баш байгеге ээ болуп "Көк Бөрү оюнунун чебери" деген Республикалык деңгээлдеги төш белгинин ээси болушкан.

Мындан сырткары «Бүркүт» командасынын бул өңдүү жеңиштери ондоп саналат. Элдин түйшүгүнө түн уйкусу үч бөлүнгөн азамат дайым элдин кызматында жүрөт окшобойбу. Маматжума аке ушул китептин жарык көрүшүнө да өзгөчө салым кошуп айрыкча уюштуруучулук иштерин камсыздап жүрдү. Ал эми санжыраны иликтөөдө да өзгөчө алкоого арзый турган салымы бар:

Маматжума аке учурда 4 баланын атасы. Эң кенже уулу Кутман-шер атасынын жолун жолдоп көкбөрүгө кызыгып, саяпкерликти да үйрөнүүдө. Ал Эшманбетов орто мектебинин окуучусу. Атасы менен сыймыктанып, бош убактыларын атасы менен чогуу көк бөрү оюндарына баруу менен өткөрөт.

**Додоев Абдимиталип (Орунбай)**

1957-жылы 14-августта Кара-Кулжа районундагы Кара-Булак айылында жарык дүйнөгө келген. 1964-жылы "Ажике" орто мектебине 1-класска барып, 1970-73-жылдары Алай районундагы жатак мектептен билим алып, 1974-жылы "Ажике" орто мектебин аяктаган. Орто мектепти аяктап Фрунзедеги Мамлекеттик Медицина институтуна тапшырып, 1980-жылы ийгиликтүү аяктап, врач-педиатр кесибине ээ болгон. Эмгек жолун 1980-жылы Жалал-Абад шаардык

балдар ооруканасында врач-педиатр болуп баштап, 1983-жылга чейин иштеп, жаш адис катары ийгиликтүү иш алып барган. 1983-жылы Кара-Кулжа райондук ооруканада врач-педиатр кызматына которулуп, 1984-жылдан кийин өзүнүн туулуп өскөн жериндеги Сары-Булак айылдык врачтардын амбулаториясынын башкы дарыгери болуп жиберилет. 1988-жылдан тартып Сары-Булак айылдык ооруканасы ачылып, 1993-жылга чейин башкы дарыгер кызматында оорукананы ийгиликтүү жетектеп, тоолук элдин ден-соолугу үчүн тоодой эмгек сиңирип эмгектенди. 1994-жылдан баштап өзүнүн айылында Ажике СВАны жетектеп, 2002-жылдан баштап түзүлгөн №9 клиникалык үй-бүлөлүк дарыгерлер тобун (ГСВ) жетектеп, үзүрлүү эмгектенип келе жатат. Өзүнүн элинин ден-соолугуна арнаган өмүрү көп жылдык эмгеги бааланып, Кара-Кулжа аймактык ооруканасынын жана борборлоштурулган үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун, ошондой эле Кара-Кулжа райондук Ош областтык администрациясы тарабынан ыйгарылган Ардак Грамоталардын ээси. 2009-жылдын Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты Сактоо министрлигинин "Саламаттыкты сактоонун ардактуу кырзматкери" деген төш белгиси менен сыйланган.

Абдимиталип агабыздын өмүр жолу, бул өз эли, жерин сүйүү, өз эмгегинин артынан элине таанылып, урмат сыйга ээ болгон инсан катары жаштарга, келечектеги муундарга өрнөк болуп берүүчү өмүр жол.

Сары-Булак айылдык кеңешинин төрт жолку депутаты, Сары-Булак жана Ажике шайлоо участогунун көп жолку төрагасы болуп, коомдук иштерге активдүү катышып, элет жеринде эң кадыр-барктуу адамдардын бири. Жубайы Исраилова Сыргабү Эминовна Фрунзедеги атайын медицина окуу жайын аяктап, өмүр бою жолдошу Абдимиталиптин кесиптеш жардамчысы болуп эмгектенди. Жубайлар 5 баланы тарбиялап өстүрүүдө: Улан 1981-ж. , Добулбек 1988-ж. , Жусупбек 1990-ж. , Канышай 1995-ж. , Абдилла 2006-ж.

**Бердибаев Осмон**

1930-жылы 12-январда Кара-Булак айылында төрөлгөн. Эми гана эс тартып бактылуу балалыктын балын татаарда, тынч заманга дүрбөлөң, бүтүн үй бүлөлөргө бүлүк салган Улуу Ата Мекендик согуш башталды. Элдин катарынан калбай тагдырдын башка салганына баш ийген Осмондун атасы Бердибай да кандуу согушка аттанып кетти.

Ансыз да жаркын жашоону күтүпжаткан карапайым калктын түндүгү түшө түнөрүп эле калды .

Атасы согушка кеткенден кийин 12-жаштагы Осмон Бердиев бир үй бүлөнүн таянычы болуп калды. 4-классты Раваттагы (Шералынын эски мечити) мектептен бүтүрүп, 7 класка чейин билим алуу үчүн жаңы окуу жылынан Тегерек- Саздагы (4 чакырым алыстыктагы) мектепке барганда, ал жактан аларды түндүктөн келген А. Карабаев аттуу мугалим тосуп алды.

Ал убакта кийим аябай тартыш болуп, курсак тоюнбай оор күндөрдү башынан кечирип жатты. Баарынан да эң эле өкүнүчтүүсү ошол 4 чакырым алыстыктагы мектепке көптөгөн окуучулар кыштын күнкү кычыраган ызгаарда буттарына эски чаначтан тигилген чокойлор менен каттаганы эле. Эски чаначтан демекчи түктүү териден тигилген жылуу чокойлордун баасы бир улактын баасы менен бааланып, анысы дагы мөкү чокой, жөнөкөй чокой деп бөлүнүп мөкү чокойду кадырлуу адамдар кийишчү. Ал эми колунда улагы да жок элдин балдары жогоруда айтылгандай эски чаначтан чокой кийшичү экен да.

Тегерек-Саздагы окуучулардын ичинен эле эмес, айылдык балдардын ичинен өкмөттүн ботинкасын биринчи Осмон Бердиев кийди. Аны да баягы түндүктөн келген агайы А. Карабаев жайкы каникулда Фрунзеден (азыркы Бишкек) ала келген экен. Ал сабакты аябай жакшы окуган зирек окуучулардын катарында эле. «Бул

окуучум жакшы окуйт», – деп кээде чачынан сылап эркелеткенин унутпайт.

«Мен тек гана башыман өткөндөрдү айткан жокмун, азыркы муун ушуну укса бүгүнкү байгерчилик заманды ысырап кылбай, шүгүрчүлүк кылышса. Анан да, бүгүнкү күндөгү ысырапкерчиликтен жана элдин акысын жегендер көбөйгөндүктөн заман булганыч тартып баратат», - дейт Осмон аба.

Ал Орусиянын Ульяновск шаарында аскердик кызматын өтөп келди. Ал убакта жашоо бир аз өзгөргөнсүгөнү менен тартышчылык, жетишпестик бөксөрө элек болчу. Жашоонун өзгөрүшү бир гана элдин өзүнүн эмгектенүүсүнө гана көз каранды болуп, биринчи максат ачка калсаң да, колхоздун малын көбөйтүп, кампасын данга толтуруу эле. Баягы окуткан мугалим А. Карабаевге жаккан Осмон аба сабаттуу адам катары колхоздо табелчи болуп жумушка киришти. Табелчинин ошол учурдагы колхоздун экономикасын өнүктүрүүдөгү орду аябай маанилүү эле. Эң орчундуу кызматтын ийгиликтери үчүн сыйлыктарга ээ болуп, ардак тактада сүрөтү илинип турчу.

Учурда 3 уул, 4 кыздын атасы. Эл кайсы жерде чогулбасын, отурган жерде: «ысырапкерчиликти аябай этият кылгыла», - деп кеп салып калат. Ал тарбиялап өстүргөн уулу, кыздарынын ичинен уулу Мизан бүгүнкү күндө Кара-Булак айыл өкмөтүнүн депутаты болуп элге кызмат өтөөдө.

## Алишов Сатыбалды



1921-жылы Үч-Чатта төрөлгөн.

Ал жаңы замандын түптөлүшүнүн эң алгачкы кадамы ликбездердин ачылышын опол тоодой жаңылык катары кабыл алган.

Баягы бирин - экин, мал-жанынын артынан сая түшүп, тоо таш аралаган балдар жана да кечке кара-казандын түбүнөн баш көтөрбөй күнүмдүк тиричилик менен алектенген кыз-келиндер замандын бул жаңылыгын чогуу тосушуп кат сабатын алуу үчүн ликбездерге каттай башташты. Алардын катарындагы Сатыбалды аба ал учурда 13 жашта болчу.

Ал 16 жашка чыкканда Отуз-Адыр каналын казууга элди мобилизациялоо жүрүп, ошол жакка жөнөп кетет. Ал жакта ар кайсы жерден барган жумушчулар үч, төрт ай иштеп эле качып кетишип, Сатыбалды аба өзү эле калат.

Ал бир күнү дүкөнгө тузга барса, дүкөнчү: "Сен эмне кетпей жүрөсүң", - дейт. Ошондо Сатыбалды аба: "Мага бригадир жооп бергенде кетем", - деп, тузду алып иштеген жерине келсе аны биргадир күтүп туруптур. Ал: "Сен гана качкан жоксуң", - деп, ыраазычылыгын билдирип, фабрикада токулган көйнөк кийгизет. Ошондо Сатыбалды абанын далысынан биринчи жолу таар кийими чечилип, өкмөттүн көйнөгүн кийип кубанганы азыр да эсинде.

Сатыбалды аба 1942-жылы 4-августта Улуу Ата Мекендик согушка кетеип, кан күйгөн согуштун кандай гана азап-тозокторун көрбөдү. . .

Бүгүнкү күндө да уккан кишинин муунун бошотуп, көз жашын кылгырткан 1943-жылы Ленинградды блокада-курчоодон бошотууга катышкан. 1945-жылга чейин согуштун ок жааган майданында 3 жолу оор жаракат алып, узак убакытка чейин госпиталда дарыланып, кайра согушка кирип жүрүп "Жеңиш" деген кубанычтуу кабарды эки колу, эки бутунан жарадар болуп, госпиталда жатканда укту да август айында Финландияда кайра калыбына келтирүү иштери менен жүргөндө: "үч жолу жарадар болгондор бул жумуштан бошотулсун" деген чечим негизинде, үйүнө кайтат.

Сатыбалды аба согуштагы көрсөткөн эрдиктери үчүн: “Күжүрмөн эрдиги" үчүн медалы менен жана "Данк" ордени менен сыйланган.

Согуштан келгенде "Ленинчил - Жаш" колхозунда 1950 - жылга чейин экспедитор болуп иштеди.

1950-1953-жылга чейин колхоздо бригадир болуп эмгектенген.

Сатыбалды аба 6 баланын атасы, айылдын кадырман аксакалы.

Ал иниси Сүйүнбектин: "Ажыга барып келиңиз", - деп берген каражатты Жолборс-Уюктагы сууну Чалмага түтүк менен алып өткөрүүгө жумшады.

Кийин өзүнүн балдары ажыга барып келиңиз деп берген каражатка жертилкесин сатып алып кичинекей мечит салдырды.

Сатыбалды аба бүгүнкү күндөгү Эшей уруусунун эң аксакалы. Жашы94кө барып калса да тээ өзү эс тарткан учурдан тарта өмүр таржымалын сапкатизилген шурудай саймедиреп берет.

Анан да ушул Эшей уруусуна байланыштуу уламыш, жомок, болмуштар туурасында Сатыбалды абанын оозеки айткандары ушул китептин бирден бир булагы.

Сатыбалды аба аларды айтып гана тим болбостон ар кайсы заманда жашаган адамдардын мүнөзүн ачып берүү

жана алардын өз заманына тийгизген таасири тууралында жана замандын ар кандай оош-кыйыштарын жеңген элдин ынтымагын даңазалоо менен бүгүнкү күндө баарыбыз карайлап таппай жүргөн идеялогиянын учкунун жандырган өңдүү баамдалат.

Сатыбалды аба бүгүнкү заманда жашап жатып да тээ илгерки аталардын касиетин бүткөн боюна сиңирип эл ынтымагын көзөмөлдөп, эл арасын дайым түгөлдөп бир эл, бир айылбыз деп, жаштар ынтымагын да ширетип жүрөт. Жаш кезиндеги жокчулукту айтуу менен бүгүнкү замандын муунун ысырапкерчиликке жол бербөөгө үндөйт.

## Кадыралиев Абсамат



Береги Өрдөштүн белинен, Агала-Таштан, Бүркүт-Уядан, өйүздөгү Чаар-Таштан куш кармоо үчүн күзүндө, 15 - октябрдан баштап Абсамат акенин куш кармоочу торлору жайылып, көгүчкөндөрү байланат. Ата кесибин унут калтырбай, кесип тутунган Абсамат аке мүнүшкөрлүктү жаштайынан эле аркалап келет.

Куш аябагандай этияттык менен астейдил жасалган мамилени талап кылып, өзгөчө баркталып багылат. Бирок да куш таптап, мүнүшкөрлүк кылгандар үчүн куш салуунун ырахаты өзгөчө керемет. Кушту бир көрүп эле канча жашта экенин жаземдебей айтып тилин таап, колго үйрөтүүгө көп деле убакыт коротпойт Абсамат аке.

Куш салып өйүзгө өтүп, тээ Чоор Таштан бүгүнкү күнү күн кечирип жаткан айылын телмире тиктеп, ушундай өзгөргөнүнө таң берип, бир убактагы

көчөсүнүн башы-аягы жок иретсиз жайгашып, ар жерде томпойгон көммө үйлөр, анан да ошол үйлөрдү аралап балдар менен кубалашып ойногон балалыгын көз астынан чубуртуп калат.

Оо анда тигил заңкайган чоң мектептин өзү эмес, ал жөнүндө сөз да жок эле. Ал эми союз учурунда балдар бакчасы болуп турган азыркы М. Абакиров мектебинин ордуна айыл отурукташа электе салынган 7 кааналуу кичинекей мектеп болор эле.

Анда жергиликтүү эл жашы, карысы дебей "а" деген арипти билбегендиктен, "биринчи мугалимдер" түндүктөн жөнөтүлчү.

Шыбынан жаан-чачын күнү суу тамчылап турар эле. "Биринчи мугалимдин "талабы катуу беле, ойноо балдарга окуу аябай кызык беле, айтор бороон-чапкын, нөшөрлөгөн жамгыр дебей, ар кайсы кокту-колоттон келип окушчу. Ошентип, ал 10-классты Сайдагы "Кызыл-Жол" орто мектебинен бүтүргөндөн кийин, аскер кызматына чакырылып, Түркменстандын Ашхабат шаарына жөнөп кетет. Ал жакта эки жыл кызмат өтөп, туулган айылга келгенде Токбай-Талаа башкача маанайда тосуп алган. Баягы жүдөгөн токтудай ар жерде томпойгон көммө үйлөрдүн ордуна стандарттуу үйлөр көчөлөргө эки сап болуп тизилиптир. Жол бою поездден көргөн үйлөр Токбай - Талаага да түшүптүр.

Бул жаңы заманда баягыдай кой-козунун артынан коктулап жүргөнүм жарабас деп, күпүлдөп иштеп жаткан эмгекчилерге кошулуп уй фермага учетчик болуп кирди. Абсамат аке ошол бойдон көпчүлүк менен иштеп эмгек шаңынан артта калган жок.

Жаңы замандын ар бир ийгилигин күрдөөлдү эмгек жаратарына бөркүндөй ишенген ар бир эмгекчи уйкусун да ченеп уктап калышты.

Ошентип, Абсамат аке да көпчүлүктүн шары менен бир кездеги коммунизм деген төгүн-чачын заманды

башынан өткөрдү. Азыркыларга айтсаң жомоктой болгону менен, чын эле ушундай өттүбү деп, кээде өзүң да ишенбей кетесиң.

Төмөнтөн урган ызгырык желге гана чыйрыга түшүп эсине келди Абсамат аке.

"Бир орундан жылбай иштеп, замандын агымы менен көйнөгүн жаңылаган адамдай күндөн күнгө өзгөрүп келесиң, сенде күн кечирип жаткан элиң түгөл болсун, ырыскысы бөксөрбөсүн", - деп үйүнө сапар тартат. Ал бул өнөрдү тээ ала жазга чейин эрмектейт. Эрте жазда куш салуу да токтойт. Себеби бул учурда кекиликтер жумурткалап, балапан басып чыгарышат, бул жаратылыштын мыйзамына баш ийет.

- Эмне үчүн Эшейдин кыз - келиндеринен чыккан өрмөчү, бычмачы, кошокчу . . . ж. б. жазууга болбосун?

Жубайы Орозбү эже жаз алды менен эшик алдында кайын энесинен 20 жашында үйрөнгөн терме таарын согууну баштайт. Боз үйдүн бүт жасалгасын өз колу менен коoздойт

"Куш үй канаттууларындай эмес": "Аны дайыма дубалдын ичине кармоо керек, Куш кармаган дубалдын ичи кышында жылуу, жайында салкын болуусу абзел. Ал жей турган этти таза жууп берүү керек. Ал атайын жыгачтан жасалган туурга кондурулат. Куштар да башка жаныбарлар сыяктуу ар жашта ар башкача аталат.

Куштун балапаны балапан боз деп аталып, аты айтып тургандай өңү боз болот. Бир жаштагысы бир түлөн, үч жаштагысы үч түлөн деп аталып, ал жашта куштар жүндөрү кара-көгүш тартып, көздөрү кызара баштайт, - деп Абсамат аке куштар туурасында айтып жатты. . .

## Момунов Суван



Мына бүгүн мен учурашкан алакандар, бир убакта Турдакун Усубалиев кыса кармап, белегин алган алакандар эле.

Ал кез Суван абанын иштесе ишке, аш десе ашка тойбогон күжүрмөн курагы болчу.

Ал 1939-жылы Үч - Чатта төрөлүп, Токбай – Талаанын төшүндөгү (азыркы М. Абакиров атындагы) мектептен билим, алган. Өзү туулуп чоңойгон ата конушунаналыс кетпей, жаштайынан колхоздун коюнун артынан түшүп, түйшүктүү кесипти аркалап калды. Кышында маалында тоют берип, жазга аман алып чыгып, төл убагында кирпик какпай, узун түндө уйку көрбөй төлүн көбөйтүп, жайлоодон туягын кемитпей күздөөгө келгенде колхоздун мал чарбасына олуттуу пайда келтирген.

Ызгаар сууктагы кой багуунун машакат, түйшүктөрүн айтпай эле коелу. Көк мелжиген тоолордун арасындагы мелтиреген деңиздей көпкөк асман, таш түбүнөн оргуштаган мөлтүр булак, көкө мерен менен кийик оттун жытына бууланап бет аймалаган айдарым жел, түркүн түстүү гүлдөргө суктана караган көз ирмемдер менен, жайлоонун тумандуу кечтери, моюн ылдый шоргологон нөшөрлүү таңдары, бет талаштыра чаба жааган мөндүрү ушул койлордун ар бир кадамы менен байланыштуу эле. Жубайы экөө бүгүнкү бактылуу карылыкка жетүү үчүн турмуштун түйшүгүн чогуу тартып, бул кесип менен 34 жыл алектенишип 10 баланы чогуу тарбиялап өстөрүштүү. Айта салса оңой болгону

менен, жасай келгенге Суван абаныкындай эмгекчил эрк болуш керек. Ал тек гана чабан эле болбостон 100 койдон 125 тен, 130 дан төл алган республика дагы алдыңкы үлгүлүү чабандардын бири боло алды. Эр эмгегин жер жебейт демекчи, мамлекет тарабынан Суван абанын эмгеги бааланып, Эмгек Кызыл Туу жана III даражадагы Эмгек Даңкы ордендерине ээ болду.

Үзүрлүү эмгектерин, атасы Молдо Момундун тарбиясынын натыйжасы, - дейт.

«Молдо Момун айылга кадыры сиңген, өзү динди тутунган, бир мүнөз киши болгон», - дешет аны көргөндөр. Балдарына да тарбия бергинде көбүн эсе шарияттын жол жоболорун кеп салганын эстеп калышат. Анын да теги молдочулукту кесип кылган инсандар болгондуктан ал да илим алуу үчүн Анжиянга келип, Алымсеит деген молдодон сабатын жоюптур. Аты айтып тургандай Молдо Момун кой оозунан чөп албаган момун киши болгон экен. Өмүр жолу эки заманга туш болуп, Совет өкмөтү орногондон кийин да кайда болбосун беш убак намазды окуп, орозо тутуп жаратканга жасаган ибадатын токтотпоптур. Ачка калсаңар да жетим – жесирлердин акысын жебегиле деп калчу атам, - дейт Суван аба.

Ата сөзү менен тарбияланып, балдарын дагы ошол тарбияга салды. Натыйжасы жаман болгон жок. Сүйүнбеги эл кызматында болуп атасын сүйүндүрсө, Жеңишбеги жоон билек балбан чыгып, ат оюндарында жеңиштерди багындырууда. Догдурбеги болсо Суван абанын жолун жолдоп мал жандуу чыкты. Калган уул, кыздары да ата-энесин жашоодогу ийгиликтери менен кубандырып турушат.

Суван аба чабан болуп жүргөндө жаш козуларды жаш баладай карап, төлгө - төл кошконун ошол замандагы зоотехник болуп иштеген. Дыйкан аба кеп салып калат.

Суван аба бетке чаап сүйлөгөн, чечкиндүүлүк мүнөзү бар. Колхоздун клубунда болуп өткөн малчылардын чогулушунда: «башка малчылардын деле жашоосу меники сыяктуу», - деп, малчылардын орчундуу көйгөйлөрүн айтып күпүлдөп сүйлөп, кийинки чогулушка чейин маселени кабыргасынан коюп оң жагынан чечилишин талап кылчу. Мындан 53 жыл мурун баш кошкон келинчеги, бүгүн балпайган байбиче. Чогуу чаран чай ичкенче саясатты толкуулап калышат. " Бөрү карыса бир койчолук алы бар демекчи, дагы деле атка так секирип минип мал-жандан кабар алганча кээде Үч-Чатты айланып келмейи бар.

Суван аба атасы Молдо Момундун көзү тирүүсүндөгү аманат керээзин аткарып, 1933-жылы кулакка тартылаарда Кашкарга качкан бир тууганы Алым деген абасынан 2004-жылы кабар алып мойнундагы карызынан кутулду. Экинчи жолу дагы 2006-жылы кабар алып келген.

### Алишов Калыбек



Кадимки сиз бир кезде учурашып, күнүгө жүз көрүшүп, сүйлөшүп эле жүргөн, айылга кадыры сиңген Алишов Калыбекти ким билбесин. Ал 1935-жылы 23-декабрда Үч-Чатта төрөлгөн. Балалыгы кан күйгөн согушка туш келип, андан кийинки ачарчылык да арбап өттү. Караган-Тектирдеги атайын элдин сабатын жоюу үчүн ачылган "Интернационал" ликбез мектебинде катсабатын жойгон. Күнүгө окууга ойноп келип, ойноп кетип жүргөн оюнкараак бала билимге зиректигинен бат эле

тамгага тамга кошуп, шыр окуп да кетти. Заман күндөн күнгө жаңыланып, өзгөрүп жатканын көрүп, бул заман билимдүүлөрдүн заманы боло турганын алдын ала туюп койду. КийинТокбай - Талаанын түзүндө ачылган "Ленинчил, Жаш" (азыркы Б. Исаев атындагы)орто мектептен 10-классты бүтүргөн соң, орто билими менен эл керегине жарап, жеңилин жердеп, оорун колдон ала албастыгына көзү жетип, билимин жогорулатууну туура көрдү.

Ошентип Кызыл - Кыядагы Тоокен техникумуна тапшырып, Абсамат Масалиев менен чогуу окуп, болочоктогу адистер бири-бири менен ой бөлүшүп, кеңешип, да калышчу.

Алишов Калыбек аны бүткөндө туулуп өскөн айылынын муктаждыгына ылайык ар тараптуу адис болуну туура көрүп, 1955-жылдан 1958-жылга чейин Ош Айыл чарба техникумунда окуйт. Ал окуусун бүткөндө алыскы Алай районуна жөнөтүлдү. Гүлчөдөгү МТС да инженер-механик болуп 5 жыл иштеди. Кайра Кара-Кулжа районуна которулуп, 2 жыл башкы инженер болуп эмгектенди.

Өз ишине так, бирөө менен мамиле түзө билген, меймандос адам болгон. Билим алуудагы өжөрлүгү жасаган жумушунан да байкалып, ал иштеген колхоздун чарбасы, техника жаатында жакшы жыйынтык берип жүрдү. 1969-жылы Совет совхозу Өзгөн районунун карамагынан өзүнчө район катары бөлүнүп чыкканда колхоздордун өнүгүүсү көңүлгө толо бербей, чабалыраак эле. Ошолордун катарында "Ленинчил-Жаш"колхозу Алишов Калыбек өңдүү адиске суусап турган кезде, 1983-жылга чейин инженер-механик болуп иштеди. Бул жерде иштеп жүргөндө айткан сөзүн иш менен айкалыштыра, колхоздун өнүгүүсүн ылдамдатууну шарттай алды. Мыкты адистин ишкердигин ушундан көр: "Ленинчил - Жаш" колхозунун гаражы кадимки

областтык автобазадан да жакшы деңгээлге жеткен экен. Ал эми 1983-жылдан 1988-жылга чейин башкы инженер кезинде айдоочуларга катуу тартипти орнотуп, колхоздун чарбасынын өнүгүүсүн шарттады. Эрте менен бир күн да бир айдоочудан кеч келбей, аларды дайыма сыпайы саламы менен тосуп алып, жумушта темирдей катуу мамиле жасачу. Колхоздун экономикасынын өнүгүшү Калыбек акенин жумушу менен сапарлаш жүрүп, кайда барбасын, ким менен болбосун тил табышып, Өзбекстандын Анжиян областына чейин машина-тракторлордун тетиктерин издеп, колхоздун кемкарчын бүтүрүп турар эле. Ал өзүнүн алган билими ушундай ийгиликтүү натыйжа бергенине ынанып, 12 баласын тең өзү сыяктуу элдин керегине жарасын деп жогорку билимдүү кылып окутту.

1991-жылы ардактуу эс алууга чыккандан кийин да жаш адистерге кепкеңешин берип турду.

2000 - жылдан бери санжыраны иликтеп, бир топ алгылыктуу салымдарды кошуптур, Эшей уруусунун санжырасы жөнүндө жазгандары бүгүнкү күндө ондогон чөнтөк дептерлерде уулу Жакшылыктын колунда мурас болуп сакталып келет.

## Алишов Жакшылык



1966-жылы Чалма айыл өкмөтүнүн Чалма айылында туулган.
Галыбек уулу Жакшылык 1 - класска келгенде эле: "чоңойгондо ким болосун", - деген биринчи мугалиминин суроосуна, "врач болом", - деп жооп берген. Бул туурасында класста дилбаян да жазып калчу. Ошол максаттын марасына жетеленип, 11-классты

бүткөндөн кийин Кыргыз Мамлекеттик Медициналык Институтунун дарылоо факультетине тапшырат.

Врачтык алгачкы кадамы Ош областтык ооруканасынын кардиология бөлүмүнөн башталды. Ал жерде 3 жыл иштеп, 1990-жылы Кара-Кулжа районунун Кызыл-Байрак колхозуна башкы дарыгер болуп которулган.

1993-жылы кайра Ош областтык ооруканасынын кардиология бөлүмүндөгү реанимацияга которулуп келди. Ошондо чогуу иштеген устаттары: Максүтов Жыргалбек, Сапыев Ашым, Турдуев Калыктардан жүрөктү дарылоодо көп тажрыйбаны үйрөндүм - деп аларга ыраазычылыгын билдирип келет.

Кез-кезде туулуп өскөн айылына келгенде элге бир жакшы дарыгер керек экенин кулагы чалып калчу. Өзү туулуп өскөн айылында ушундай муктаждык туулуп турганда өз элине пайдасы тийбей калышын эп көрбөй кайра Токбай-Талаага көчүп келди.

Айылдагы ооруканага кирип барганда Жакшылык акенин көзүнө имарат аябай кейиштүү көрүнүп, ырас ушул элдин саламаттыгын камсыздоо үчүн келгенден кийин, алгачкы кадамды имаратты оңдоп түзөө иштеринен баштоону чечти. Ремонтко ал чөнтөгү жука мамлекетти тиктеп отурбастан, каржы маселесин проектилерди колдоочу компаниялар менен чечип, проект жазып 235000 сом өлчөмүндө акча алып, элдин мүлкү болгон оорукананы ремонттотуп, жылытуу системасын электрлештирди. Буга баракелде дейсиң.

Жакшылык аке элдин эле эмес, мамлекеттин да алкоосуна арзыды. Буга мисал:

"Жогорку категориядагы врач" 2007-жылы областтык деңгээлде болуп өткөн "Улукмандын урпактары" аттуу кароо сынактын жеңүүчүсү "Саламаттыкты сактоонун мыкты кызматкери", Областтык профсоюз комитетинин "Ардак грамотасы"

Атасы Алишов Калыбек сыяктуу көздөгөн ишинен жакшы ийгилик жарата алгычтыгы бар. Учурда келинчеги экөө төрт балага чогуу тарбия берип, өстүрүп, талыкпай эл кызматын да улантууда.

## Сатыбалдиев Камбарали



Сатыбалдиев Камбарали 1952-жылы 23-августта Токбай-Талаа кыштагында төрөлгөн.

1958-жылы алты жашында Токбай-Талаанын төшүндөгү башталгыч мектепке (азыркы М. Абакиров) кадам таштап, 10-классты «Ленинчил Жаш» орто мектебинен бүтүргөн.

Камбарали акенин, бүгүнкү күндө элдин кызматында болуусу, тээ мектеп партасында эле башталган шекилдүү. Ал мектепте окуп жүргөндө эле сабакты жакшы өздөштүрүп, класском катары класстан тышкаркы жумуштарды уюштуруу менен көп алектенчү. Мектепти аяктагандан кийин, 1968-жылы Фрунзе (азыркы Бишкек) шаарындагы К. И. Скрябин атындагы Айыл Чарба Институтка тапшырып, 1973-жылы, Оштогу Соода техникумуна өтүп аны 1976-жылы артыкчылык дипломдор менен аяктаган.

Эмгек жолун Кара-Кулжа районунда бухгалтер болуу менен баштап, Ошол эле райондун байланыш түйүнүндө да иштеди.

1978-жылдан 1996-жылга чейин «Ленинчил-Жаш» колхозунда бухгалтер, кийин айылдык кеңеште башкы бухгалтер болуп да эмгектенген.

Камбарали аке менен ким жумушта кесиптеш болсо, насиптеш болсо, ким замандаш болсо, үзөңгүлөш болсо баары бул кишинин бир сызыктай өзгөрбөгөн жөнөкөйлүгүн, кичи пейилдигин, меймандостугун баалап, кеп кылып жүрүшөт. Жашоонун өйдө - төмөнүн акыл калчап, астейдил кабыл алып, сынынан өткөрүп, анан турмушу менен жуурулуштурат. Жумушунда болобу, көчөдө болобу, үйдө болобу жөнү жок кабак чытпай, чарчаганын билдирбей дайыма маңдайы жарык. Бирөөнүн кенедей болсо да ийгилигине кошо сүйүнүп сүйлөшүп отурган кишинин да демине дем кошуп, жарпын жаза билет. Жумушунан кечигүү, бүгүнкү жумушту эртеңкиге жылдыруу ал үчүн жат көрүнүш.

Ал 2003-жылы өз ыктыяры менен арыз жазып жумуштан кеткенден кийин, жубайы Зымрат эже экөө жайлоого чыгып жүрүштү. Бирок аны кайра 2005-жылы 23-декабрда тажрыйбалуу кадр катары айыл өкмөтүнө жумушка чакырылып, учурда айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары болуп иштеп жатат.

Жубайы Зымрат эже экөө жети баланын камкор ата-энеси, таянар тоосу. Аларга татыктуу тарбия беришип, турмуш жолуна салып, дагы да болсо насаатын айтып келишет. Уул кыздары да ата-энеси сыймыктана турган урпактардан болушту.

Күнүгө уулу Курстанды сабакка узатып, чай берип жатып, Зымырат эже баласы элдин керегине жараган, эстүү бала болсо экен деп чай ичип отурган уулун телмире тиктеп ойлонуп отуруп калаар эле. Апасынын оюн эмне түйшөлтүп

жатканын ойноок бала кайдан сезсин, чайын чала ичип, бир сындырым нанды көтөрө сабакка кетчү.

Ошондогу эненин тилегин жараткан кабыл кылдыбы, айтоор бүгүнкү күндө Курстан акенин эл үчүн жасаган иштерине айыл эли ыраазы болуп келет. Курстан аке өзү: «бала кезинде (үйү айылдын четинде болчу) күзгү жамгырда мектепке келгенче тиземе чейин ылай болуп сабакка келчүмүн. Ошондо чоңойгондо ушул жолдорду оңдойм деп ойлоп коңр элем», - дейт. Көрсө көкөйгө тийген жолдун көйгөйүн чечүү тек гана ойлогон эле эмес, аруу балалык сезим менен алдыга коюлган максаты, тилеги, ниети болгон көрүнөт. Аны балалык кылып Курстан ака тек гана оюм болчу деп жүргөн тура.

Жаштын тилегин кудай берет демекчи, бүгүнкү күндө ошол ниети ишке ашып өзү баскан жолду эле эмес бүтүндөй Токбай-Талаа айылынын ар бир көчөсүнө шагыл төктүрүп биринчи кезекте элди, андан кийин, жолдун ылайынан тажашкан кичнекей Курстандарды кубандырды. Айыл элинин алкоосу, батасы сакадай бою сары алтын Курстанбегинин боюна сыйбай, ишинин ийгилиги артып, ал ийгилиги туулган айылынын кем-көсүгү менен жуурулушуп, ийне-жиптей ээрчишип келүүдө.

Курстан акенин эл үчүн жасаган бул өңдүү иштери кай бирөөлөр үчүн төш кагып мактанаарлык болсо, ал үчүн айтуудан бир аз уялгансыган сыяктуу эле болуп калды. Мындан сырткары ал өзү 1-класстан 10-класска чейин билим алган Беделбай Исаев атындагы орто мектептин алдына асфальт бастырып берди.

Мүнөзү жумшак, кичи пейил, меймандос, кимдин өтүнүчү болсо да четке какпай, көмөктөшө калат. Ал эле эмес айылда айрым чечилбеген маселелердин каржы жагын өзүнөн сурабай эле: «Курстан бүтүрөт», - деп милдеттендирип да коюшат.

Бала кезде Катыраңкыда топ балдар тай минип улак тартышып жүргөндүктөн бүгүнкү күндө көкбөрү оюнуна

өзгөчө кызыгып, жумуштан сырткаркы убактысын ушул оюнга бөлүп келет.

Учурда жеке ишкер катары өзүнүн бизнеси менен алектенип, мал чарбачылыгын да көз жаздымда калтырбайт. Туулган айылына барганда көп жаңылыктарды чоң атасы Сатыбалдыдан угуп турат. «Жакында эле ушул китеп туурасында кабардар болуп, кубануу менен кабыл алдым», - дейт . Көп түкүрсө көл болот демекчи өз салымын аяган жок. Колдоого элдин башын бириктирди.

Андан соң бүгүнкү күндөгү кандай иш баштасаң да эң көңүлдүн чордонунда боло жүрчү каржы маселесин чечүү максатында бүгүнкү күндө Ош шаарында жашап жаткан Эшей уругунун айрым жигиттеринин башын кошуп марафон уюштурду.

Учурда үч уулдун атасы. Келинчеги Айнура дарыгер. Уулдары Дөөлөтбай, Искендер, Барсбек. Балдары элдин керегине жараган инсан болушуна азыртан кам көрүп, тарбиялап келет.

**Жороев Исраил**



Исраил аксакал мүнөзү бир сырдуу, оор басырыктуу, бирөөгө ачуу кеби тийбеген, отуз ойлоп орду менен сүйлөгөн, айылга кадырлуу, абройлуу адамдардын бири .

Ал 1947-жылы 6-мартта Токбай-Талаа кыштагында төрөлгөн.

1954-жылы жети жашында (азыркы М. Абакиров атындагы) мектептин босогосун аттап, аны 1964-жылы бүтүргөн.

1967-жылы Советтик армияга аскердик кызмат өтөө үчүн Москва шаарында болгон. Исраил аке аскерде эсте калган көз ирмем катары алты айдан кийинки Улуу Жеңиш күнүнө карата өткөрүлгөн жүрүштө «Воин-Освободителдин»

образын жаратып, ар бир аскер бирден жаш баланы далыларына отургузуп алып, жүрүштөн өтүшкөнүн эсинен чыгарбайт. 1969-жылы аскерден кайтып келип, Самар эже менен баш кошуп, өзүнчө түндүгүнөн түтүн булата баштады. Атасы Жоро Рыскулов элине бактылуу заман тартуулоо үчүн германдык фашисттерге каршы күрөштө Улуу Ата Мекендик согушка катышкан ардагер аталарыбыздын бири болгон. Ал киши согуштан кайтып келип колхоздун чарбасында иштеп жүрүп, анын экономикасынын өнүгүшүнө кандай кадр керек экенине көзү жетип, өзүнүн уулу Исраилди колхозго зоотехник болуусун сунуштап, Жалал-Абаддагы айыл чарба техникумунун зоотехник бөлүмүнө тапшыртырат. Уулу окуу жайды бүтүп келгенден кийин шыр эле «Ленинчил-Жаш» колхозуна зоотехник болуп жумушка орношот. Мындан сырткары ал 1976-жылдан 1978-жылга чейин сүт-товар фермасынын башчысы болуп иштеп калды. Исраил аке өз кесиби мыкты адис болгондуктан, чогуу иштегендернин сыйлап турушаар эле. Жоокерчиликтүү жетекчи Исраил аке туурасында макалалар райондук, областык гезит беттеринде көп жарыяланган.

1985-жылы Кыргыз ССР компартиясынын ошол учурдагы биринчи секретары Турдакун Усубалиев койдун санын он беш миллионго жеткирүүгө КПСС БКнын алдында милдеттенме алган эле. Ушул милдеттенмеде «Ленинчил-Жаш» колхозу да өзүнө тиешелүү планды ашыгы менен аткарып бере алды. Бул ийгиликке жогорудагы каарманыбыздын иш тажрыйбаларынын түздөн түз салымы кошулду. Союз учурунда колхоздун кайсы тармагында ким кандай иштегенине - эл тараза, эл сынчы тура. Жороев Исраил жергиликтүү айылдык кеңешке шайлоодо элдин жакшы колдоосуна ээ болуп, ишеним көрсөтүлүп, эки жолу айылдык кеңешке депутат шайланган.

Учурда үч уул, алты кыздын атасы. Дагы деле болсо эл арасында кандайдыр бир чечилбеген маселеге кол шилтеп койбой, жаңы өсүп жаткан жаштарга кеңешин берип келет.

Байбичеси Теңизбаева Самар менен чогуу небере жытына тойбой, бактылуу өмүрдү башынан кечиришүүдө.

**Култуев Ашым**



Атпай журттун учу кыйырына чындыктын курмандыгы катары аттын кашкасындай белгилүү болгон Шералы Назаркуловдун бир боору Ашым Култуев 1947-жылы Ак-Тектирде карапайым үй-бүлөдө жарык дүйнөгө келген. Балалыгы бапыраган байгерчиликте эмес, башына тартсаң этегине кетпеген заманга туш болду. «Совет өкмөтү орноп, жаңы заман келген менен элдин жашоосу бир заматта эле өзгөрүп кетпей, эски замандын чеңгели узак убакытты чапчып турду», - дейт Ашым аке.

Колхоздоштуруу да өзүнүн жемишин берип, карапайым эл бирин-экин малын кошуп, колхоз да түптөлө баштаган кез. Элдин катарынан калбай атасы Култу да колхозго деп бир торпогун жетелеткен. Атасы ошол кезде «Интернационал» колхозунда кой бакчу. Ал убакта эле кокту – колотто жашаган эл, малга жайлуу деп тоо аралап күн кечирип жүрүшкөн.

Ашым аке жети жашка чыкканда Токбай–Талаанын төшүндөгү азыркы М. Абакиров атындагы) мектепке кирди. Күнүгө ал өйүздөн бул өйүздөгү мектепке жөө каттаган тестиер балдардын бутунда кийгени кадимки жылкынын соорукунан тигилген чокой болор эле. Мектепке жөнөгөндө китеп кабына салып алышкан бир сындырым нанды жарым жолго барганда, ат-кулакка ороп, таштын түбүнө бекитип коюшчу. Сабактан чыкканда аны жеп, суу болгон чокойлорун ташка жайып, кургатып алып иниси Шералы экөө үйүн көздөй жөнөшчү.

Өзүнүн өмүр таржымалы туурасында кеп салып отуруп, балалыктын дүйнөсүнө бир сүңгүп алды окшойт ал туурасында көпкө маашырлана сөз кылып алды. Тээ бир замандагы өмүрүнүн бир бүктөмдөрүндө калган бактылуу учур, Шералы экөөнүн текей терип жеп, чогуу ойноп жүргөн бактылуу балалыгына болгон кусалыгы карегинен сезилип турду.

Бирок бул бактылуу балалык узакка созулбаптыр. Ашым аке он бир жашында атасы Култу каза болуп, ошол бактылуу балалыгы, түйшүктүү тиричилик менен алмашылды. Иниси Шералы менен дайымкыдай текей терип, мандалак жеп ойнобой, машак терип апасынын жеңилин жерден оорун колдон алган күндөр өтө баштады. Күн батып күүгүм киргенде, апасы тиккен тулупту алып комбайн оруп кеткен аңызга жөнөшчү. Дээринде зирек бала апасына кадыресе жөлөк болуп, түйшүктүү турмуштун чыйырына түштү.

Атасы Култу оор басырыктуу, өзүнөн кичүүнүн да өтүнүчүн жерге таштабаган, кичи пейил, куулук шумдукту өнөр тутпаган, эстүү жан болгонун, айыл аксакалдары айтып калышат. Балдарына да эл кызматын кылган киши жаман болбосун отуруп – турганда кулагына куюп турчу экен.

Ошондогу ата сөзүн жерге таштабай, ар бир айтканын кулагы менен угуп, жан дүйнөсүнө сиңирип, акылы менен калчап, сезими менен туюп, каймагын калпый, өз турмушу менен жуурулуштуруп келет.

Ашым аке аскердик кызматты Фрунзеде өтөгөн. Аскерден кайтып келгенде айыл элине таза суу чыгарган насосто моторист болуп, бул жумушта ал 20 жыл эмгектенди.

Союз таркагандан кийин менчиктештирүү деген түшүнүк Кыргызстандын коюн – колтугун аралап, колхоз, совхоз жоюлуп, колхоздогу техника, мал-жан турсун колхоздун ийнеси учугу менен өз ээлерин таап кетти.

Он беш союздук республиканын «атасы» болгон СССР «эсил» болгондон кийин, жетимдикти Токбай-Талаа да башынан кечирип жатты. Мамлекет калыбына келтирип турчу жолдор кароосуз калып, жыртылып, тарпы чыкты. Коомдук имараттар ремонттолбой дербиш кейпин кийди. Элдин сугат суу жана таза сууга болгон зарылчылыгы күч алып, аны калыбына келтирүү эл үчүн чечилбей, көкөй кескен маселе боюнча калды.

Ошондо эл арасынан эл түйшүгүнө түйшөлүп, түн уйкусу үч бөлүнгөн элдин уулдары чыга баштады. Ошолордун бири биз сөз кылып жаткан Ашым Култуев эле.

Жогоруда айтып өткөндөй бир кездеги Токбай-Талаанын ичин көптөп арык – арык болуп акчу сугат суунун башын көчкү алып, элдин эшик алдында бадыраңы гүлдөп, помидору бышпай калганына бир топ жыл болгон. Ушул көйгөйдү чечип, элдин сүйүнүчүнө күбө болчусу келген Ашым аке бул ишке 2004-жылы билек түрүп, бел байлады.

Ансыз да жөнү жок ишти баштабай, айтканын айткандай аткарып жүргөн Ашым акени эли колдоп, сүрөп эле калды. Ошентип, көпчүлүктүн башын бириктирип, тээ Токбай-Атанын суусун сугат суу үчүн Шоронун астындагы Көк-Көчкүдөн берки өйүздөгү Кызыл Курбуга 13 метр бийиктиктен түтүк менен алып өтүп элин кубандырды.

Албетте, бул суу менен эле жалпы айылдын сугат сууга керектөөсүн канааттандыра коюш кыйын болчу. Антсе да ийгиликке карай шилтенген кадам катары, сугат суу чыгарган Ашым акеге эл ыраазы да, ошол учурда ага көмөктөшкөн Чолпонкул, Ибраим, Болот, Койчубек, Шодоң акелерге Ашым аке ыраазы.

Бийликтин да жүргүзгөн саясатынын кемчиликтерине өзүнүн сын көз карашын билдирип кайсы бийлик болбосун оппозициялык мүнөздөгү элдердин катмарында жүрөт.

Бирөөнүн кемчилигин бетке айтып сүйлөгөн жан дүйнөсү жасалмалуулукту жаман көргөн адам. Ар бир сын сөзүнүн тузу бар сыяктуу ачуу сүйлөйт, куйкум сөздү көпчүлүктүн көңүлүн көтөрө күлдүрүп коймою да бар.

## Назаркулов Шерали



Жылдыз толгон Көкө Теңир, Күн, Ай, Жер Эне, Тоолор, таштар, дарыялар, көлдөр, мухиддер бир ордунда турганы менен адамзаттын улам бири жарыкчылык менен кош айтышса улам бири төрөлүп, тирүүлүктүн учугу үзүлбөй келет. Доор алмашат. Заман оошот. Кылым тогошот. Ар кайсы заман өз тарыхы менен баалуу.

Ар мезгилдин тарыхта калуусуна ошол мезгилде жашап турган акылман, көрөгөн, сөзмөр, мекенчил инсандар түздөп түз таасирин тийгизет өңдөнөт.

Ошол сыяктуу Шералы Назаркуловдун атын укканда, дагы Үзөңгү - Куушка байланышкан 2002-жылкы саясый окуя кимдин гана көз алдына тартылбайт. Бул окуяны албетте Шералы Назаркуловдун ысымынан ажырым карасак супсак болуп калат.

Мен анда Шералы Назаркулов менен бир айылдан экенимди билбей эле (Ал мектепти бүткөндөн кийин эле Казахстанда, Россияда, Бишкекте жашап калган экен) ал окуяга кабыргам кайышып, төмөндөгү сөздөрдү тизмектедим эле.

Замандын куту учуп кадам сайын,
Балдары чөнтөк кескен кески болду
Айтылган акыйкат сөз тыңшалбастан,
Камакка камап салып тепки болду.

Аксакал,  ата  деген  атуулдарың
Теледен  ак сүйлөөдөн  арданышкан.
«Кеп  баштап  багат»,  -  деген  жигиттериң
Адашты  уят – сыйыт,   ар -  намыстан.

Көчөдө  оңой  оокат  тапкан  кыздар,
Көзү  учуп  акча  үчүн  арзыбаган.
Балпайып  төрдө  олтурар  карыларың
Кайырчы  кейпин  кийип  жалдыраган.

Пенсия,  маяна  аты  унутулуп
Кендирин  кести  элдин  жакырчылык
Кердейип  эл  ырысын  жутуп  коюп,
Жегичтер  чыйт түкүрөт   баатырсынып.

Жер  Эне  боздоп  турат  ыйын  баспай,
Денеси  сатылганга  жиликтенип.
Тың  чыкма  жигиттерин,  буттан  чалып,
Үркөрдөй  бир  ууч  кыргыз  бирикпедик.

Бийлигиң  эл  куруткан  чыт  курсактар.
Жер –Эне  жегичтерден  тынбас  болду.
Элинин  эртеңи  үчүн  күйгөндөрдүн,
Бирөөсү  муңдуу  жерге  муңдаш  болду.

Мен анын «Оптимисттик трагедия» аттуу китебин окуп чыккандан кийин, анын инсандык бейнесине арнап калем, шилтеп көрүүнү ойлоп бирок чамам жетпеди көрүнөт, барактарым актай калып, калемим ордуна коюлду. Тек гана менин ушундай агам бар деген сыймыктануу сезими гана ички дүйнөмдө калды. Ал эми бүгүн болсо ушул уруунун бүгүнкү күндөгү урпактарынын өмүр таржымалын жазуу калемиме насип

этип, ошол урпактардын бири Шералы Назаркулов болду. Ал тизмемдин башында турса да эмнегедир эң акыры анын өмүр таржымалына барак, калем камдадым.

Кээде менден телефон аркылуу ал-абалымды сурап турган устатым Бакыт Абдыразаков да: «Нургүл, Шекемди канттиң», - деп сурап калаар эле.

Бир тууган агасы Култуев Дыйкан: «Шерали төрөлгөндө эле көзү ачык төрөлгөн экен. Ошондон эле жөн бала болгон жок», - дейт. Мектепке жаңы эле кадам таштап, аны менен чогуу окуган балдар «А» деген арипти араң өздөштүрүп жүргөндө, Шералы кадыресе шыр окуп, эсеп чыгарууга эки колунун, эки бутунун манжалары да жетпей жерге отура калып, шыраалжындын куурайын бутунун салааларына кыстарып, эсеп чыгарчу экен. Мына анын жети жаштагы өзүнүн кичинекей дүйнөсүнө жаңычылдыгы.

Дыйкан аба менен Ашым акенин (бир тууган агалары) айтымында оюндагысын бербеген көк, аябагандай шок, мушташканды жакшы көргөн, кекчил болгон дейт. Анын мындай мүнөзүн Кара-Кулжадагы мектеп интернатта чогуу окуган Салиев Орозмамат аке да айтып калчу.

Бирок анын ошол терисине батпаган шоктугу анын жан дүйнөсү менен таптакыр дал келчү эмес. Анын ички дүйнөсү тим эле, гүлдүн, болгондо да тоо гүлүнүн желесиндей, назик, үлбүрөк эле.

Шералы Назаркуловду үйрөнүү, кандай адам экенин айтуу, билүү өтө татаал, кыйын нерсе.

Ошон үчүн аны белгилүү саясатчы Дүйшөнкул Чотонов: «Жарыктык ак жүрөк акемдин чеберчилик менен адамды өзүнө тартып сүйлөгөн аалам сырдуу идеяларын жерге жакындатып, кыялап кеткен кыялдарын кууп жетүүгө көбүбүздүн мүмкүнчүлүгүбүз жетчү эмес. Ал өзү ушундай болоюн деген эмес, болгону чоң саясат, өлбөс өнөр үчүн жаралгандай тубаса жан эле»

Ал 1950-жылы «Ленинчил - Жаш» колхозунун Шилби деген участкасында төрөлгөн. 4-класска чейин Төштөгү (азыркы М. Абакиров атындагы) мектепте, кийин, Кара-Кулжа районундагы метеп–интернатта окуп 10-классты Жалал-Абад шаарынан бүтүргөн.

1967-жылы Фрунзе (азыркы Бишкек) шаарындагы Политехникалык институттун куруучулук бөлүмүнө тапшырып өтүп, ал окуу жайды бүткөн соң Республикасынын Алматы шаарындагы Казакстан Мамлекеттик Улуттук Университетинин экономика факультетин бүтүрдү.

Шералы Назаркулов интернатта окуп жүргөндөгү өзү менен кечке чогуу ойногон балдар түн киргенде жаздыкка башын кое электе уйкуга кетишсе, ал керебеттин башында китеп бетине үңүлүп кипигинде уйку жок отура берер эле. Студент болгондо деле ошол калыбынан жазган жок. Анын мындай изденүүсү бүгүнкү жашоону алдын ала көрө билгендигине жеткирди.

Он беш союздук республиканын башын кошкон Улуу Державанын бир системадан экинчи системага өткөндө, он беш социалисттик өлкөнүн мындай бир союзга биригиши экинчи системанын талабына жооп бербей ыдырашына алдын ала көзү жеткен.

Өзүнүн туулган айылына келип аттуу-баштуу аксакалдарды, орто муундун өкүлдөрүн чакырып: «СССР таркап бүт мамлекеттик мүлк менчиктештирилип, ал менчиктештирүү тоо койнундагы колхоздорго да келет, азыртан жеке фермер болууга даяр болгула, болбосо бөлүнгөн мал чарбачылыгы кумга сиңген суудай жок болот», - деп айтканда, «Кантип эле ушундай чоң держава бөлүнүп калсын, аны ким бөлө алат имиш?Бу Култунун баласы Шералы акылдан азганбы», - дешип кол шилтеп, эл жыйылган жерде көз ирмемде Шералы аке өзү эле калат. Элим деп күйүп – жанып келген Шералы акенин шагы

сынып, көңүлү ооруп, айылдан кетти да ошол бойдон айылдан анын карааны көрүнбөй калды.

Эгемендүүлүктү колуна кармап бирок кайда басаарын билбей кадамынан адашып экономикалык кризиске чөгүп бара жаткан бүтүндөй Кыргызстандын жаркын жашоосу үчүн тээ Москванын китепканаларын экинчи үйү кылып, саясий элиталар менен баарлашып, төптөгөн тажрыйбаларын электен өткөзүп, биздин (Кыргызстандын) баш мыйзамыбызга өзгөчө орчундуу ой пикирлерин сунуштап. иши да, ашы да, түшү да Кыргызстандын экономикасын көтөрүү эле.

Ал эми мекени менен бир денедегидей ал үчүн акылын улап жүргөн учурда Үзөңгү-Куушта маселеси көтөрүлүп, аны талкуугa алган сайын Шералы акенин жүрөгү сөгүлдү.

## Култуев Дыйкан



Тилинде мөөрү бар өңдүү сөздүн кышын кынтыксыз кынап сүйлөгөн, көрөңгыдан көз тапкан, капилеттен сөз тапкан, кара кылды көк жарып, калыстыгы ашынган, кыраан бүркүттөй сүрү бар, куйкум сөздүү, орто муундун кеңешчиси, жаштардын насаатчысы болгон бул инсандын бейнесине көз чаптырсак, ушундай аксакал адамы бар айыл кандай бактылуу дээрсиз.

Дыйкан абанын 1940-жылдан берки өмүр таржымалына көз чаптырсак, ушул элдин түйшүгүнө түйшөпгөн «Ленинчил - Жаш», колхозунун мал чарбасында эң орчундуу мыкты кадр, өз кесибин сүйгөн жоопкерчиликтүү адис, аш-тойлордо, жамандык жакшылыкта айыл ичиндеги аксакалдардын алдыңкы

сабында турган элдин абройлуу аталарынын бири, акты ак деп, караны кара деп, калыс бүтүм чыгарган Аксакалдар сотунун төрагасы болууга жетишкен.

Ал Ак-Тектирде төрөлүп, 9 жашында Караган Тектирдеги «Интернационал» мектебинде 3 класска чейин окуп, кийин Токбай-Талаанын төшүндөгү (азыркы М. Абакиров атындагы) мектепте окуган. Мектепти аяктаганда колхоздо кадрдык маселе күч болуп турган учур эле. Дыйкан абаны ошол учурдагы «Ленинчил-Жаш» колхозунун башкармасы болуп турган Беделбай Исаев бир жыл колхоздун өндүрүш чарбасында иштесин деп окуу жайларга тапшырганга уруксат бербей коет. Билимин дагы тереңдетип, бир кесипке ээ болуу жаңы замандын талабы:Сен окубасаң, мен окубасам, ал окубаса жаңы заманды билимсиз кадр кантип өнүктөрмөк эле деген түйүндүү маселени сезип, окуймун деген бүтүмүнөн кайтпай койду. Көздөгөн максатына жетпесе, жаңы жай алчудай эмес. Ал, Кызыл-Байрак колхозуна барды да, уруксат алып, Кызыл-Кыя шаарындагы Караван селосунун №8 – ОМСХ нын механика бөлүмүнө тапшырат да, аны бүтүп келип, колхоздо трактор айдап жүргөн жеринен, кайра Беделбай Исаев сен колхоздун башка тармагына иштөөң керек деп өзү Жалал-Абадка жөнөтөт. Ал жерде ал айыл чарба техникумунун зооветеринардык бөлүмүнө тапшырат.

Дыйкан аба ал окууну бүткөндөн кийин дароо эле эмгек буйрутмасы менен Куршабдагы «Асыл тукум мал чарбачылыгын өнүктүрүү станциясына (ЮКОСко) жөнөтүлөт. Дыйкан абанын ал жерге жөнөтүлүшү да жөндөн жөн эмес, Окуу жайда жакшы окугандыгы үчүн болду.

Бир жылдан кийин турмуш шартына байланыштуу Араван районуна которулуп кетет.

1967-жылы өзү туулуп өскөн айылындагы «Ленинчил жаш» колхозуна келип өз кесиби боюнча 1990-жылга чейин эмгектенди.

Колхоз, совхоз таркагандан кийин, ал Уйгактуу деген дыйкан чарбаны уюштуруп жетектеп жүрүп, 2003-жылы ардактуу эс алууга чыкты.

Дыйкан абанын бир айткан кеби эч качан эки болбойт. «Эс алууга чыктым», - деп эле отура бербей дагы деле айылдын чечилбеген көйгөйлөрү жол, суу, көпүрө өңдүү маселелерин ортого салып, демилге көтөрүп, жаштардын башын кошуп чечип турат.

Өзү ушундай тил билги, көрөгөч жан болсо да, өзүнөн бир аз улуу айыл аксакалдары менен кеп талашып, кер-мур айтышпайт. Анын кеби эле эмес, жүргөн жүрүшү элге үлгү, жаштарга тарбия.

### Арзиев Анарбай

Орусиянын Мурманск шаарындагы аскердик бөлүктөрдүн биринен Анарбай акенин атасы Ысак абага, уулуна мыкты тарбия бергендиги үчүн, алкыш каты жөнөтүлдү. Болгондо да бир жолу эмес, эки жолу. Кызык?. . Ысак абанын кечээги эле чүкө ойноп жүргөн Анарбайы бүгүн аскер кызматын өтөп жүрүп, орус командирлерине жагып, ата-энесине алкыш алып бериптир.

Кичинесинде баягы чоң атасы Арзинин Үч-Чаттагы тигип койгон талы оожала электе Ысак абаны бакыртып, кыйкыртып эле, жаңы өсүп чыккан бутагын тырс сындырып алып, ат кылып чапкылап кетчү. Ошол тоонун шамалы менен кошо жарыша жүгүрүп, мөлтүр кашка булактын көзүнөн суу ичип, тоонун таза абасынна дем алып, чоңойгон бала орус аскерлеринен да тың чыккан го.

Уулунун уяткарбасын билип, айткан кеби бекер кетпегенин сезип, катты ачып жатып: «Мен күткөнмүн, күткөнмүн», - деп кобуранып койгон эле Ысак аба.

Анарбай ата мектеп жашынан эле зирек өстү, атасы Ысактын ар бир айткан сөзүн унчукпай угуп, ошол учурдан эле жасаган жумуштары менен жуурулуштуруп кетээр эле. Аны байкаганга Ысак аба көңүлү толуп, ичинен ыраазы боло алкап калчу.

Анарбай аке мектепте окуп жүргөндө эле, жогорку окуу жайга тапшырууну көздөп жүрчү. Ошентип ал мектепти 1969-жылы аяктап, Фрунзедеги Политехникалык Институтка тапшырып өткөндөн кийин, Ысак аба: «Келип кеткениңе алыс», - деп кайра чакыртып алган. Бирок да баягы окуймун деген жүрөгүндөгү учкуну өчпөй көңүлүнө тынчтык бербей жүрдү. Ал Ысак абадан суранып Куршабдагы СелПТУга тапшырат. Ал окууну 1972-жылы эң жакшы баа менен бүтүргөндө мугалимдер бул баладан мыкты адис чыгыш керек дешип Орусиянын Свердловск шаарындагы Индустриалдык Техникумга жөнөтүшөт. Муну уккан Анарбай акенин:

Москва Ташкент ураанын
Жакшы деп элден угамын
Ошолорду мен угуп
Канткенде чыдап турамын (Ж. Турусбеков)

демекчи, ошол күнү эле Свердловскийге канат байлап, учуп кеткиси келип сүйүнгөнүн айтпа. Себеби жогоруда айткандай ал ошол Орусиянын шаарларынын биринде окусам деген ниети бар эле. Тилекке каршы үч күндөн кийин анын ордуна башка бирөө кетип, аны Ташкентке которуп коюшуптур. Ошондо чындыкты сүйгөн бала мугалимдердин жасаган ишине ирээнжип, чемоданын жыйыштырып, Токбай-Талаага келе берет.

Андан кийин Анарбай аке аскерге кетип, жогоруда айтылгандай эки жолу ата-энесине алкыш баракчасы келсе, ал эми өзү келгенде маңдайында беш жылдызы, көкүрөгүндө «Советтик Армиянын отличниги» деген төш белгиси жаркырай, кайтып келди.

Деги койчу Анарбай аке эмне жумуш жасаса да артынан элдин алкоосу ээрчий жүрчү. Аскерден 1974-жылы келип, байланыш түйүнүндө иштеди. Андан кийин колхоздун коюн бакты. Бул түйшүктүү жумушту ал он сегиз жыл аркалады Анарбай акенин баккан койлору эт жана жүн багытында болуп, жылына планды ашыгы менен тапшырып, милдеттенмелерди аткарып, колхоз жетекчилеринен да ыраазылык угуп, алкыш алып жүрдү.

Азыр деле элдин көйгөйлүү маселесине түйшөлүп, түн уйкусу үчкө бөлүнүп, элдин катарынан калбай жол оңдоо, көпүрө оңдоо өңдүү иштерге катышып келүүдө. Учурда алты баланын атасы, ортоңку жана жаш муунга кеңешчи, насаатчы дан. Жубайы Жээнбү эже экөө алты баланы тарбиялап өстүрүп, турмуш жолуна узатышты.

**Эргешов Жаламидин (Бечел)**

1940-жылы Загыра (азыркы Сай) айылында төрөлгөн. Жети жашында Кызыл-Жол орто мектебине 1-класска киргенден тарта дайыма бир нерсени билип алайын деп алдыга умтулган окуучулардын катарында жүрөөр эле. Кээде отуруп окуучулук күндөрүн тасмага тартылгандай көз алдынан чуурутуп калат. «Маңыроо балалыктын оюнкараактыгына азгырылып, ошол замандын оор экенин деле сезбептирбиз, курсагым ач, кийимим жыртык деген көйгөйдү ал учурда түшүнбөптүрбүз», - дейт Жаламидин аба. Кайсы доор болбосун жүрөктө кымындай тагы жок балалык сезимдер өзгөрбөс нерсе окшобойбу?. . Кадырын билбей оюн менен алек болуп өткөрүп жибергенден кийин көзүңө жаш кылгыра эстейсиң. Бирок кайрылбай күн өткөн сайын ага болгон сагыныч унутулмак турсун жүрөккө сымаптай чөгүп, салмактана берет.

Ошол сыяктуу Жаламидин абанын балалыгы согушка, андан кийин ачарчылыкка туш болсо, кайдагы бактылуу балалык дээрбиз… Бирок пакиза балалык сезим ага карабай ошондогу жан дүйнөнүн тазалыгы аны кабыл калбаганын

Жаламидин абанын бактылуу балалыгын тамшана кеп салганы далилдеди.

Балалык артта калып, тим эле ойду омором, тоону томором деген жигит курак келип, Жаламидин аба аскерге кетти. Ал аскердик кызматты Украина Республикасынын Ялта шаарында өткөрдү. Аскерде жүргөндө ал аскерлердин ичинен тың, шамдагай чыгып, беш кошкон балдардан өзгөчөлөнүп, командиринин көзүнө илине алды. Жарым жыл кызмат өтөгөндөн кийин активдүү аскерлерге берилүүчү аскердик мандатка ээ болду. Мындай мандатка ээ болгон аскер Советтик Армиянын жыйындарына катышууга укуктуу эле.

Ата-энесине уулунун командиринен алкыш каттар келип турчу. Жаламидин аба аскерде жүргөндө СССРдин Улуу Ата Мекендик согушта душмандын алтымыш согуштук учагын атып түшүргөн генерал жана СССРдин эки жолку Баатыры генерал майор Газеров жана Улуу Ата Мекендик согушта душмандын жыйырма согуштук учагын атып түшүргөн Алюлихин менен кол алышып учурашканын бүгүнкү күнгө чейин унутпайт.

Аскерде жүргөндө бир жылдан кийин эс алууга келип кайра бара жатканда түштүктүн дүйүм жемиштеринен чогуу кызмат өтөгөн досторуна ала барган. Баары менен кучак жайып учурашып, алып барган жемиштерди столго коюп, ротанын старшинасы Адоль Рудоман аскерлерге жемиштерден ооз тийгиле дегенде алар бирден анарды колго алып тышы менен эле чайнап киришкен. Буларды көргөн старшина Адоль Рудоман аларга анардын кандай желе турганын көрсөтүп, Кыргызстан күнөстүү жер экенин, ушундай түркүн жемиштер өсөрүн сүрөттөп айтып жатканда: «Кыргызстандын, анын ичинен Загыранын кадырын сездим», - дейт Жаламидин аба.

Ал аскерден келгенде элдер кийим-кечеке жетишип, аздыр-көптүр курсак тоюнуп калган экен. Баягы үйдүн ичине кирсең эшик төрү көрүнбөгөн өжүрөлөр караңгы заман

менен артта калып, чоң терезелүү заңгырган үйлөр түшүп, көчөлөр кеңейип, ар үйгө электр чубалгылары тартылып, Ильич шамы жаркыраптыр. Замандын талабына жараша Жаламидин аба электрик болууну бат эле өздөштүрүп, кесип тутуп калды.

Ар бир үйдүн эшигинде он беш союздук республиканын ичнде болуп жаткан кымындай жаңылыкты да радио деген төрт бурчтук кутуча элге жеткирип тураар эле. Кийинчерээк Жаламидин аба ошол радио түйүндө да иштеп жүрдү.

1968-жылдан 1972-жылдын 12-сентябрына чейин алыскы Алайкуу өрөөнүнө Капчыгайдын ичи менен радионун чубалгыларын жеткирүү ишине катышкан. Кийин сугат суу үчүн орнотулган насосто инженер-электрик болуп жумушка орноштуп ошол эле жерде башкы моторист да болуп иштеди.

1995-жылдан 2007-жылга чейин Сай айылындагы мечитте имам болду.

2001-жылы сугат суу үчүн ашаруюштуруп: Дөөлөт, Канат, Аскарбек, Атыш, Бекмамат, Зарид, Жусуп, Закир, Курманбек, Марат аттуу балдарды чакырып 26-май күнү арык менен суу чыгарышты. Ал суу ушул күнгө чейин элдин пайдасында. Азыр деле Жаламидин аба айылда элдин турмушуна байланыштуу маселе болсо ортого салып, элдин башын бириктирип чечип койот. Жаламидин абага ден соолук каалап, айылда кадырман карылардын бири болуп жүрө беришин эли тилеп келет.

## Мырзабаев Төлөнбай

Улуу тоого бекинген
Улар өтөр дүйнөдөн
Учурганын куткарбас
Тынар да өтөөр дүйнөдөн.

Чырпыгы асман тиреген
Чынар да өтөөр дүйнөдөн
Курт кумурска жаныбар

Булар да өтөөр дүйнөдөн – деген ыр саптары жүрөгүнүн түпкүрүнөн оргуп чыккан Төлөнбай аба бүгүнкү замандын ар кандай оош- кыйыштарына астейдил баа берип, замандын адамдарга, же болбосо адамдардын заманга тийгизген таасирин, айрыкча ушундай байгерчилик заманда да адамдардын пейил-куну учуп жатканына эмне себеп болгонун таппай, ой учугуна жетпей, түйшөлүп келет. Башынан өткөргөн үч заманды салыштырып отуруп, бүгүнкү күндөгү жазылган мыйзамы менен жасаган иши дал келбей, ажосунан кожосуна чейин бир сөздү эки түрлүү сүйлөгөн, элдин акысын жеп, манчыркаган айрым чиновник сөрөйлөргө жийиркеничтүү карап, өз үнүн өзү угуп: «ушуну ким түз жолго салат же артка жол жокпу», - деп заманасы куурулат. Тээ бир замандагы эч кандай кагазга түшпөгөн мыйзамы жок эле ариет, намыс, абийир, калыстык деген сапаттарды бийик тутушуп, ат көтөргүс салмагы бар, ооздон эле чыккан бир сөз эле өзгөрбөс мыйзам эмес беле. Ошол мыйзамдар бүгүнкү күндө арык аттап, суу кечпей, кумга сиңген суудай болуп өзүнүн күчүн жоготту. Адамдардын баары эки жүздүү болуп бара жатканын, береке куттун жоктугун бир кездеги Калыгул Бай уулунун, Арстанбек Буйлаш уулунун, Молдо Нияздардын казалдарындагы акыр замандын белгилери болуп, бул мыйзам ченемдүү көрүнүш болуп жүрбөсүн деп да коңт.

Бир замандагы бир казандан аш ичип, бир нанды бөлүп жеген бир айылдын эли бир кишидей эле биримдикте жашашып жада калса, айылда бир сый кийим болсо, ошону ким айылга барса, сурап кийип кете беришчүү эмес беле. Бул менин кийимим эле тиги сурады деген кемсинтүү деле болгон эмес. Бүгүнкү күндө бул көрүнүш тескерисинче адамдар бири бирине адамдык сапаты менен эмес кийген саркеч кийимдери менен, айдаган унаалары менен

мактангандары кимди гана өкүндүрбөйт. Төлөнбай абанын бул үнү ушул китепте учкун болсо окурмандар аркылуу жалындаар деген ишеничим бар.
1940-жылы төрөлгөн. Төлөнбай аба1948-жылы Токбай-Талаа кыштагынын төшүндөгү төрт жылдык (азыркы М. Абиров) атындагы мектепте билим алып, андан кийин окуусун Биринчи Майдагы Токтогул Сатылганов атындагы орто мектепте улантып, 10-классты Сай айылындагы «Кызыл-Жол» орто мектебинен бүтүргөн.

Ошондогу кудайдын куттуу күнү Бел-Башатты ашып мектепке каттаган өспүрүмдүн жол бою ак этип, так эте тилегени жогорку окуу жайга тапшырып, дарыгерлик кесипке ээ болуу эле.

Бир учурдагы таар шым, таар чепкен кийип, тор торбо көтөрүп, окуу куралдары жетишсиз болуп, мектептин алыстыгына карабай, мектепке каттаган балдар бүгүнкү күндөгүдөй шартта болсок чекеден эле академиктер, илимдин докторлору чыкмак деп күлүп калат.

Төлөнбай аба 10-классты бүткөн учурда колхоз-совхоздордун да чарбалык жумушуна эмгек күчү жетиш-сиздегинен мектепти бүткөн окуучулар бир жыл колхоздун өндүрүш чарбасында иштешип, бир жылдык өндүрүштүк стаж менен гана жогорку жана орто окуу жайга кабыл алынышчу. Бирок Төлөнбай аба 1958-жылы «ушул жылы окушум –керек» деп 35 сом менен Фрунзе (азыркы Бишкек) шаарына качып кетет.

Бул жактан «Ленинчил Жаш» колхозунун башкармасы Беделбай Исаев көпкө чейин эмгек китепчесин бербей жүрүп, кийин Төлөнбай абанын артынан ошол кездеги колхоздун бухгалтери Темиркулов Бөрүгул «Колхозго да билимдүү кадр керек», - деп эмгек китепчесин жөнөткөн экен. Ал учурда Төлөнбай аба Фрунзеде жатаар жери жок Дзержинский бульварында түнөп жүргөн учуру эле. Андан кийин ал борбордогу Кыргыз мамлекеттик Медицина институтунун

Стоматология факуьтетине тапшырып, студенттер жатаканасында жашап калат.

Төлөнбай абанын алыскы Токбай-Талаадан билим алуу үчүн Фрунзеге качып бульварда түнөгөнү бекер болгон жок. Окуусун эң мыкты өздөштүрүп, ошол кездеги жакшы окуган студенттерге берилүүчү эң жогорку баскычтагы он төрт сом өлчөмүндөгү степендия менен окуп жүрдү. Ар бир окуу жылынын аягында мугалимдердин алкышына жана институттун мактоо баракчасына эгедер болоор эле. Бул окуу жайды Төлөнбай аба 1962-жылы аяктап, өзү туулуп өскөн айылы Токбай-Талаага келип, айылдык ооруканага тиш дарыгери болуп кызматка орношот. Бул кесипти ал отуз жыл аркалады. Ал муну менен эле чектелбестен 1975-жылы Ош Педогогикалык Институтунун Филология факультетине тапшырып, 1980-жылы бүтүргөн. Бирок айыл элинин талабы анын биринчи кесиби Тиш дарыгерликке көп болгондуктан ал дарыгерлик кесибинен кеткен жок. Бирок ошол жылдар аралыгында бир дагы тиш дарыгер да ооруканага келген эмес.

Төлөнбай аба учурда ардактуу эс алуудагы айыл аксакалдарынын бири, Алты баланын атасы, он тогуз неберege, эки чеберege чоң ата, таята болуп калды. Ал балдарын ар кесиптин ээси болууга үндөп, колдон келишинче шарт түзүп берип жүрдү. Атасынын кебин эки кылбай өскөн балдары да ар кандай кесипке ээ болушту: Чоң уулу Тажибек юрист, кызы Чынара атасынын жолун жолдоп медицина кызматкери, Тыныбек жол кыймылын көзөмөлдөө кызматкери, Кылычбек, Тынчтыкбек Жанара, да өз кесиптери менен алектенишет. Өмүрлүк жубайы экөө уул - кыздарынын төрүндө кадырлуу ата-эне болушуп, бактылуу карылыкты баштан кечиришүүдө.

Төлөнбай абанын көлкүгөн көөдөнүндө бүгүнкү күндүн орчундуу көйгөйлөрүнө, замандын терс көрүнүштөрүнө түйшөлүүсүн бөксөртөөр жаш муундар чыгаар деген үмүтү бар…

**Ажымаматов Абдиназар**



1939-жылы Загыра (азыркы Сай) айылында төрөлгөн. 7-класска чейин Кызыл Жол мектебинде окуп, 10-классты Биринчи Майдагы Токтогул орто мектебинен аяктап, 1960-жылы ОшПИнин биология факультетин бүтүргөн.

Ушул Абдыназар агайдан окуган окуучулардын баары бир айткан таалим сөзүн эле турмушунда колдонсо жаман болбогон чыгар. Анын канчалаган окуучулары өзүнүн жолун жолдоп кайрылып ушул мектепке келип иштешип, Абдыназар агайдын билим деген кербени сапарын улантууда. Агайдын тажрыйбалары, ыкмалары бүгүнкү күнгө чейин мектепте колдонулат.

Окуучунун кемчилигин укса же байкаса, көпчүлүк окуучулардын ортосунда аны ашкерелебей, акырын гана далысынан бура, элден оолак тартып жолго салып коер эле. Бул ыкма менен ал балдарды намыскөйлүккө чакырчу.

Бүгүнкү күндөгү Сай айылынын Мариш Батыров атындагы орто мектептин 1-класстан 11-класска чейинки мыкты окуган окуучуларына Ажыматов Абдыназардын урматына анын балдары тарабынан степендия берилет.

Ажыматов Абдыназар 1977 жылдан - 1981-жылга чейин Кызыл-Жол орто мектебинде мугалим болуп иштеп жүрүп директорлук кызматты аркалоого жетишкен. Абдыназар агай ушул мектепте иштеп жүргөндө сабакта жакшы окуган окуучулардын билимин баалап, өзүнүн балдарына да үлгү катары ошолордой болуусун сунуштаар эле. Ошол күндөн бери канча жылдар өтүп, ошол кездеги Абдыназар агайдын окуучулары бүгүн чоң

ата, чоң эне болуп калышты. Алар отурган мектеп парталарына канчалаган муун отурбады, бирок анын уулдары кайсы мезгил болбосун, кайсы муун болбосун, атабыз жакшы окуган окуучуларды баалачу, ошол окуучулардын баары Ажыматов Абдыназардын окуучулары деп таанып келишет. Бир туугандарын башын бириктирип «Атасы Абдыназардын окуучуларына» жогорудагыдай стипендия берип келгендиги ошондон.

Ажыматов Абдыназар мектепте мугалим эле эмес, ал өзү мектеп болчу. Баскан турганы, сүйлөгөн сөзү бирөөгө берген насааты, жасаган иштери эч кынтыксыз, билген кишиге аябай үлгү болорлук эле.

Оор басырыктуу, бир караган көргөн, да кишиге киш сүрдүү көрүнүп багып сүйлөөдөн, тартынганы менен, сүйлөшө келгенде жан дүйнөсү жөнөкөй, кичи пейил, боорукер жан боло турган.

Ал убакта колхоздо бригадалар аралык ар кандай эмгек мелдештери өткөрүлүп турчу. 1981-жылы Ажыматов Абдыназардын колхоздор аралык мелдештердин биринде бригадасы «Жигули» маркасындагы автоунааны утуп алышкан. Бригаданын курамындагыларга талапты катуу коер эле. Антпесе, колхоздун экономикасынын өнүгүшү жай боюнча калмак.

Уулу Ажыматов Жолон Сай айылында элдин кызматында. Ал 1963-жылы ушул жерде төрөлгөн. «Кызыл - Жол» орто мектебинен билимге ээ болуп, 1981жылдан - 1983 жылга чейин Афганистанда кызмат өтөп келген. Учурда Афганчылар коомунун ревизиялык комиссиясынын төрагасы. Аскерде далай өлүмдөрдү көрүп, элде ушундай согуш болбосо экен деп тилейт. Эки киши урушса да аларды ынтымакка чакырып турмайы бар.

Баягы Абдыназар агайдын окуучуларын намыскөйлүккө, патриотуулукка үндөгөн сөздөрү өз балдарынын акылына эле эмес, канына сиңген өңдүү.

Жолон аке учурда 7 баланын атасы, Салия эже менен балдарына чогуу тарбия берип келет.

## Айдаров Арыкбай

1912-жылы Загра айылында төрөлгөн. Балалыгы нукура эски замандын соңуна туш келди.

Эс тартып, элдин кызматын аркалай турган мезгилиндеги жаңы замандын колхоздоштуруу, коллективдештирүү деген түшүнүгү эл арасын аралап, тоо арасында жашаган эл үчүн бул жаңылык дароо эле түшүнүктүү боло бербей элди далай чочулаткан.

Ошондо, Айдаров Арыкбай сезимталдыгы, дилгирлиги менен караңгы элге жаңы заман тууразында түшүндүрүү, үгүттөө иштерин жүргүзүүгө салымын кошту.

Арыкбай аба он эки жашында 3 жылдык араб тилинде сабатын жоюп, ошондо жаратканга беш убак ибадат кыла баштап, аны өмүр бою таштаган жок. Аны менен чогуу жүргөн замандаштарынын айтуусунда: "Ал дайыма ат менен жүрүп, ээрдин кашында бир желим идишке суу илип алып, дайыма даарат менен жүрөр эле", - дешет.

Арыкбай аба ислам динин катуу тутунуп, анын ар кандай талаптарын амал кылууга аракет кылар эле: карыз алуудан кандай корксо, бирөөнүн акысын бербей коюудан ошончолук коркоор эле.

Бир жолу чөп орундудагы чөбүн айылдагы тракторист Маматов Тезекбай абанын алып келип берүүсүн суранат. Аны Тезекбай аке Арыкбай аба менен ич ара жакшы мамиледе болгон үчүн жумуш акысын алуудан баш тартат. Анда Арыкбай аке алып келген чөптү Тезекбай абага кайра алып барып кой, болбосо мындан ары алаканы үзөлү деп жатып жумуш акысын берет.

Арыкбай аба Улуу Ата Мекендик согушка 1942-жылы кетип, жамгырдай жааган октун арасында кан кечип, душмандар менен салгылашууда денесинен оор жаракат алып, госпиталга жаткырылып, жаратынын оордугунан

Россиянын Саратов шаарында кайра согушка кирген эмес. Ошол согушуп жүргөн учурунда бир жолу ат издеп (арабага чегип согушчандарга курал жеткирүү үчүн) орус токоюн аралап жүрүп, токойдун ичинен кичинекей үйдү көрөт. Ал үйдүн жанына барса, ичинде Советтик аскерлердин турган жерлери туурасында маалымат берип жатканын угат да. Эшикти ача калып өзү дарбазанын артына жашынып калат. Ичинен төрт фашисттик аскер чыгып, токой аралап качып жөнөшөт.

Арыкбай аба алардын артынан мылтыгын кезеп ок чыгарганда мылтыгы чакыбай койгон экен. Ал туурасында ал чогуу жүргөн аскерлерге барып аларга болгон окуяны айтып, мылтыкты бергенде алардын колунан чакыган экен. Муну Арыкбай абанын бүгүнкү күндөгү балдары атамдын киши өлтүрүү каалоосунун жоктугун, өзү кымындай да күмөнү жок ишенип андан күмөнсүз жооп алган Теңирдин өкүмү окшойт деп болжошот.

1916-жылы Үркүндө Кытай жергесине качкан бир туугандары жөнүндө Арыкбай абанын атасы айтып кеткен керээзин аткаруу максатында Сай айылынан Кытай жергесине чейин жөө барып келген. Ал Кытайга барса, бир тууганы Кытай жергесинде дүкөнчү экен. Бир тууганы жашаган жерге жеткиче 3 күн ачка калып, туз жалап барып, келгенин балдарына айтып калчу.

Арыкбай аба согуштан келгенден кийинки өмүрүн бүтүндөй Карл-Маркс колхозундагы ЖЭУ да иштөөгө арнады. Ал ардактуу эс алууга чыккандан кийин да жолду оңдоо менен алектенип жүрдү.

Ал 49 жашында балалуу болгон экен.

Балдарынын арасынан айрыкча Орозбү эже менен Маматзакир аке атасынын жасаган жумуштары, сүйлөгөн сөздөрү боюнча бүгүнкү күнгө чейин жакшы пикирлерди угуп, атасы менен сыймыктанып келишет.

## Абдыкадыров Сапарбек Додоевич

1-январь1967-жылы Кара-Кулжа районунун Калинин колхозундагы Кара-Булак айылында туулган. 1982-жылы «Ажике» орто мектебинин 8 классты бүтүп, Фрунзедеги Курулуш техникумуна тапшырып, 1986-жылы аяктаган. 1986-жылы март айынан баштап жаш адис катары Жалал-Абад шаарында “Южрембытстрой” ПМКда эмгек жолун баштаган. Ошол эле жылы Советтик Армияга кызматка чакырылып, 1988-жылдын май айына чейин Ленинград шаардык Аскер Деңиз базасында кызмат өтөгөн. 1988-жылдан баштап “Фрунзедеги шаардык долбоорлоо” институтунда конструктор, комсомол комитетинин төрагасы болуп иштеп, Кыргыз Архитектура жана Курулуш институтунда кечки бөлүмүндө “өнөр жай жана граждандык курулуш” адистиги боюнча билимин улантат. 1991-жылдан баштап Түндүк оңдоо – курулуш башкармалыгында (Минжилкомхоз) инженер по ТБ, башкы инженер, башчы болуп 2001-жылга чейин эмгектенди. 2003-жылдан тартып ОсОО “Эрбак-строй” фирмасында башкы инженер, курулуш башкармасынын башчысы болуп 2009-жылга чейин иштеп, Бишкектин тегерегиндеги жаңы конуштарындагы электро энергия, суу, жол, бала бакча, мектеп жана башка социалдык курулуш иштерине өзүнүн салымын кошкон. Мамлекеттик “Таза Суу”, “Ирригация”, “Арис”, жана башка эл аралык долбоорлорду ишке ашырууда курулуш иштерине катышкан. 2008-жылдан бери ОсОО “АСД-строй” фирмасын жетектейт. Коомдук иштерге активдүү катышып 1989-жылдан бери “Ашар” коомунун, Бишкек шаарындагы үй куруучулардын жогорку кеңешинин мүчөсү, жаңы конуштарды өнүктүрүү боюнча өкмөттүк комиссиянын туруктуу мүчөсү (2005-ж чейин). “Кара-Баргы-Бишкек” (2007-ж), “Кара-Кулжа-Алат-Тоо” (2001-ж) коомдорунун уюштуруучуларынын бири. 1991-жылдан бери Бишкектеги Ала-Тоо конушунда жашайт, жубайы Нартаева Рано Толоновна менен 4 кыз, 1 уулду тарбиялап жатат. Айсулуу

1992-ж. , Асель 1994-ж. , Бекназар 1997-ж. , Алтынай 2004-ж. , Акылай 2007-ж. .

**Жунусов Бапак Калыбекович**

Кантордун кире беришиндеги Ардак Тактада илинген сүрөттөрдүн арасында мына бул кыл мурут жигиттин сүрөтү көпкө түшпөй, илинип турчу. Жыл жыйынтыгы чыкканда, кайра сүрөтү жаңыланып, илинип калаар эле. Ошол убактагы кыл мурут жигит Бапак аке бүгүн неберелерине чоң ата, таята болду. Ал Кара-Булакта төрөлүп, Ажике орто мектебин бүтүрүп, аскердик кызматты Казакстандын Караганды шаарында өтөп келди. Жаш маалындагы алы күчүн, таштын талканын чыгарчу кубатын колхоздун мал чарбасына жумшоону туура тапты. Санавархан эже менен баш кошуп, жаңы гана түптөлгөн жаш үй-бүлө жоопкерчиликтүү, жана түйшүктүү жумуштун милдетин колго алып, колхоздун коюнан бөлдүрүп алышты. Ал убакта бүгүнкү күндөгүдөй өзүм билемдик эмес, эмне иш кылсаң да анын планы, милдеттенмеси жөн уктатчу эмес.

Жайлоонун биринен бири ширелүү чөбүн кууган койлор Кыргызстандын ажайып жайлоолорунун бири Ажикенин бетегесине келгенде гана жуушап жатып калаар эле. Ага аска жаңырта обон созгон ээси да куп жарашчу.

Эрте жазда койлордон чыйрак козулардын туулушу жайлоодогу багуудан көз каранды болуп, Ажикенин бетегесинен ары тээ көк тиреген асканы аралап, Бапак аке улар үнүн укканча, улуу тоолорго жайлатып түшөөр эле.

Канчалык түйшүгүн тартсаң ошончолук үзүрүн берет экен, кой жарыктык.

Ошон үчүн да Бапак аке тоо жаңырта обон созуп эле, жүзүнөн жүз бештен, жүз ондон төл албаган чыгаар. Өздөрү жаш болсо да, жасап жаткан иштеринин баш аягына сарасеп салып, бири-бирине көмөктөшүп, жакшы жыйынтык чыгарып, ишинде ийгиликтер байкала баштады.

Эртеден кечке чейин бутуна керзо өтүк кийип, Сары кашкасын минип алып, Рысбай акесинин обонун созо, кой артынан жүргөн жаш чабан, бул күнү ак көйнөк, кара кастюм шым кийип, чачын жылтырата оңго кайрый тарап, жылтыраган туфлисин тыкылдата утуру ары-бери басып толкунданганын да жөнү бар эле. Себеби ал күнү Бапак аке партбилетин колуна алмак…

Ал убакта жакшы иштеген врачтар, мугалимдер, колхоздун чарбасына орчундуу салым кошкон уйчу, жылкычы, колхозчу, чабандардан партияга мүчөлөр көрсөтүлүп турчу. Бапак аке да эмгекчил чабан катары партияга өттү. Бул ийгиликтин жышааны демине дем болуп, анын андан кийинки кадамын башка нукка бурган жок. Баягыдай эле коюн жайып, козусун багып, обонун салып, тескейдин ышкынын, күнгөйдүн чүкүрүсүн татып, кой артында жүрдү.

Жыл жыйынтыктоочу чогулуштарда активдүү колхозчулар үчүн «Мактоо баракчаларды» тапшыруу мезгили келгенде, эң алгачкылардан болуп, - партиянын мүчөсү, үлгүлүү чабан катары Бапак акенин аты аталчу. Алдыңкы малчы, чабандарга келген сыйлыктардын көбтө да Бапак аке эгедер болоор эле. Кээде жайлоодон түшкөндө, почтага кайрыла калып, гезит-журналдарга жазылып, куржунун толтуруп жүктөп жайлоого ала кетчү. Жайкалган бетегеге коюн жайып коюп, чыканак таяна алчу, жатып алып, өлкөдө кандай өнүгүү болуп жатканынан кабар алчу. Ошол жаңылыктар менен кошо райондук, областтык гезит беттеринен өзү жөнүндө да көңүл жылытаарлык жакшы жаңылыктарды окуп калаар эле.

Атасы Калык да эмгекти сүйгөн, өз заманында молдо, сопу, кадырлуу жана аябагандай куйма кулак, куйкум сөздүү киши болгон экен. Анын айрым күлкүлүү окуялары бүгүнкү күнгө чейин эл ичинде айтылып келүүдө.

**Курманкулов Илияз**

Бүгүнкү күндө тээ этектеги эл да эки кабат там салып, ар бир үйдөн бирден автоунаа чыгып, жай чилдеден тарта жаздагы үзүкчүлүк маалга чейин кафе-ресторандар тойлордон бошобогон, байгерчилик замандын күбөсү Илияз аба, бир кездеги соко менен жер каздырып, моло менен эгин бастырып, таардан кийим кийген, бир нанды айылдын теңи бөлүп жеген кедейчилик замандын да күбөсү. Бул каарманыбыз бала күнүнөн эле эл кызматында болду. Ал бүгүнкүдөй түнүн күндүзкүдөй жаркыткан "иликтир" элдин үч уктаса түшүнө да кирбеген, жадакалса элдин да аң-сезими караңгы заманда, 1924-жылы Ак-Тектирде төрөлгөн. Ал Караган-Тектирдеги "Интернационал" сабатсыздыкты жоюу мектебинде 9 жашынан баштап билим ала баштаган. Совет өкмөтүорногондон кийин күн өткөн сайын жаңы замандын жыты келип, аздыр көптүршооласы жылтыраганда Улуу Ата Мекендик согуш башталды. Согушажыдаардай алкынып, алдынан чыкканды жалмап жатса, боз улан жаштыктындоорун кайдан сүрмөк эле. Ал курактагы уландар эле эмес чал-кемпир, бала-чака, келин-кесек дебей таң заардан, кара күүгүмгө чейин эгин талааларында жүрүп, согушка эгин-тегин даярдашчу.

Немецтик фашисттер менен кай бири колдоруна курал алып, согушмайданында күрөшсө, кай бири мына минтип эмгек майданында түйшүктөнүп, Совет элинин биримдиги элди Улуу Жеңишке эгедер кылды.

Илияз аба 1946-жылы Отуз-Адыр каналын казууга элди мобилизациялоо жүрүп, ал жакка канал казууга барып келди. Күн өткөнсайын колхоз да ирденип, колхоздо жумуш оруңдары пайда болуп, кадр талапкылына баштады. Айылдын сабаттуу адамы катары ал да колхоздун курулушшаймандары кампасына башчы болуп дайындалат:

Немецтердин убадага бек турган, аманатты аткарып, чынчыл, принципке турган мүнөздөрү, кыргыз болсо да ушул кишиде бар. Колхоздо кампа башчы болуп иштеп турганда үйүнө бир мык да көтөрүп келген киши эмес. Бир жолу мындай окуя болуптур.

Илияз аба райондон бир машина толо курулуш шаймандарын алып келип, кеч болуп калгандыктан, эшигинин алдына эле токтуп коңт. Кечинде борттун үстүнө моюнун созгон кенже уулу Насипбек кудуңдап сүйүнүп, үч күндөн бери башы ыргып, мазесин алган балтанын сабын жаңы сапка алмаштырып алат. "Эмне болмок эле бир балтанын сабы үчүн бүтүндөй Токбай-Талаа өнүкпөй - өспөй калмак беле", деп да коет. Бирок эртеси көрүп калган Илияз аба балтанын сабын чыгарып, Насипбектин колуна карматып, ышкырган бороондо кампага жеткиртет. Бороондо араң барып келген Насипбек, бирөөнүн буюмун алса ошондой бороон баштала тургандай коркот. Көрсө кичинекей бала уурулукту эмес, үшүгөнүн жүрөгү менен кабыл алыптыр.

Жеңишбек Назаралиев айтмакчы "өзүңдүкү эмеспи?. . - арам!" деген сөзү ушул Илияз абанын принциби деп койсо да болчудай. Бул жумушта ал 14 жыл иштеди. Бүгүнкү күндөгүдөй мамлекеттен жеп эмес, Илияз абадай болуп бир мык да албай салым кошсо болот окшобойбу.

Өмүрү чылым чегип, жинди суудан татып көргөн жан эмес.

Атасы Курманкул шарияттын жолунда жүргөн, Эшей уруусунан эң көп көпүрө салган ушул киши болуп, Келин-Тайгактын тушунан Ой-Тал суусуна сегиз көпүрө салыптыр. Өзү соодагерчилик менен алектенчү экен. Ал туурасында эл оозунда көптөгөн уламыштар айтылып жүрөт.

Илияз аба учурда айылдын ардактуу аксакалдарынын бири. Байбичеси Орозгүл эже экөөнүн ортосунда казан-аягы кагышмак турсун, өмүрүндө бир кер-мур айтышып деле көбөптүр.

Бүгүн алар кенже уулу Насипбектин чайын ичип, небере жытына магдырап, бактылуу карылыкты башынан кечирүүдө.

**Туйбасов Жамбыл**




1954-жылы 4-январда Көңдүк айылында туулган. Атасы Сатыбалдыев Туйбас, апасы Апызакова Сабира айылдагы үлгүлүү үй-бүлөдөн болушкан. Бул, үй-бүлөдөгү алты уулдун аксакалы. 1972-ж Ой-Тал орто мектебин бүтүп, 1973-ж. май айында советтик армиянын катарына чакырылып, Баку шаарында кызмат өтөп, 1975-ж. айылга сержант званиясы менен келген. Ушул жылдан 1985-ж. чейин «Көңдүк» орто мектебинде военрук болуп он жыл иштеген. 1985-1995-жылга чейин мектептин завхозу, 1995-2005-ж.ч. Кара-Кулжа районундагы токой чарбасында токой кызматкери болуп иштеген. 2005-ж. «Кулун-Ата» мамлекеттик коругунун егери. 2007-жылдан 2017-жылдын июль айына чейин «Кулун-Ата» мамлекеттик коругунун ага егери болгон. Корукта иштеген жылдары «Айлана-чөйрөнү коргоонун мыкты кызматкери», 10жыл, 20-жыл токой кызматында ж.б. төш белгилери жана райондук, областык, республикалык ардак грамматалардын ээси. 2018-жылдан бери ардактуу эс алууда. Жолдошу Маматалиева Паизбү экөө төрт уул, эки кызды тарбиялап, жыйырма бир неберенин чоң ата, чоң энеси.

## Туйбасов Калил



1957-ж. 3-июлда Көңдүк айылында төрөлгөн. Ал өзүнүн эмгек жолунда 1974-ж. Сидров совхозунда жумушчулукка кабыл алынган. 1979-ж. Совхоз экиге бөлүнгөнүнө байланыштуу жумушунан бошотулган. Ушул эле жылы Сагындык совхозуна жумушчу болуп кабыл алынган. 1980-81-ж.ж. Ой-Тал айыл өкмөтүндө бухгалтер болуп иштеген. 1983-87-ж.ж. райондук байланыш бөлүмүнүн «Капчыгай» участогунда почточу болуп иштеген. Ал эми 1988-90-ж.ж. Алайкуу айылдык керек-жарак коомунун «Көңдүк» айылында дүкөн башчы болуп иштеген. 1994-96-ж.ж. райондук СЭС бөлүмүнүн кызматкери болуп иштеген. 1996-99-ж.ж. кайрадан байланыш бөлүмүнүн кызматчысы болуп эмгектенген. Ой-Тал айылдык кеңешинин эки жолку чакырылышынын депутаты. Үч уул, эки кыз, он үч неберенин чоң атасы.

## Аманов Акматбек



Аманов Акматбек 1957-жыл15. 05 жылы Көңдүк айлында туулган.

1974-жылы орто мекти аяктаган. Совхохоздо жумушчу болуп иштегн.

1979-жыл Жалал-Абадагы зоовернардыкокууга кирип 1982-жылы аяктаган1982-жылданКПССтин мүчөсү. 1977-жылдан Сидиров№7 бөлүмүндө ветсанитар болуп иштей баштаган.

1979-жылы Сагындык совхозунда ветврач. 1982-жылы Ой-Тал колхозунда
упавлящий зоотехник
1977-2018-чейинветврач болуп иштеп келе жатат. жалпы үзгүлтүсүз 40-жыл
Эмгектенген үй-бүлөөлү жолдошу Ысакова Батма экөө үч уул, жети кыз, отуз бир небренин татыктуу атасы.

**Райымкул уулу Латипжан**



Райымкул уулу Латипжан өз мезгилиндеги замандаштарынан өзүнүн интектуалдык деңгеели, адамдык сапаты,коомдук иштерде уютуруучулук деңгээли жогору адам катары белгилүү инсан болгон. Бул адамдын ушундай адам болуп тарбиялануусуна атасы Райымкулдун жеке адамдык жүрүш-турушу, билими, балдарына адамдын жашоосундагы таза жашоону жипке тизген шурудай кылып, таасирлүү айткан сөздөрүнүн мааниси чоң болгон. Райымкул аба мусурманча кат сабаты жоюлган, шариаттын жол жоболорун терең өздөштүргөн, касыйда окуган илимдүү молдо адам болгон. (бизче айтканда кара сууну уюткан) Молдо Райымкул фарс тилинде эркин сүйлөп эркин жазган (фарс тилинде жазган китептери азыр да эл арасында сакталуу) Райымкул аба 1937-жылы жалган жалган жала менен социал-туран партиясынын активдүү мүчөсү катары репрессияланып кеткен бойдон кайра кайрылып келген эмес. Ошондуктан Апас аба согушта жүрүп да Латипжан абадан атамдан кабар барбы деп сурап турган. Латижан аба 1919-

жылы Совет районун Кызыл –Жол айылында туулган. Эл катары мектептен жети жылдык билим алгандан кийин,өзүнүн өрнөктүү өмүрүн совет доорунун аркандай кызматтары менен байланышта өткөргөн. Башкача айтканда айылдагы жөнөкөй активдик кызматтан колхоздун башкармасы кызматына чейинкөтөрүлгөн.Атап айтканда колхоздун завхозу, ферма башчысы, кассири, главный бухгалтери, колхоздун раиси болуп эмгектенген. Фрунзе шаарынан атайын партиялык мектептен билим алган. Бул кызматтарда иштөөнүн өзү аксакалдын табиятындагы жөндөмдүүлүктү көрсөтүп турат. Чоң уулу Нияз ата жолун улантып Карл Маркс колхозунун кампачысы, прорабы, бригадири болуп эмгектенген.

Нияз абанын 5 уул, 4кызы бар.

## Раимкулов Апаз



1921 – жылы Совет районунун Кызыл жол айылында туулган. 1942-жылы тылда эмгек алдыңкыларына согушка албоо боюнча брон берилген. Апаз абага да брон берилген, бирок ошого карабастан согушка баруугa арыз жазган. Ал 1942-жылы Совет военкоматы тарабынан Советтик Кызыл армия тарабынан чакырылып Улуу Ата мекендик согушка катышкан. Бул адам ошол мезгилдеги Кызыл жол айылындагы эң алдыңкы адамдардын алдында урмат сыйга ээ болуп, өзүнүн колхозунун алдыга өнүгүшүн согушта жүрсө дагы жакын досу Баатыров Мариш, Асан туугандары Өмүр, Молдо Эргеш, Ыдырыс, Ормон Кайым, Латипжан аркылуу билип турган. Ага аксакалдын жазган каттары күбө. Ал киши согуш мезгилинде өзүнүн

чыныгы патриот экенин көрсөтө алган. Ага анын 1944-жылы 22-сентябрда “За отвагу” медалы күбө. Эгерде каардуу согуш болбосо элдин патриот уулу катары элине көп нерселерди жасай тургандыгы бул кишинин жазган каттарынан жана байланышкан адамдарынан байкоого болот. Анын атасы молдо Раимкул 1937-жылы Туран партиясынын мүчөсү катары жалган жала менен репресияланган (Касыйдачы молдо болгон). Анын согушка кеткенде аялынын боюнда калган жалгыз уулу Камчыбек 6 айдан кийин төрөлгөн( Камчыбек 1943-жылы төрөлгөн). Бул адам өмүр бою Карл Маркс атындагы колхозго шофёрлук кызматты аркалаган. Анын Акжол, Заирбек, Марс, Кварс, Актан, Айнура, Айпери, Айгерим, Элмира деген уул-кыздары бар. Алар азыркы мезгилде чоң атасынын жолун жолдоп баардыгы элдин кызматында.



*Апазов Камчыбек*

**Согуштан келген каттар**




Латипжан!
Сиздин 14-III-44-жылда Ош шаарында
туруп жазган катыңыздын 25-IV-44-
жылы саат 12°° алдым. Бул күн
мен үчүн коркунучтуу болду эле.
себеби: Тундосу машина менен
адашып, согуштун өзүнө кирип
барыптыз. саат 5. эртe менен
Немец пушка менен атты...,
биз качып кутулдук.
Үшкүрүп келип отурсам, сиздин
катты старшина берди, окуп
көп күчкө келдим. Мен эсен-соо
турам турмуш жакшы. Руминия-
да турабыз. Арзанчылык. Эмине
десең табасың. Бирок кийим жа-
гынан жок болот экен. Бессарабияны
бүт бошотуп азыр Руминияда
согуш болуп турат. Прут суу-
сунан өткөнүбүзгө көп болду.


Руминдин тилин билбей кый-
налып жатабыз.
Эсен болсок барып көрүшөрбүз.
Латипжан! Окууңду бүттүңбү?
Биздин, [illegible] акыбалды
толук жазгын. Сага мен
3-жолу сурот жибердим эле
тийдиби. Тийсе кат жаз.
Дагы жонотом. Өзүң да жонот.
Апам денсоолугу? Байкуш энем
кандай экен, көрсөм деп көп
үмүт санаймын Байке! Абдан
сагындым. Качан кучакташып
көрүшөбүз. Эмине болоруна
көз жетпейт согуштун.
Балдарыңдан ооп кой? Молдо Эр-
гешке дуба дегин.
Сагынган иниң А. [illegible]

Ранен 22.9.44 г.

# Наградной лист

82

1. Фамилия, имя и отчество РАИМКУЛОВ Аназ.
2. Звание гв. рядовой 3. Должность, часть пулеметчик 3 пул. роты 229 гв. стр. ордена Кутузова полка 72 гв. стр. Красноградской Краснозн. дивизии
4. Представляется к ордену СЛАВЫ 3 степени.
5. Год рождения 1921 6. Национальность киргиз 7. Партийность член ВЛКСМ.
8. Участие в гражданской войне, последующих боевых действиях по защите СССР и Отечественной войне (где, когда) с января 1944 года - 2 Украинский фронт.
9. Имеет ли ранения и контузии в Отечественной войне не имеет.
10. С какого времени в Красной Армии с 1941 года
11. Каким РВК призван Советским Ошской области.
12. Чем ранее награжден (за какие отличия) не награждался.
13. Постоянный домашний адрес представляемого к награждению и адрес его семьи
14. Место рождения

КРАТКОЕ, КОНКРЕТНОЕ ИЗЛОЖЕНИЕ ЛИЧНОГО БОЕВОГО ПОДВИГА ИЛИ ЗАСЛУГ

В бою 22 сентября 1944 года в районе населенного пункта Алма-Телек/Трансильвания/ тов. Раимкулов проявил исключительное мужество и отвагу.
Под сильным огнем противника он выдвинулся с ручным пулеметом вперед и, обеспечивая продвижение стрелкового подразделения, подавил огонь двух пулеметных точек и уничтожил более 15 гитлеровских солдат, чем дал возможность продвинуться своему подразделению.
В бою за укрепленную высоту 589 он был ранен.
За проявленное мужество и отвагу достоин правительственной награды ордена Славы 3 степени.

«7» октября 1944 г. Гв. подполковник Командир (начальник) полка
/Гордиенко/

---

6

| | |
|---|---|
| 9. Гвардии лейтенанта КУЗЬМИНА Николая Васильевича | Командира комендантского взвода - коменданта штаба 222 гвардейского стрелкового ОРДЕНА ЛЕНИНА Краснознаменного полка. |
| 10. Гвардии рядового РАИМКУЛОВА Аназа | Пулеметчика пулеметной роты 229 гвардейского стрелкового ОРДЕНА КУТУЗОВА полка. |
| 11. Гвардии рядового САНИНА Николая Павловича | Сапера 81 отдельного гвардейского саперного батальона. |
| 12. Гвардии рядового ЧЕРНАЯ Марию Михайловну | Телефонистку роты связи 229 гвардейского стрелкового ОРДЕНА КУТУЗОВА полка |

МЕДАЛЬЮ " ЗА БОЕВЫЕ ЗАСЛУГИ "

| | |
|---|---|
| 1. Гвардии лейтенанта ЛЕБЕДЕНКО Илью Григорьевича | Командира взвода снабжения 229 гвардейского стрелкового ОРДЕНА КУТУЗОВА полка. |
| 2. Гвардии сержанта ПЕТРОВА Алексея Петровича | Командира саперного отделения 81 отдельного гвардейского саперного батальона. |
| 3. Гвардии старшего лейтенанта интендантской службы ПУШКИНА Николая Прохоровича | Помощника начальника продфуражного снабжения по заготовкам 229 гвардейского стрелкового ОРДЕНА КУТУЗОВА полка. |
| 4. Гвардии лейтенанта медицинской службы СОКОЛОВА Владимира Петровича | Начальника аптеки 229 гвардейского стрелкового ОРДЕНА КУТУЗОВА полка. |
| 5. Гвардии рядового ЛЕВЧЕНКО Антона Ивановича | Сапера 81 отдельного гвардейского саперного батальона. |

КОМАНДИР 72 ГВАРДЕЙСКОЙ СТРЕЛКОВОЙ КРАСНОГРАДСКОЙ КРАСНОЗНАМЕННОЙ ДИВИЗИИ
ГВАРДИИ ГЕНЕРАЛ-МАЙОР ГЕРОЙ СОВЕТСКОГО СОЮЗА
ЛОСЕВ

Отпеч = 3 экз.
Экз = 1 в дело
" = 2-3 ОК 24 гв СК
Исп. Нестерук
2_.10.44 С.С

# Назиров Мамасадык




Назиров Мамасадык 1957-жылы Көңдүк айлындатуулган. 1974-жылы Кара –Кулжа орто мектебин аяктаган. Бул адам тамаша сөздү келтире айткан, элдик дастандарды комуз
менен чебер аткара билген дастанчы Бул адамдын Алайкуулук куудул Абакир менен айтышкан сөздөрү, эл ичиндегитамаша сөздөрү айтылып келет. 1980-жылга чейин
совхоздо түрдүү иштерде иштеген. 1985-жылдан баштап шофер болуп эмгектенип
1996-жылдан бери Кара-Кулжа райондук токой чарбасында эмгектенип келе жатат.
Жолдошу Ормотоева Сулуу экөө үч уул, беш кызды тарбилап өстүргөн.

## Назиров  Саали Абиланович



Назиров Саали Абиланович 1966-жылы 5-майда Совет районуна караштуу Ой-Тал  а\о Көңдүк айлында жумушчунун үй-бүлөөсүндө туулган.Он бир туугандын экинчиси.Саали карапайым адамдын баласы болгону менен кудай таалагем берген талантын аркасы менен жаш кезинен эле ар нерсеге көзү жеткен

жөндөмдүү,колунан көөрү төгүлгөн уста,ар кандай жаны техниканы бат өздөштүргөн таланты менен ,мектепте окуп жүргөн мезгилде эле, эл оозуна алынып ,чон кишилердин катарында айылында көптөгөн иштерди бүткөрүүгө катышкан. Мисалы мектептин айланасын көрктөндүрүүгө,айыл ичине суу чыгарууга, колхоздун жалпы элдик иштеринин бүтүрүлүштөрүнө зор салымын кошкон.Айылдагы суу чыкпаган Таскара деген участокко суу чыгарып ал жерди бак шактуу жер жемиши төгүлгөн жерге айландырган.Кандайдыр бир ишти максат кылса аны аягына чыкмай сайын жаны тынбай аракет кылган адам.

Ал 1983-жылы мектепти бүткөндөн кийин Ош шаарындагы Строителный технукумдун ПГС бөлүмүнө тапшырып аны 1986-жылы армиядан келгенден кийин ийгиликтүү аяктаган.

1984-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылып 1986-жылы кызмат өтөөнү бүткөрүп келген.

1987-1988-жылдары Сагындык совхозунда электрик болуп иштеген,1989-1994-жылга чейин Көңдүк орто мектебинде электрик болуп иштеген.

2010-2011-жылдары Кулун-Ата коругунда Егер болуп иштеген.2012-жылдан бери Көңдүк
айлындагы Макен Абдымомунов атындагы ФАПта эмгектенип келе жатат.

Жолдошу Ибраимова Чолпон экөө 4 кыз , эки уулду тарбиялап өстүрүп, 5 небреси бар.

**Ажимаматов Аматжан Абдиназарович**



1963-жылы 29-январда туулган. 1970-1980-ж.ж. «Кызыл-Жол» орто мектебин бүтүргөн. 1980-ж Оштогу Советтин Соода техникумуна тапшырган. 1981-жылы Советтик армиянын катарына чакырылган. Түркмөнстандын Кушка шаарындагы двизиялык окуу боборунун «51096» бөлүгүндө аткычтар курсунда Теджер шаарындагы «02932» бөлүгүндө сержанттар мектебинде кызмат өтөгөн. Афганистан республикасынын Баграм шаарындагы ОКСВАнын «4120» талаа почтасында автобатальондо кызмат өтөгөн. Өзбекстандын Самарканд шаарындагы «61586» бөлүгүндө кызмат өтөп, кызматын бүтүргөн.

1985-ж Оштогу Советтик Соода техникумун аяктап, 1985-1987-ж.ж. Сүлүктү шаардык соодасында эмгектенди. 1987-жылы СССР Жогорку Советинин Приездимунун «Элдердин достугу » ардак граммата, төш белгиси менен сыйланган. 1988-жылдан Союз тараганга чейин Кара –Кулжа керек-жарак коомунда эмгектенген. Ал 1990-жылы областык керек-жарак коомунун профсоюз уюмунун грамматасы менен сыйланган. Азыркы мезгилде жеке ишкер болуп эмгектенет. Жолдошу Абдыкеримова Салия экөө үч уул, бир кыз тарбиялап өстүрүп, алты неберенин чоң атасы.

# Маметов Мамасадык (Бөрүбай)



Маметов Мамасадык (Бөрүбай) 1954 –жылы 4-декабрда Кара-Кулжа айылында туулган. Балалык чагы Көңдүк айылында өткөн.1965-жылы Кара-Кулжа айлындагы мектеп интернатка 5-класска кирип 1969-жылы 8-классты
интернаты аяктап,1972-жылы Ой-Тал орто мектебин аяктаган. 1974-жылы Советтик Кызыл Армиянын катарына чакырылып 1976-жылы армиядан келип Сидиров совхозуна жумушчу болуп кирген. 1979-жылы Кара-Кулжа айлындагы
кесипчилик окуу жайына кирип, бул окуу жайын 1981-жылы аяктап,1982-жылы Көңдүк айылындагы дүкөнгө башчы болуп дайындалган. Өз кызматына дилгирлигин байкаган коомчулук, аны 1983-жылы Сагындык совхозунун №4-бөлүмүнө бригадир болуп шайланган. Бригадир болуп шайланган мезгилде айылдын экономикасын өстүрүүгө зор салымын кошкон б.а.жаңы жерлерди өздөштүрүп көп жылдык тоюткорлуу айдоого айландырууда өзүнүн чарбачыл экендигин көрсөтө алды. Ал эми 1991-жылы Ой-Тал калхозунуна кампачы, 1993-жылдан 1996-жылга чейин Алайкуу өндүрүштүк коопаративинде дүкөн башчы, ушул эле жылы ГАО «Ош-Нан» ишканасында дүкөндө дүкөн башчы болуп иштеген.

2000-2005-жылдары Турм-1 (Телецентр)ишканасында электромантер болуп иштеген.2008-жылы ардактуу эс алууга

чыккан.2010-жылдан Чүй областынын тургуну. Өзүнүн турмуш жолунда кийинки муундарга калтыра турган үлгү иштери арбын адам катары жашап келет.5 кыз, 2 уулдун татыктуу атасы.

**Кубатов Турдумамат  Оморович**



1963-жылы 5 сентябрда Кара-Кулжа районунда туулган.

1970 - жылдан 1980 жылга чейин Кара-Кулжа районуна караштуу Ылайталаа айыл окмотунун Сай айылындагы Мариш Батыров орто мектебин аяктаган.

1980-жылдан 1983- жылга чейин Североморскто служба кылган.

1980-жылдан 1983-жылга чейин Мурманский Область Северaморский шаарында Морской северный флотто моряк болуп служба кылган.

1984-жылдан 1989-жылга чейин Фрунзедеги Политехнический Институттун бүтүп, инженер механик кесибин алган.

1990-жылдан тартып Ош Пиримде  зам директор болуп иштеп келе жатат. Бул жооптуу кызматты аркалоо менен Турдумамат эли жана жерин өнүктүрүү үчүн өз колунан келген салымын кошуп келе жатат. Мисалы, Сай айылындагы мечиттин салынышында кээ бир жардамга муктаж адамдарга көмөк көрсөтүүдө өзүнүн атуулдук жакшы жактарын көрсөтүп келет. Согуштун жана эмгектин ардагерлерин жылыга бекер отун менен камсыз кылат.

2018-жылы Премер-Министрден Мамлекетке синирген озгочо эмгеги тууралу ардак грамота алган.

Бир уул, эки кыздын атасы.

**Элдик табып Нышанбай жана Өмүр ажы**

Көңдүк айылында Нышанбай чоң ата жана Өмүр ажы чоң аталардын жасаган иштери, эмгек жасаган жерлери боюнча көптөгөн маалыматтар айтылып келет. Нышанбай чоң ата соода иштерин анча жактыра бербеген өзүнүн туу туткан кесибин урматтаган ,бирөөнүн көңүлүн калтырбаган сыпаа адам болгон, бирөөлөр бурулуп жардам берип өттүң десе же дагы башка иштер менен кайрылса ал адамдын көңүлү калат деп, сөзсүз кайрылган. Ал адамдын кандай талабы болсо аткарууга аракет кылган. Орулуу адамдардын тамырын кармап дарылаган, тамырчы. Атты таптай билген саяпкер, боз үйдү жасаган уста,көзгө атаар мерген, аба ырайын байкаган табыркачы болгон. Ал өзү соода ишин жасабагандыктан баардык керектүү нерсесин соодагерлерден алдырган. Ошентип жүрүп Мырзакенин Дөң-Булагынан чоң баласы Сатарды кыпчак Уурусунан Санжардын кызы Бурулга үйлөгөн (СанжарШараптынчоңатасы). Кудасынын үйөнө барганча базарга, мал алып барса эки адам урушуп аткан болот жанындагы жигитине эмнеге урушканын сурачы деп, жигитин жиберген ал урушкан адамдар, алып- сатыдан көргөн пайдасы болгон беш тыйын үчүн экендигин угуп урушкан адамдарга беш тыйынын берип базарың ушу болсо

экинчи келбедим деп базрга кызыкан эмес(ал мезгилде беш тыйынга эки же үч кой келген) Кулун –Атада Мазардын Сары керүү жагында Нышанбай Теке аткан сап бар ал жерден

жаа менен эбегейсиз чоӊ  теке аткан экен.(ошондон ошол жердин аты Нышанбай теке аткан сап деп аталып калган) Нышанбайдын  салык койчу (салык-дегенжай күнү жыйнаган май, куруттун сактоочу жер) үңкүрү, конушунун маңдайындагы үңкүрдү атаган. Арпа - Тектирде негизги айдоосу, болгон азырда уруктары ошол жерди пайдаланат. Жылдызга карап табырка айткан. Үйүнө молдо, кожо, эшендер көп келген,бир жолу эшендер келгенде уулу Назир төрөлгөн уулун эшендин этегине салып бергенде,эшендер уулунун кулагын көзөп баласынаНазир деп ат коюп берген. (Назир-мусулманчадан которгондо ыйык деген маани берет экен). Мындан Нышанбай чоң атанын көптөгөн адамдар менен байланышы бар,өз заманын чыгаан адам экендиги көрүнүп турат. Уулу Назир ата үмүттүн актаган зээндүү,бей бечерага кайрымдуу, кырдаалга карата сөз таба билген чечен боорукер адам болуп өскөн. Элдик оюндардан ордону абдан жакшы ойногон б.а.ордодо ичке түшкөндө ичкеридеги чүкөнү,таза чертип кеткен чертмекчи болгон. Анын инилерине карата тамаша айткан сөздөрү азыркы мезгилге чейин эл арасында айтылып келет. Эл арасында ордо оюну боюнча Назир атындагы байгени небреси  Көкөн уюштуруп келет. Нышанбай чоң атанын ашын уулдары Сулайман, Сатар, Назир, Аман, Ажымамат Тегерек саз учатогунда таятасы Калыбек бийдин жетекчилиги менен өткөргөн. (Чоң уулу Сатар атасынын ашын өткөрүү үчүн Кулун-Атадан 200 эркек койду кыштатып багып чыккан). Ошол ашта келген адиакечтер алып келген адиаларды берүүдө Сулайман чоң атага адиакечтер жакшы маани бербегенде Сулайман чоң ата төмөндөгү ырды чыгарган

Адырдагы алты сан, кимдин малы болду экен

Абайлап карап олтурсам атадан калаган мал экен

Кем калбаган иниден мен деле, бай баласы

Кийсе лампүк жарашкан (лампүк ошол мезгилдеги кымбат материал) (муну жазганым Нышанбай чоң атага берилген аштын манилүүгү жөнүндө) Назир өз мезгилинин чыгаан адамы болгон бул кишинин бейнесине теңтуштары төмөндөгү сөздөрдү арнаган «Белестен бешөө көрүнсө, бешөөнөн бөлөк манабым. Адырдан алтоо көрүнсө, алчылантып бастырган адамдан бөлөккадамың.Теңтушу көп, теңи жок суктандырган ажарың»…

Нышанбай чоң атаны тартып чебреси Абилаң уулу Асылбек адамдарды элдик дарылоо ыкмасы менен дарылап келет. Асылбектин өзгөчө өздөштүргөнү чыккан колду, бутту жана ар түрдүү органдарды сала билген,табып жана Россия мамлекеттинин сынык оруударын дарылоочу дарыгери деген сертифкатты бар «сыныкчы». (1972-жылы 22-июнда төрөлгөн. Томск шаарында жашайт Россиянын гражданини) Өмөр ажы чоң ата толук эки жылда ажыга барып келген болжолдуу 1890-жылдардын аягы,жалпы эл ажыны Көңдүк айылынын Кууталаа деген жеринен узатып Мукур жайлоосунан тосуп алган Өмөр ажы ажыдан келгенде бир тууганы Нышанбай уулдуу болуп бир туугандар сүйүнүп ажыбыз кабыл болду деп Ажымамат чоң атанын атын ошондо койгон экен.Өмөр ажы ар кандай ишти туура чече билген акылман адам болгон(дипломат) коңшу Ой-Тал айлындагы Максүт, Жусубали ж.б.коңшу айылдын аттуу,баштуу адамдары менен эки айылдын жеринин чегин

белгилеген ошол чек азыр да сакталуу. Ажынын атына байланышкан жерлер Өмөр ажынын айдоосу (Көлдө), Өмөр ажынын секиси(Ой-Тал сары булагында),Өмөр ажынын жаздоосу (Мукурда), Өмөр ажынын жайлоосу (Каражылга), Өмөр ажынын күздөөсү (Кууталаада, Макей токойдо) (Макей чоң эне байбичеси). Өмөр ажы өлгөндө уулу болбогондуктан эл анын дүнүйөсүн,боз үйүн,малын Каражылга жайлоосунда талап алган, себеби шарт ошондой болгон.

## Назир уулу Абилаң (Абдыманап)

1934-жылы Көңдүк айлында октябрь айларында төрөлгөн. Атасы Назир Абилаң эми олтура баштаган мезгилде өтүп кетип, жетимчиликтин күнүн көрүп чоңойгон. Жаш мезгилде окууга абдан дилгир болгон бирок окуганга



турмуш шарт тура келбей окуй алган эмес. Жаш кезинде 6чы же7чи класста окуп жүргөндө математика боюнча мелдеште 1-орунду жеңип алганда, ошол мезгилдеги дүкөнчү Кеден аба бир кг өрүк менен сыйлап, талантын баалаган, о.э.элдик чыгармалар Манасты, Семетейди, Курманбектерди укулуктуу кылып башкача обон менен окуй билген, чарбадар адам болгон. Чоң атасы Набектен калган «Набек жайлоодо» жайлоого чыгып өз өмүрүн өткөргөн. Набек жайлоонун аталыш тарыхы төмөндөгөчө Набек чоң ата кийик уулап жүрүп Ортоктун жогору жагындагы үңкүргө кирген кийиктин аркасынан кубалап барып абдан көп байлык таап алган.Анын таап алган байлыгы Кокон хандыгынын

жөкөрлөрүнө белгилүү болуп анны тартып алууга аракет кылышкан. Ошондо чоң атабыз байлыкты сактап калу максатында өзү азыркы Набек жайлоого ,инисин Кебек (Кожобек)жайлоого чыгарып байлыкты сактап калган ошондон Набек жайлоо, Кебек жайлоо аталып калган. Бул жайлоолор бет маңдай жайгашып Кулун-Ата өөрөнү эки жагынан тең алаканга салгандай көрүнүп турат.(кароол дөбөгө окшош).Абилаң ата өмүр бою чарба менен жүргөн 7 уул, 3кыздын, 42 небре, 20 чебренин атасы, таятасы, чоң атасы.

**Сатыбалдиев Мамасали**



Мамасали аба1936-жылы октябрь айында Ой-Тал айыл өкүмөтүнүн Көңдүк айлында жарык дүйнөгө келген. Ал 1946-жылы Көңдүк баштооч мектебине кирип 1956-жылы 1-май айлындагы «Токтогул» орто мектебиндеги 10-классты аяктаган. Ал эми 1957-1960 – жылдары Советтик Ата Мекендин мекенчил ата уулу катары Советтик Кызыл Армиянын катарында өз милдеттин аткарып келген.1961-жылы Токмок шаарындагы РКПТга тапшырып, аны 1963-жылы татыктуу аяктаган. (РКПТ-Республикалык маданий кесиптик технукум). Окуу жайды бүтүп келгенден кийин өзүнүн эмгек жолун Капчыгай айыл өкүмөтүндөгү Сары-Бээ айлындагы китепканага китепканачы болуу менен баштаган. Бул китепканада 1968-жылга чейин эмгектенүү менен жаш китеп сүйүүчүлөрдүн сүймөнчүлүгүнө айланган жана ар бир окурман үчүн жаңылыкты алып келген адам

катары эл арасында кадр баркка ээ болгон. 1968-1971-жылдары Ой-Тал айлынын китепканачынын башысы болуп эмгектенүү менен 1972-жылы Көңдүк айлына алгачкы жолу китепкана ачкан, ал мезгилде бул иштердин жасалышы жаңы болгондуктан китепке суусаган адамдар үчүн чаңкаган жерге арыктап суу бургандай эле жаңылык болгон, эл китепкананы өзгөчө баалап, кызыл үй деп атаган. Бул китепканада 1986-жылга

чейин эмгектенүү менен өзүн чыныгы маданият кызматкери катары көргөзө алды. Бир нече Райондук, Областык маданият кызматкерлеринин ардак граматасынын ээси.1992-жылдан баштап ардактуу эс алууга чыккан, 4кыз, 7уулду тарбиялап өстүргөн кадырман карыя.

**Алишов Аскар**



Аскар аба 1933-жылы Чалма айлынын үч-Чат айлында төрөлгөн. Балалык чагы кан күйгөн согуш маалына туура келип, көпчүлүк тарткан оор турмуштун жүгүн тартууга туура келген.Ошол мезгилдин талабына ылайык орто мектепти аяктаган ар бир бүтүрүүчүнү өндүрүшкө алып калып өз жеринде жаштардан демилгечил ар түрдүү бригадаларды түзүү талабы коюлган.1950-жылдары орто мектепти аяктагандан кийин өз айлында чарбанын өнүгүшүнө өз салымын кошуу үчүн белсинип киришкен. Натыйжада Аскар аба өмүр бою өз айылынын өнүгүүсүнө өз салымын кошуп келген б.а.өндүрштө иштейби, кой багабы, жылкы карайбы баардык

учурда өз абирийин бийик тутуп бир гана сөз менен жоопкерчиликти сезе билген ой жүгүтүүсү терең адам. Бул адам «ар кандай кызматтын чоң, кичинеси болбойт аны аткара билүүдө кадыр баркка ээ болосуң»- деген багытта ойлоно алган чыныгы адам. Мал чарбасын өнүктүрүүдөгү эмгегин жогору баалаган өкүмөттүн бир нече сыйлыктарынын ээси. Айылдык жана райондук кеңештин бир нече жолку чакырылышынын депутаты. Аскар аба 6 уул, 3 кыздын татыктуу атасы, балдарына берген туура тарбиянын натыйжасында ,азыркы мезгилде Сүйүн, Бегимбай, Болот деген уулдары түрдүү ишканаларды ачуу менен ондогон адамдарды иш менен камсыз кылып,эл кызматтын аткаруу менен атанын уулу деген наамды даңазалап келет.

**Абдырманов Салибай**



Эр эмгегин жер жебейт, саргара жортсоң ,кызара бүтөсүң дегендей өз өмүрүн өмүр бою эмгектенүүгө арнап койгон бул адам 1937-жылы 17-февралда Көңдүк айлында жөнөкөй адамдын үй-бүлөөсүндө жарык дүйнөгө келген. Баш жагындагы макалада айтылгандай, эмгектенүүдөн жадабаган бул адам өз өмүрүн «Токтогул» орто мектебинде он жылдык билим алгандан кийин б.а. 1954-жылдан баштап өз айлында эмгектенүүнү чечкен. Өмүрүнүн көпчүлүгүн совхоздун коюн багууга арнаган. Ал чабан мезгилинде ошол мезгилдин талабына ылайык бир короодо 400 же 500 кой боло турган болсо, ар жүз койдон, жүз отуздан козу, төрт кг

жүн  алууга жетишкен. Бул эмгегин мамлекет жогору баалап 1984-жылы «Нива»автомашинасы менен сыйлаган. Айыл чарбасынын мыкты кызматкери катары совхоздун ардак граматаларын алууга татыктуу болгоно, чабандардын Республикалык слетунун делегаты (1986-жыл). 1973-жылдан баштап Комунистик партиянын мүчөсү. Сагындык совхозунда 1976-1979-жылдары табилчи,1979-1980-жылдары бригадир болуп иштеген. 1991-жылы аксакал өзүнүн 60-жылдык юблейин коомчулук жана эли менен биргеликте белгилеген.1993-жылдан баштап ардактуу эс алууда.Төрт уул, үч кызды тарбиялап өстүргөн ардактуу ата.

**Жааев Акмат**



Акмат аба 1924-жылы Калинин колхозунун Кар-Булак айлында туулган, жети жылдык билимге ээ болгон. Пенсия жашына чейин Калинин колхозунда чабандык кесипти аркалап, үзүрлүү эмгектенген союз мезгилинде эмгеги жогору бааланып, бир неч ардак граматалар менен сыйланганжана «Эмгек Кызыл Туу» орденин ээси. Эл арасында кадыр барктуу насаатчы катары жүрөгүбүздө сакталат. Акмат аба райондук, областык кеңештердин депутаты. Жолдошу үпөл апа экөө беш уул, эки кызды тарбиялап өстүргөн.Уулу Сабытай ата жолун Эл ичипде эмгеги жогору бааланып эмгектенип келүүдө. Сабытай райондук, айылдык кеңештин депутаты.

## Эралиев Ады



Эралиев Ады 1925-жылы ошол кездеги интернационал колхозунун Үч-чат айылында колхозчунун үй бүлөөсүндө туулган.

Жаштык кези согуш мезглине туш болгондуктан тылда эмгектенген. 1948-жылы Ленинчил жаш колхозу тузулгондон баштап колхозу активистеринин катарында эмгектенген.

Көп жылдар бою пенсияга чыккыча колхоз иштеринде иштеп көптөгөн орден медалдар менен сыйланган. Эмгек ветераны. Элге кылган эмгегин эл баалап атын өзү жашаган көчөгө ыйгарган Эралиев Ады төрт уул эки кызды тарбиялап өстүргөн. Көптөгөн небере чөбөрөлөрү бар. 2010-жылы 23-октябрда 85 жашында каза болгон.

## Субанов Сүйүн



1966-жылы 14.11.1966-жылы Кара-Кулжа районунун Чалма айылында туулган. Орто мектепти аяктагандан кийин Фрунзедеги Финансы-экономикалык технукумдун, айыл чарба өндүшүрүштөрүнүн бухгалтердик эсеби (бухгалтер) бөлүмүнүн 1984-жылы аяктаган. 2000-жылы ОШМУнун юриспруданция (юрис) бөлүмүн аяктап жогорку билимге ээ болгон. 25.01.1984-

28.07.2005-жылга ички иштер бөлүмүнүн ар кандай тармагында эмгектенип келген, ал эми 2005-2009жылга Ош областынын ички иштер бөлүмүнүн экономикалык кылмыштуулукка карата күрөшүү тармактарында иштеген.2009-2014 –жылга чейин Ош областык ички иштер бөлүмүнүн финансы чарбалык иштеринин башчысы болгон. Азыркы учурда 15.08.2014-жылдан ушул мезгилге чейинМВДнын ички иликтөө бөлүмүндө эмгектенип келет.Чини(звание) подполковник 5 кыз, 2уулдун татыктуу атасы.

**Ибраимов Зунду**



Сары-Булак айылдык кеңешинин Кара-Булак айылында 1962-жылы жарык дүйнөгө келген. Орто мектепти аяктагандан кийин 1980-1982-жылдары Советтик Кызыл Армиянын катарында кызмат өтөгөн. Акыркы жылдары айылдагы медициналык мекемеде чарбалык иштерди аткарып келет. Эл арасында зор кадыр барка ээ. Жубайы Калыкова Айтбү экөө төрт баланы тарбиялап өстүрүү менен алардын баарын жогорку билимдүү кылып тарбиялаган, 17 небренин татыктуу атасы, чоң атасы.

**Эркебаев Болуш**



Сары Булак айыл өкүмөтүнүн Кар-Булак айылында 1937-жылы туулган. 1954—1955-жылдары «Токтогул» орто мектебин аяктап, андан кийин Жалал-Абаддагы зооветтехнукумга кирип, аны 1960-жылы аяктап, ошол эле жылы Калинин колхозунда башкы зоотехник болуп1966-жылга чейин (беш жыл) иштеген. Ушул эле жылы Лейлек районунда Откорм базада кабыл алуучу болуп иштеген. 1973-жылы Кар-Суу районундагы Отуз-Адыр Откорм базада бригадр, 1977-жылы кайтып Калинин колхозуна келип селекционер зоотехник, бригадалык зоотехник болуп иштеген.1988-жылыдан, 1991-жылга чейин колхоздун завсскладды болуп иштеген. 1992-жылдан пенсияга чыккан. Азыр Кара –Булакта жашайт. (82 жашта) жети уул, төрт кызды тарбиялап өстүргөн.

**Исираилов Эмил**



Сары-Булак айыл өкүмөтүнүн Кара-Булак айылында 1927-жылы туулган. Балалык чагы согуштун оор жылдарына туура келген.Жаш чагынан эмгекчил, тырышчаак болуп ак эмгеги менен Калинин колхозунун мал чарба ж.б. жумуштарында эмгектенген. Эмил аба жашынан зээндүү,зирек адам болгон. Жаш кезинин алланын жолуна түшүп,

намаз окуп куран китептерди которгон. Кара-Булак айылында 20-жылдын ашык имам болуп иштеген. Айылда ар кандай коомдук иштерди уюштуруп мечит салууга, жалпы айылга таандык боз үй жасоого өз салымын кошкон. Өз балдарына жана айылдагы ар бир адамга ыймандуу, эмгекчил, боорукер, кайырымдуу болгула деп акыл айткан. Абабыз мусурманчылыктын парызы болгон ажылык сапарга 2013-жылы барып «Эмил ажы » наамын алган. Жолдошу Абдыкалыкова Нуса апа экөө жети баланы тарбиялап өстүргөн.

## Дүйшеев Узакбай



Кыргыз Туусу 02.04.2010.

АСТРОНОМИЯ

ЖЫЛ СҮРҮҮНҮН астрономиялык негизи

(Башы өткөн санда)

**Тогоол**

«Тогоол» боюнча жыл мезгилдерин эсептөө кыргыз элине гана таандык болсо керек. Астрономия илиминин негизинде үркөргө байланышкан байкоолор «Тогоол» кубулушу бир кыйла татаал жана кыргыздын тогоол жөнүндөгү түшүнүктөрүнө айрым тактоолорду киргизишке туура келе тургандыгын көргөздү. «Тогоол» синодика- [illegible] чу абалдарын календарь катары пайдаланган. Ага төмөнкү накыл сөздөр далил. 16-февралда кыргыздын «Жети тогоолдо жел чыгат», 15-мартта «Беш тогоолдо бел чечети», 12-апрелде «үч тогоолдо үй чечети» болот.

Үркөр чыгыш тараптан көрүнгөндөн кийин өсүмдүктөрдүн тез өсө тургандыгын билишкен, элдик табылгар бул убактан кийин бейтаптарга кымыз ичиришкен эмес. Жандык малдын куут өнөктүгү үркөргө карап башталган. Ак эгиндер болуп эсептелген арпа, буудай, сулуу, ж.б. «үркөр жерге түшкөнгө» чейин, ал эми кара эгиндер жүгөрү, таруу, конок ж.б. андан кийин себилген. Мындан башка ай арасында жана тогоол учурунда аба ырайы бузулат деген ишеним болгон. Чындыгында тогоолдордун [illegible] далап бөлүп аны ар түрдүү багыттан изилдеп, байыртадан топтолуп калган эрежелерди так сактоонун натыйжасында кыргыз эли малдан ажырабай аны турмуш – тиричиликтин негизги булагы катары пайдаланып келген.

Элибизде «Токсон», «Чилде» ж.б. кыш мезгилинин бөлүнүштөрүнүн өтүү убактысы жөнүндө бирдей пикирлер жок. Мындан 50 -60 жыл мурда көзү өткөн аксакалдарыбыздан кыргыз жыл сүрүүлөрүн тактап, Жаратылыш жөнүндө окутуу программасына киргизип койгонубузда азыркыдай кейиштүү абалга калбайт элек.

Кыш мезгилинин бөлүктөрүн календарга жайгаштыруу үчүн байыртадан калган накыл сөздөрдү негиз кылып алабыз. «үркөр үйдөн көрүнсө, үч ай токсон кышың бар».

Бул деген боз үйдүн түрүндө [illegible] хронологиябызды баштап кайсок ата-бабалардан калган жыл сүрүүлөрүбүз сакталып калат элек.

Узакбай ДҮЙШЕЕВ
Кара-Кулжа району,
Сары-Булак айыл өкмөтү

1942-жылы Калинин калхозунун Кара-Булак айылында туулган. Мектептен орто билим алгандан кийин, Ош шаарындагы педагогикалык институнун физика-математика факультетине кирип аны 1966-жылы аяктап, физик-математик кесибине ээ болгон. Өмүрүнүн акырына чейин өз айлындагы мектепте физика, математика, астрономия предметтерин окутуп, райондук, областык билим берүү башкармалыгынын ардак грамматаларынын ээси.Өз предметтин өтө терең өздөштүргөндүктөн табиятын тили менен сүйлөй билген. Буга далил жыл сүрүүнү, жылдызардын кыймылына карата жылдын кандай болушун аныктай билген жана өз билгендерин газета журнал аркылуу жалпы кыргызстандыктар менен ой бөлүшкөн.

**Иминов Темикул (01.10.1984-жыл)**



Иминов Темиркул 2001-жылы «Көндүк» орто мектебин аяктагандан кийин Ош Мамлекттик Социалдык Унуверстетинин Финансы жана экономика факултетинин салык салуу жана салыкка тартуу адистигин артыкчылык диплом менен 2006-жылы аяктаган.2007-жылдан бери Кара-Суу районунун Социалдык фонд башкармалыгында эмгектенет. Бул эмгек жолунда «өзү көктө болсо, да көзү көлдө дегендей» өзүнүн туулуп айлы үчүн көптөгөн иштерди жасап берүүгө аракетенип келет б.а. Көндүк айылынын «Ортоңку айыл», «Бөлөк Дөбө», «Туура-Суу» зоналарына ата-бабасынын жолун уулап өз жанынан таза суу чыгарып берүүгө жетишти.(Илгери айылдагы Ортоңку айыл зонасына чоң аталары текенин мүйүзү менен суу чыгарган).Ошондой эле жаштар арасында спорту өнүктүрүү максатында «жаш улакчыларга», «волейбол сүйүүчүлөрдүн» сүймөнчүлүктүү демөөрчүсү. Бул эмгегин жогору баалаган айылдаштары 2016-жылы айылдык кеңешке депутат кылып шайлашкан.Эки уул,бир кыздын татыктуу атасы.

**Калмамбетов Абдразак**

1928-жылы азыркы Сары-Булак айыл өкүмөтүнүн Кара –Булак айылында туулган. Үч бир туугандын кенжеси болгондуктан, атасы эрте өтүп кеткен үй–бүлөөдөгү баардык түйшүк Абдразактын моюнуна түшөт. Тиргиликтин айынан аркандай жагдайда, тирчилик өткөрүп жүрөт кокустан муз алада жыгылып колун кокустатып, мүрүсүнөн чыгып кеткен. Ал мезгилде азыркыдай врач аз болгондуктан. о.э. айылдан чыгууга мүмкүнчүлүк болбогондуктан, айылдык дарыгерлер туура эмес тангандыктан оё, колу майып калган. Бирок ошого карабастан, мен оорукчан болуп калдым деп мүмкүрөбөстөн, башка адамдарга үлгү болоорлук иштерди жасай алган. Бул адам тубаса эсепке так болгондуктан адамдар менен так мамиле жасаган жана колхоздун уй фермасындагы эсеп – учет иштерин жүрүзүүдөн эмгек жолун баштаган. Жасаган иштери элге жана ошол мезгилдеги активдерге жаккандыктан уй фермалык кызматка чейин көтөрүлгөн. Бул кишинин мүнөзүндө жалган айтканды жаман көргөн,бирөөгө кара санабаган,баардык нерсеге орустай мамиле жасап, туура жүргөндү жактырган.Бул мүнөз жалпы Калмамбетовтордун үй бүлөөсүнө таандык болгон б.а. агасы Төөбай абанын, Жалил абанын жүрүш турушу буга мисал боло алат. Кичүү агасы Жалил аба 1939-жылы Фин согушуна атанып,ошол бойдон дайынсыз болгон. Абдразак аба жубайы Токтобү апа экөө беш кыз, бир уулду тарбиялап өстүргөн. Уулу Османали айылдын. Осо аке деген сыймыктуу аттын ээси.
Осо аке үч уул, эки кыздын атасы.

# Назиров Миталип



Назиров Миталип(Мукан). 1964-жылы январ айында Көндүк айлында туулган
жогорку билимдүү ОГПИнин физика-математика факултетинин математика бөлүмүн 1984-жылы аяктаган.
Өз өмүрдө 1984-жылдан-1989-жылга чейин мектепте комсомол комитеи
1989-жылдан-1999-жылга чейин окуу бөлүмүнүн башчысы, 1999-жылдан 2005-жылга чейин мектеп директору, 2010-2013-жылдан жылга чейин кайрадан окуу бөлүмүнүн башчысы 2013-жылдан бери ошол эле мектепте директору болуп иштеп жатат.
Он бир туугандын чоңу эл агартуунун отличниги, жолдошу Абдыраева Бүсайра экөө, эки бала үч кыздын ата-энеси. Жергиликтүү кеңештин эки жолку чакырылышынын депутаты.

Карабаргынын Эшей урууларынын ичинде октябрь революциясына чейин ажы наамын алган адамдар төмөндөгүлөр:

**1. Өмөр Ажы-Көндүктөн**
**2Сатыбай ажы-Кара-Булактан**
**3. Мама ажы-Кара-Булактан.**





**Атабаев Эсендин жубайы Зупуева Майрамкан экинчи уулу Канатбек жана неберелери менен**

## Атабаев Эсен Алимканович

1945-жылы Кара-Кулжа районун Кара-Булак айылында туулган. 8-класска чейин Ажике мектебинде окуп, орто билимди Кара –Кулжанын борборундагы Кара-Кулжа (азыркы Ш.Жээнбеков) мектебинен алат.Москва шаарында армияда үч жыл кызмат кылат. Ал армияга кеткенге чейин Куршаб айылында кесиптик окуу жайынан комбайнер-тракторист адистигине ээ болгон. Жай айында комбайын менен эгин орсо, жаз трактор менен жер айдап колхоздун белдүү,кызматкери болуп кадр баркка ээ болуп сый урматта жүрдү. Дээринде бар жигит кайсыл жерге барбасын аталардын таржымалын сурап ата бабалардын тарыхын тактоого кызыкты, көбүнүн сөзүн угуп, талдап, билгенин айтып салыштырып жүрүп элдик санжырага аралашып кеттип айылдагыларды суктандырды. Улам жашы жогорулаган сайынсанжыранын уулу кенч экенин түшүнүнүп, биротоло берилип кетти. Бүттүндөй Карабаргы уругунун санжырасын жадабай иликтеди. Өмүрлүк жары Зупуева Майрамкан менен алты уул,бир кызды тарбиялап өстүрүп, ардактуу ата. Бүгүн ал бир эле айылыдын эмес бүтүндөй Ош облусунун адамдары санжырачы Эсен деп билишет.

**КАРА- КУЛЖА КИЧИ МЕКЕН**

Аркайган бийик зоолору,
Адамдын көзүн жоошутат.
Көк кашка мөңгү тоолору.
Алай-Памир кырка тоо –
Чаткалга карай созулат.
Чеп коргон сымал –
Жалпы журтка созулат.
Үч кылдуу кыргыз комуздай
Үч дайра агып этеги,
Учукка барып кошулат.
Кара-Кулжа өрөөндө
Көк-Жар, Угыр, Беш-Мойнок,
Качуура көлү, Муз Төр бар.
Үч Сейит менен Каракол (Шилбили)[1],
Арпанын бийик ашуусу.
Кара-Колдун төрүндө
Суу Башы деген булак бар.
Сүрдүү агып күркүрөп,
Тунжурайт экен кулактар.
Кара-Кол ашуусу (Ала-Мышык),
Кара зоо бийик таш болот.
Белге чыгып карасаң,
Арпанын адыр талаасын
Көрө албай көзгө жаш толот.
Суу башынан суу ичкен
Аркар, кулжа мекени.
Ал кулжанын бардыгы
Тегиз кара болушат.
Суу ичем деп далайы,
Ажалга туш болушат.
Ошол себеп бул сууну,
Кара-Кулжа атаган,
Аталардан бата алган.
Качуура көлдү ашканда
Кулун-Ата көлү бар,
Капчыгайлуу төрү бар.
Ал көлдүн терең баяны
Уламыш экен аягы.
Бир ата келип бир бээни
Көл боюна байлаган.
Көлдөн чыгып бир айгыр
Бээ менен бирге жайлаган.
Кийинки жылы ал ата
Көлгө келип бээсин,
Тайы менен байлаган.
Көлдөн чыгып тору айгыр,
Ак боз бээнин кулунун
Көлгө алып кетиптир.
Ошол себеп бул көлдү
Кулун-Ата атаган.
Олуядан бата алган.
Капчыгайы кең болот,
Этегинде эл болот,
Көндүк деген жер болот.
Бир белести ашканда,
Терек сайы кең болот.
Ал өзөндүн сыры бар,
Силерге айтам билип ал.
Өйдө карай баштайын
Этек жагын токтотуп,
Кийинирээк баштайын.
Тегерек коргон кызыл жар,
Савайарды ашууну көздөй ашабыз.

---

[1]Ат-Башы, Арпага

Күртүк[2] көрсөк бул жактан,
Кытайды көздөй каччыбыз.
Ал кырка тоонун оң жагы
Алай менен чектешет,
Кытай менен беттешет.
Кытай жагы куу талаа,
Алай жагын сен кара.
Өзүнчө бир керемет,
Эки өзөндү кошуптур,
Кытай жагын тосуптур.
Алайкуунун суулары
Таза болот турбайбы.
Жайык өрөөн суулары
Кызыл жардан кошулат.
Андан ылдай аккан суу
Жерге тийбей пайдасы,
Гого салган немедей
Буркан-шаркан октолуп,
Күркүрөп катуу атылат.
Жандууга тийбей пайдасы,
Тар дарыя деп аталат.
Ой талдан ылдый жүрөбүз,
Кара ташка тиебиз.
Кара таштын тарыхын,
Кагазга жазып чийебиз.
Кара таштын азабы
Союз мезгил болгондо,
Көпкө тийген казабы?
Кетмен, керки колго алып,
Ат өтпөгөн кыяны
Азап тартып адамдар,
Күндүр түндүр кызышкан.
Чакылдаган көк ташка,
Далай жарак сыныптыр.
Акыры өкүм пашасы
Каздырып жаны тыныптыр.
Сары-Бээ деген жери бар,
Саналуу болгон эли бар.
Сапар тартып бир барсаң,
Саргайта турган жери бар.
Сары-Бээден өтөлүк,
Чалмага эми жетелик.
Күңгөй жагы кызыл таш,
Тескей жагы кара таш.
Ат койо албай аталар,
Чалма деп атап салыптыр.
Алмасы менен алчасы
Аябай эле көп болот.
Ачка калган адамдар
Бир курсагы ток болот.
Кызылы болот алманын,
Жигити сонун Чалманын.
Өздөрүнөн кыз албайт,
Буга айраң калбагын.
Бодур ала чоң колот,
Буйга деген жер болот.
Маңдайында кызыл таш,
Атабай кетсем кем болот.
Мейиз деген сулууга,
Абыл ашык болуптур.
Учурунда Абылың
Мансапка абдан толуптур
Учурунда жаш сулуу
Аргымакка минген дейт,
Өлөөрүн өзү билген дейт.
Кууп жетсең Абыл чал,
Мен сеники боломун.
Аттанып экөө тең
Аргымак оозун тарта албай,

---

[2]Кордук

Айткандары эп болду.
Кызыл ташка жайылып,
Экөө бирдей мерт болду.
Абыл, Мейиз аталып,
Эл оозунан кеп болду.
Темиржан деген эки зоо
Кандайча болгон аталып,
Эшейден туулган
Темиржан,
Өрөөнгө малы батпаптыр.
Ошол зоого ашырып,
Кышы-жайы каттаптыр.
Малынан кырсык болбогон,
Темиржан-Тоо деп аталган.
Жалпы элден бата алган,
Үч-Көл менен Дардаң көл.
Ашуусу бийик Андакул,
Алыскы жайлоо аталган.
Ак-Богуздун шамалын
Айтпай кантип калайын?
Бир жылда жети жүрөт го,
Ач бөрүдөй үрөт го?
Анча мынча даракты,
Түбү менен жулат го?
Ажыкеге барабыз,
Токбай-Ата мазарга,
Чыгып дүрбү салабыз.
Чар тарабы теп-тегиз,
Бардыгы бирдей көрүнөт.
Керемет жерге суктанып,
Көңүлүң санга бөлүнөт.
Алла Таала жараткан,
Кереметүү Токбайды.
Өзгөндү, Ошту караткан
Токбай-Ата олуя.
Жыл эки ичинде
Кырк күн чилде кылып
отурган.
Чилде деген себебин,
Силерге айтып беремин.
Өткөн учур заманда,
Адамдар болгон таптаза.
Арамдык менен иши жок,
Таза болгон келмеси.
Токбай-Ата олуя
Акыр заманды көп айткан.
Акыр заман пендеси
Бою бираз пас болот.
Бирине-бири кас болот,
Акыл жактан аз болот.
Адал, арам ылгабай
Жей берет деп айткан.
Мындан башка насаатты,
Бул олуя көп айткан.
Деп ошентип олуям
Ажал жетип өлүптүр,
Ошол жерге коюлган.
Мазары бар Токбайдын,
Ар жылы барып сыйынган,
Адамы бар Токбайдын.
Муну мындай таштайлы,
Ажикеден баштайлы.
Кереметтүү Ажике
Кенен жайык жер болот.
Үч Баргынын элдери
Кең пейилдүү эл болот.
Желе тартып, бээ байлап,
Кымыз ичип, эт чайнап
Жайлоонун доорун сүргөн
көп.

Ажике деген себебим,
Баяндап бираз беремин.
Ажы деген сөзүбүз
Араб тилден алынган.
Сыйынуучу жер болот,
Сыйына турган жери бар.
Байыркы өткөн адамдар,
Үч Көл, Токбай, Беш Талга
Тынбай каттап турушкан.
Баласыздар кудайга,
Жакшы тилек кылышкан.
Дүңгүрөмө жери бар,
Кудайдын экен амири.
Жер бетине суусу
Чыкпайт экен агып ал.
Бөрү көрбөс ак башат,
Маңдай тескей жаралган.
Ак-Торпок менен Чалкада
Таздар деген эл болот.
Эшей менен Булашы
Катарлашып бир болот.
Сары-Башыл, Суук-Дөбө
Алайга ашкан бели бар.
Тай чыкпас деген жалпагы,
Ортоктоп кенен төрү бар.
Кара шагыл Ордолу,
Атабай койсом болобу?
Кара Булак, Кара Көл
Чааралча болот салкын төр.
Он жетинчи кылымда,
Аталар көчүп келишкен.
Бул жердин аттарын,
Атап, коюп беришкен.
Шиберлүү тулаң жер
болгон,
Ынтымактуу эл болгон.
Кара-Булак булакты,
Алымкан казып ондогон.
Жайындасы муп-муздак,
Кышындасы жып-жылуу.
Кереметтүү булагым,
Ичип, жашап турамын.
Сары күңгөй жарык жер,
Дыйкандардын жери экен.
Арпа менен буудайды,
Арбын сепкен эл экен.
Кичик деген жери бар,
Тектир-тектир таш болот.
Улгайып калган адамдар,
Мине албай калса атына.
Бутуна койсо ал ташты,
Мингенге далай пас болот.
Шаркыратма эңкейсең,
Ылай-Талаа жери бар.
Каны болот мына ушул.
Тасма деген элинин,
Кара жыгач, Пор деген
Жетим-Дөбө жери бар.
Кең пейилдүү эли бар.
Кара-Кулжа жеринин,
Термесин айтып бүттүмбү?
Аталбай калса көп жери,
Айып көрбө адамдар.
Муну мындай таштайлы,
Бул жергемде жашаган.
Беш, алты кылым өтсө да,
Эл ичинде кең пейил,
Адамдардан баштайын,
Бектер, бийлер, баатырлар.
Бий менен болуш, казылар,

Эл башкарып турушкан.
Бий,  манаптын доору,
Кедейдин болгон шору –
Деген заман өтүптүр.
Адамзаттын өмүрү,
Өтө берет турбайбы.
Бири туулуп,  бири өлүп,
Кете берет турбайбы.
Ар кубулуш ушинтип,
Келе берет турбайбы.
Кең пейилдүү адамдар,
Боло берет турбайбы.
Кара-Кулжа өрөөндөн,
Далай жакшы көп чыккан.
Эл ичинде тандалган,
Акылманы көп чыккан.
Эл ичинде тандалган,
Жакшыларга токтолом.
Молдо,  Кожо табыптар,
Бакшыларга токтолом.
Ал учурда доктор деген жок болгон.
Молдо,  табып,  бакшылар
Аябаган көп болгон.
Жангозу деген бир бакшы,
Түндүккө чейин секирип.
Чамгаракка отуруп,
Чокту кармап алчу экен.
Байбарак табып болгон дейт.
Бактысына жалпы элдин
Ажалы жетип калбаган,
Табыптан шыпаа тапчу экен.
Андижанга[3] барган дейт,
Чакыртып аны бир газы.
Жалгыз уул болуптур,
Көпкө жатып калыптыр.
Семизин сойгон бээнин,
Кабыргасын алган дейт.
Бычак жасап табыбың,
Кардын жарып баланын
Чириген жерин алыптыр.
Өлбөй бала калыптыр.
Акысына табыптын
Алты ала байталды,
Алдына байлап берген дейт.
Андан кийин казылар,
Жакшы наам берген дейт.
Байбарак табыпка
Абдыкадыр небере,
Рысбай[4] болот чебере,
Биздин айыл тараптан
Байбарактан кийинки,
Менин атам Алымкан.
Болгон экен чоң табып,
Курсагынан кулгуна
Болгон экен бир жигит.
Шибеге жасап сөөктөн,
Коркпой жарып берген дейт.
Кыл өткөрүп шишикке,
Сакайганча шишигиң –
Ириң агат деп койгон.
Тамырын кармап көптөрдүн,
Ичирип ылгап тамакты,

[3]Андижан – уйгур кыздын аты.
[4]Рысбай Абдыкадыров

Элине болгон чеп коргон.
Молдо Кожо табыптын,
“Сүф” дегени эм болгон.
Сөздөрү менен чечендер
Буларды атап кетейин,
Айтпай койбой кетпейин.
Чалмадан чыккан чоң молдо
Ибраимжан молдого,
Көптөгөн адам барышкан.
Дем салдырып көп адам,
Молдого ыктап калышкан.
Жети уруунун ичинде,
Миң башы болуш, казылар
Элибизде көп болгон.
Мати деген миң башы
Жети урууну башкарган.
Жусупбай казы баш болуп,
Матинин сөзүн сүйлөгөн.
Бийлерге буйрук беришкен,
Элден салык жыйна деп,
Кедейлердин азабын –
Ушулар берип келишкен.
Көбө бий чыккан Орчундан,
Тайтындан болгон Калыгул.
Эшейлерди ээрчиткен,
Акан деген бий болгон.
Сары баргыдан Баргы бий,
Сары баргыны баштаган.
Көбө бийге аш берген
Байы мырза болптур.
Жети уруунун элдери
Таш Булакка тигилген,
Жүз үйгө конок толуптур.
Учуктан койгон байгени,
Буйгадан барып кармаган.
Калыгулдун карагер,
Биринчи соорунду[5] алган
дейт
Эшейлерден Акан бий
Мыкты чыккан деп айтат.
Көпүрөнү көп салып,
Эл камында болуптур.
Аш бергенде Акан бий,
Эсематтын алты уулу
Бир кишидей болуптур.
Баргы бийдин ашы өтөт,
Ажикенин оюнда,
Жүз үй тигип берген дейт.
Үч Баргынын балдары
Алымбектин Карыбек,
Ашка конок болуптур.
Чымбайдан койгон аттары,
Ажикенин белинен
Аттарды арбын кармаган.
Биринчи соорун үч жүз кой
Карыбекке арнаган.
Муну мындай таштайын,
Баатырлардан баштайын.
Арспай деген тажикти,
Жер чапчытып бакыртып.
Бөрүлөр мактап салыптыр,
Жумабай Зикир чыгыптыр.
Эшейдин башкы төрүнөн,
Баргы бийдин ашында,
Калыгул турган кашында.
Арспай деген баатырды
Баш күрөшкө салыптыр.
Чыкпайт буга эч ким деп
Элдер айран калыптыр.

---

[5]байгени

Үч Баргынын бийлери,
Жумабайды чыккын деп.
Абдан кыстап калыптыр,
Кымкап жаап Арспайга
Сүлкүлдөтүп салган дейт.
Жумабай келсе алдына,
Тоготпой аны койгон дейт.
Кымкабын ачып ыргытып,
Жумабай баатыр Арспайды
Жаактан ары койгон дейт.
Алышып кетип арстанча,
Ит жыгылыш болгон дейт.
Арманым бар дедирип,
Кайра салып коюптур.
Айландырып Арспайды
Көтөрүп алып Жумабай,
Башын жерге тик сайып,
Башынан аттап өтүптүр.
Жүгүрүп барып Зикири
Көтөрүп алып баатырды,
Жыйындан алып кетиптир.
Буга окшогон аш-тойлор,
Жети урууда көп болгон.
Атап айтып кетүүгө
Убактым бираз жок болду.
Бай манаптын доору
Ушуну менен токтолду.
Экинчи доор башталат, –
Он жетинчи жылында
Николай[6] тактан кулаган.
Эркиндик болду бизге деп,
Кедей менен кембагал
Эмшеңдешип ыйлаган.

[6]Россия империясынын акыркы падышасы

Байларга бул ый жаккан
жок.
Орус болуп кетет деп
Тоо ташка жашынып,
Каршылык кылды ачка,
ток.
Мунун атын орустар
Басмачы деп аташкан.
Басмачынын башчысы,
Жаныбек гаазы Айтмээрек.
Жигиттери каш болуп,
Кытайга өтүп кеткен дейт.
Кыргыз элине орустар,
Толтура болуп келиптир.
Коммунисттик партия
Жалпы элге жетиптир.
Кырк биринчи жылында,
Немецтер кирип келишти.
Өсүп калган жаштардын,
Азабын булар беришти.
Эркектер калбай айылда,
Жесир болду аялдар.
Азап тартып,  кан жутуп,
Өлүп калды көп балдар.
Кудайым өзү колдосун,
Экинчи согуш болбосун.
Жетимиш беш жыл
жашаган,
Коммунисттик партия
Кара-Кулжа өрөөнгө
Район Совет деп койгон.
Жемекейге партия
Кан буугандай чек койгон.
Партиянын эмгеги
Кыргыз элге көп болгон.

Китеп берип колуна,
Мектеп салып окутту,
Билими жок кыргызга.
Темир унаа токутту,
Кыргыздардан атактуу.
Профессор, докторлук
Жактагандар көп болду.
Мал багып союз мезгилде,
Эт менен жүндү көп берип,
Совет районунда.
Депутат, баатыр, чабандар,
Элибизде көп болду.
Мисалга алып кетейин,
Чындыгына жетейин.
"Ленинчил Жаш"
колхоздон,
Эки баатыр тең чыкты.
Маамыт менен Беделбай
Эл ичинен тың чыкты.
Депутат наамын алгандар,
Мосвага баргандар.
Жумаш менен балдар бар,
Кыргызстанга депутат.
Алыканов Рысбек,
Жааев Акмат дегендер.
Мындан башка депутат,
Кыргызстанга көп болгон.
Райондук жетекчи
Жакшылары көп болду.
Баатыров Мариш Марксты[7]
Кыргызстанга тааныткан.
Алмаз менен Тентиген,
Калжоро менен Мырзали.
Колхоз менен совхозго
Катырып эмгек кылышкан.
Калинин колхозго
Кармышаков Ташболот,
Башкарма болуп келген го.
Контордогу чоңдордун,
Сазайын колго берген го.
Эми жакшы болоордо,
Союз кулап өлдүго.
Соода борбор жактарын
Шарип менен Суранбай
Көп жыл талбай башкарды.
Район, колхоз, совхоздо,
Түрдүү кооз салдырган.
Магазиндер көп болду.
Кардым ачып калат деп,
Кам тарткан эмес адамдар.
Тандап жаап ундарды
Ысырапка жол берип,
Таштаткан элдер көп
нанды.
Техника тарабын
Башкарган экен Галыбек.
Кадыр таап калкына,
Кайдан жайдан таап келген,
Түрдүү түмөн товарды.
Күйүүчү май тарабы,
Суудай аккан чарбада.
Чарбага тоют жыйнаарда,
Таракташып тайтаңдап
Табилчи менен кароолчу,
Минген бирден машина.
Ушундай кенен заманда
Дүйнө жыйнап пул топтоп,
Алган эмес Галыбек.
"Ленинчил Жаш" колхозго

[7]Карл Маркс колхозун.

Сатыбалды акебиз
Кампачы болду көп жылга.
Кампага кирсең кокустан,
Кандай боюм сурасаң
“Алгыла”, - деп турчу эле,
Сатыбалды акебиз.
Элине эмгек сиңирген,
Кадыр табат турбайбы.
Адал иштеп, ак жүрсөң
Элиң баалайт турбайбы.
Таза иштеп нан тапкан,
Союзда болгон турбайбы.
Кайра куруу болот деп,
Горбачовуң чаң салды.
Бул эмне деген сөзү деп,
Жалпы элдер таң калды.
Ошентип жүрүп Горбачев
СССРди кулатты.
Туш тарапка тентитип,
Партияны сулатты.
Горбачевуң курусун,
Калысын айтам мунусун,
Элибизге чуу салды,
Экинчи заман бүттү
окшойт.
Эгемендүү болду окшойт,
Элибиз жалпы күттү
окшойт.
Эгемен алган көп өлкө
Бутуна туруп кетишти.
Эгемендүү болду деп,
Калпакты көккө ыргытып
Кыргыздардын чоңдору,
Кандай эми болот деп,
Дардаңдашып кетишти.
Кайраштырып эки элди,
Түбүнө булар жетишти.
Кайра куруу болбостон,
Кадырлуу кыргыз калкыма
Төбөдөн уруу болду
окшойт.
Эл деген сүрмө топ болот,
Элде айып жок болот.
Элди кармап бетине,
Бийликтин жаны жок болот.
Жетимиш беш жыл
топтогон,
Союздун мүлкүн талашты.
Доллар деген акчаны
Чет элге барып бекитүү,
Чоңдорго абдан жарашты.
Адал иштеп берем деп,
Бирин-бири көрө албай.
Эки-экиден жөөлөшүп,
Биринен-бири уялбай.
Тузактарын коюшту,
Депутат менен бийликти
Талашкандар көп болду.
Урууга бөлүп элдерди
Уялбады депутат.
Арак менен самынды
Арбын алып келишти.
Ачка болгон кыргызды
Алдап, соолап кетишти.
Депутат менен бийликке
Эптеп барып алган соң,
Айылга басып келишпейт.
Арак менен самынды,
Андан кийин беришпейт.
Алсыраган элдерим,

Ар тарапка кетишти.
Акчаны кууп адамдар,
Америкага жетишти.
Аялдарын аттантып,
Пулду пулга таптырган,
Деген заман келди окшойт.
Эсебин билген адамдар,
Бутуна туруп кетишти.
Этаж-этаж үй салып,
Мүдөөсүнө жетишти.
Машина минип чет элдин,
Ойногондор көп чыкты.
Атасына аш берип,
Тойлогондор көп болду.
Атын атап кетейин,
Чалмадагы Курстанга
Токтолуп бираз кетейин.
Жети-Суугa аш берди
Чоң атасы Алишов.
Сатыбалды берээнге,
Аргымак аттар көп келди.
Соорунду абдан көп берди.
Баш байгеси соорунга,
Темир унаа коюптур.
Төөлөр менен доллларды
Экинчиге берди го.
Чабандес менен балбандар
Аябай алып келди го.
Үч жүз жылдын ичинде,
Мындай аштар болбогон.
Тилегин берип баланын,
Кудайым ишин оңдогон.
Ушул Эшей тараптан,
Асыранов Сатыштын
Жети уулу бар деп угам.
Жетөө бирдей чогулуп,
Бир кишидей деп угам.
Элине эмгек кылышкан,
Булардай адам болбоптур.
Суу чыгарып, жол оңдоп,
Мечит салып айылга,
Больницаны оңдоптур.
Көндүк Эшей тарапка,
Туйбас аке баш болот.
Балдары угуп насаатын,
Атасына каш болот.
Райондун чоңдору
Бул кишиге көп барган.
Шырбаз[8] союп алдына,
Дасторконду көп салган.
Союз мезгил ичинде
Эшейге мал тийбептир.
Амал бер деп бирөө да,
Конторлорго кирбептир.
Эгемендүү жылында
Башаламан болушкан.
Бизге аким болгун деп,
Чолпонкулду коюшкан.
Биринчи аким Чолпонкул,
Эшейлердин ичинен,
Жактырган экен ишинен.
Экинчи болуп Жаңыбай
Аким болуп келген го.
Сатыбалды Болушуң,
Аким болуп Бишкекке
Арыз жазып келген го.
Арыздарын угушуп,
Аким коюп берген го.
Биздин айыл тарапты

[8]Кыркыла элек козу.

Атабай кантип кетейин?
Арманын айтып элимдин,
Чындыгына жетейин.
Район жак тарапка
Узагыраак жайгашкан.
Төрт түлүк мал багып,
Туландуу жерге айдаган.
Бийлик менен иши жок,
Уяң болот элибиз.
Булагы көп өзөндө,
Кара турпак жерибиз.
Согуштан кийин учурда,
Көп балдар Ошко окуган.
Жогорку болуп билими,
Иштеп эмгек кылышкан.
Кара-Булак балдардан
Тың чыкмасын билип ал.
Алиязов Жаныбек
Эшейден чыккан жигит ал.
Алай-Бишкек жолунда
Тынбай иштеп калды го.
Зыңгыратып чоң жолду,
Жакшы оңдоп салды го.
Айылына салып чоң мектеп,
Балдардан алкыш көп алган.
Акимибиз Каныбек
Арамдык жок оюнда.
Адал иштеп ак сүйлөп,
Атуулдук бар оюнда.
Калдарова Чимиян
Автору болот китептин.
Абдылда кызы Рахат
Башкарып турат сот жагын.
Сайпидин кызы Карамат
Бишкекте иштейт дамаамат.
Ызат сыйга бөлөнгөн,
Таза экен көрөңгөң.
Сатар кызы Жибегим
КТРКда –
Бийликтен айтат жаңылык,
Теледен көрөм жалынып.
Мындан башка айылда,
Атап койсом аларды
Таарынбастыр көп эле.
Мансур,  Манас,  Орунбай
Колхозго көп иштеген.
Адал иштеп элине,
Таза нанды тиштеген.
Жапар,  Савай эки иним
Ошту турат гүлдөтүп.
Савай иним чоң доктур
Жаркыратат тишиңди.
Жапар иним май куюп,
Жылдырат алга ишиңди.
Шекербегим шерденип,
Жүрө берет эрденип.
Муну мындай таштайлы,
Айыл жактан баштайлы.
Биздин жердин сыры бар,
Жаштарга айтам билип ал.
Жай мезгили болгондо,
Ай он бешке толгондо.
Жер көк шибер оронот,
Жаныңда болсо шеригиң.
Аймалашып алышып,
Жатсаң сонун керемет.
Кыш мезгили болгондо,
Ак карды жер жамынып.
Тоодон чыгат кылайып,
Айдын нуру жылмайып.

Үркөр жылдыз батканда,
Тегиз элдер жатканда
Ай менен кошо сырдашып,
Эки-экиден жүрсөң сонун
керемет.
Кычырайт карды басканда,
Суулар тоңуп жатканда.
Чыйрыгат жаштын денеси,
Улгайганда билинет,
Жаштыгыңдын элеси.
Жаш болосуң карыйсың,
Аргымактай арыйсың.
Жаштыктын доорун билип
ал,
Адамдыкка алдырбай
Жашыңда ойноп, күлүп ал.
Жердин сырын билгиле,
Жеди сыйлай жүргүлө.
Кызыл Булак, Таш Булак,
Эшей менен канатташ
Булаш деген эл турат.
Байыртан бирге жашаган,
Кыз беришип кыз алып,
Ынтымактуу эл болот.
Керегедей кыналган
Катар кызыл ташы бар.
Кара баткак, сары кыр,
Рыспай ашкан ашуу бар.
Рыспайдын апасы
Зуура эже эшейден.
Рыспайдын таланты,
Чыккан эмес бекерден.
Тагасы болгон Токтогул[9],
Комузду жакшы ойногон.
Рыспайды черттирип,
Келечегин ойлогон.
Зуура эженин ыры бар,
Силерге айтам билип ал:
“Кара койдун терисин,
Калдыратпа кыздар ай.
Кара тору балдарды,
Жалдыратпа кыздар ай.
Кызыл койдун терисин,
Кылдыатпа кыздар ай.
Кызыл тору балдарды,
Жалдыратпа кыздар ай”.

*Сары-Булак айыл өкмөтү*
*Кара-Булак айылы*
*Санжырачы Атабаев Эсен.*
*2015-жылдын май*

[9] Айылдык талант

# Тайтың уруулары

# (Ылай-Талаа айылы)

## Тайтың уруусу

Урматту окурман. Биз ушул китепке Эсаматтын алты уулун тең түшүрсөкпү деп арекет жасадык эле. Бирок тилеке каршы кээ бир уруулардын так болбой калгандыгына байланыштуу китеп жазылыш максатына жетпей калды. Бул жерде Эшей жана Тайтың урууларынын кыска мөөнөттө так болгондугуна байланыштуу китепти жарыка чыгарууга аргасыз болдук.

Бул китептен кийин дагы аракет жасап Эсаматтын тун уулу болгон Койсары, Орчун, Кара козу, Жалчыман төрт уулун тактап китеп жазууга кудай буюрса биз же бизден кийинки муундар кадам шилтейт деп үмүттөнөбүз...

Мурунку муундагы санжырачылардын айтымына караганда Эшей, Тайтың табакташ деп аташкан. Мунун себеби ошол замандын багытына жараша Эшей менен Тайтыңды чоң-чоң той-аштарда бир түшүрүп аш тартса дагы, баш тартса дагы бирге бөлүшкөн экен. Эми китептин башында жазылган Долон бийдин урпактары болуп эсептелет.

Эсен.




Долон
Акуул
Адигине
Баргы
Сатыке
Кудайберди
Мангылтай
Эсамат
Тайтың
Бабатай
Суттугул
Ыбыр
Шалтак
Тайлак
Шапатай
Тору
Таттыгул
Аташ
Намаз
Ысмаил
Ноорузбай
Шады
Алдаке
Касым
Маматали
Жөжө (бий)
Мотур
Таштан
Нуркул
Макатай
Үкүш
Орозали
Мамасадык
Жунус
Токон
Тажибай
Сатар
Жамшидбек
Адилет
Жолдошбек
Канатбек
Саматбек
Айткул
Дүйшөнбай
Жээнбай
Бектур
Медербек
Кадырбек
Мирбек
Жыргалбек
Акылбай
Даниэль
Аракул
Чобо
Абдыкалык
Рахманберди
Кантемир
Жумабек
Нурислам
Тургун
Абдижалил
Сулайман
Үсөн
Абдусамат
Исмаил
Асан
Нурали
Нуржигит
Машрап
Сыргак
Тариэл
Автандил
Байыш
Мухамед
Чия
Турдубай
Абакир
Ысак
Ыбыш
Арын
Кадырали
Мениш
Алтымыш



Ноорузбай
Касым
Алдеке
Үсөн
Жээнбек
Кушу
Туйба
Жумабек
Нурсултан Эрмек
Рысбек
Улан
Өмүрбек
Бекуултан Чоро Азатбек
Азимбай
Рыскелди Жумагул Мурзагул Сыймык Мыктыбек
Алихан Айдар
Шады
Молдо
Казак
Чоко
Курманбай
Адыш
Турганбай
Жуматай
Арстанбек Абди Бурканбек Каныбек
Жылдызбек Бамман
Нурислам
Адилет
Асанбек
Марат Жаныбек Медет Кубаныч Турат Жыргалбек Женишбек
Айбек
Курманбек Сталбек
Искак
Бекултан Аскарбек Исламбек
Орозбай
Тиленбай
Гөбө
Нурлан
Нургазы
Саитгемир Мухамед Кутман
Жаныбай Байтемир Кантемир Автандил
Тимур Аширбай Бектурсун Дөөлөтбек Арген
Көкөн
Жаанбай
Бакентай
Нургаза Куштарбек Бекмамат Мыктарбек
Замирбек Эстебес
Адахан



Ноорузбай
Маматали
Касым
Мамет
Көбө
Эламан
Зулупкар
Чөкөш
Айтназар
Пиратбай
Кубаныч
Жеңишбек
Эркинбек
Тиленбай
Немат
Эмирбек
Ариет
Жыргалбек
Тоштүк
Нурсултан
Тынчтыкбек
Талантбек
Алманбет
Кулчоро
Мастафа
Осмонбай
Шарыбек
Камчыбек
Топчубай
Жалил
Адаш
Эстебес
Болотбек
Жоробек
Ыса
Эрали
Бегали
Бердали
Элдар
Бекзат
Эмилбек
Замирбек
Даниэл
Байдөөл
Актан
Бекмырза
Элназар
Бексултан
Акылбек
Мирбек
Бакытбек
Илимбек
Уланбек
Жыргалбек
Аман
Омош
Абдикерим
Алтынбай
Моңолбай
Сыргабай
Абдилаз
Алмаз
Нурбек
Бекболот
Айбек
Кылымбек
Амир
Тимур
Амангелди
Мамек
Арстанбек
Жаннатбек
Азизбек
Айтибай
Улукбек
Нурлан
Барсбек
Самат
Адилет
Абдырасул
Карыбек
Каракойчу
Ишигүл
Актилек
Келечек
Мурат
Дүйшө
Амат
Тажибай
Байыш
Жаныш
Советбек
Токтосун
Тазобек
Айбек
Каныбек
Токтобой
Муса
Артур
Амантур
Бекназар
Бектур


Ноорузбай
Мотур
Отунчу
Талант
Быдын
Абылда
Табалды
Сатыбалды
Жолдош
Каныбек
Жанибек
Жыргалбек
Бекжан
Адахан
Алихан
Зарипбек
Эмилбек
Төлөнбай
Элдияр
Бактияр
Шермухамед
Эркин
Токтосун
Алишер
Жөжө
Ибрагим
Султан
Чымбыл
Чаны
Мамыр
Сүйүмбай
Досу
Тургунали
Мамасали
Адылхан
Ныязалы
Гүлжигит
Адилет
Умар
Абубакир
Бакытбек
Нурадил
Маматали
Акмат
Илияз
Рысбек
Көчкөнбай
Орозбай
Мамыт
Камил
Токтомамат
Тимур
Өмор
Жакшылык
Келдибек
Кеңеш
Жеңиш
Самарбек
Абдрахман
Эрханбек
Аман
Азирет
Умар
Болбай
Сулайман
Аксамат
Эсенбай
Мелис
Рамист
Тимур
Тариел
Асхад
Нурмухамед
Нурислам
Шайит
Имаммалик
Рамил
Хамза
Байэл



Суттугул
1. Ыбыр
2. Шалтаң
3. Тайлак
1. Желдең
2. Калмамат
1. Матөмөр
2. Токтосун
1.Итемер
2. Мамыт
Турумбек
Курманбек
Жаныш
Улукбек
Азамат
Сталбек
Жанарбек
Адилет
Султан
Азирет
Актан
3. Рай
Сагыналы
Адилет
Азирет
Мелис
Анарбай
Мундузбек
Кундузбек
Чыныбай
Нуртилек
Ислам
Каныбек
Арген
Мерген
Бекасыл
4. Раимжан
Жумали
Мирали
Орозали
Турдали
Кайрат
ыса
Бегали
Марлес
Эрнист
Каныбек
Өмүрбек
4. Шеке
1. Муса
Элдос
Исхак
Атай
2. Жумабай
ынтымак
3. Болотбек
Нурсултан
4. Рысбек
5. Руслан
Адилбек



Суттугул
Ыбыр
2. Калмамат
1. Желден
1. Матемер
2. Токтосун
1. Бороон
2. Мойдун
3. Сабан
4. Закирбай
Кылыбек
Байгелди
Байдеелет
Улукбек
Нурислам
Бекзат
Элдар
Канатбек
Атабек
Таазбек
1. Шайлоо
Өмурбек
Үсен
Жаныш
Бек
Жандар
2. Дооран
Артанбек
Темурлан
Сапарбек
Мухамед
Ташмамат
Сыргак
Съездбек
Бердибек
Нурланбек
Нуржигит
Курстанбек
Элмирбек
Бурканбек
Абдибаит
3. Рысбай
Манас
Ислам
Улан
Алимбек
Курманбай
4. Капар
5. Байыш
Аман
Эмир


Сүттүгүл
Ыбыр
2. Калмамат
1. Желдең
2. Атан
2. Паиз
1. Бакир
Субан
4. Талант
3. Дастан
2. Курстан
1. Рустам
Кубаныч
Алдияр
Алишер
Бекмамат
Азамат
Айбек
Кайрат
Канат
1. Акмат
2. Эрмекбай
Жакшылык
Жаныш
Акжол
Замирбек
Кутман
Алтынбек
Кадырбек
Темирбек
1. Мырзабай
Кармышак
Бакый
Анарбек
Кумарбек
2. Болуш
1. Абдыкалык
Асан
Советбек
Сагынбек
Адахан
Рамислам


Сутугул
Тайлак
Шалтак
Эгемберди
Сулайман
Тойчубек
Мурзакул
Токсонбай
Садык
Уркунбай
Тойрон
Турдугул
Жениш
Урматбек
Касым
Тойчу
Темир
Нуртилек
Улан
Исламбек
Имамбек
Асан
Усен
Нурсейит
Жээнтай
Сагынбай
Итибай
Календар
Мамасабыр
Маамет
Култай
Ормотай
Танабай
Соку
Апсамат
Жумук
Бердиш
Айылчы
Тополон
Нышанбай
Ташкул
Медербек
Эркин
Алмаз
Эрлан
Мирлан
Кутман
Куштубай
Ыса
Төрөш
Жолон
Азан
Асылбек
Канатбек
Кубаныч
Өмурбек
Замирбек
Токторбек
Баяман
Чынгыз
Мухамед
Айбек
Нурбек
Султан
Уларбек


Долон
Ак уул
Адигине
Баргы
Сатыке
Кудайберди
Мангылтай
Эсемат
Тайтың
Бабатай
Байбото
Шапатай
Молдош
Дубана
Термечик
Жапар
Сатимкул
Кыдыр
Сыдык
Турдумамат
Бекболот
Жолболот
Нургазы
Жоомарт
Ислам
Тойчу
Эмил
Абдыразак
Абдулла
Аданбай
Мамасалы
Куттубай
Ажибай
Жаркынбек
Жанарбек
Жаныбек
Данияр
Канат,
Талант
Жаркынбек
Жанарбек
Жаныбек
Жумакадыр
Расул
Жарасул
Капар
Жапар
Санжар
Азирет
Майрамбек
Адылбек
Акылбек
Умарбек
Самаган
Эльмурат
Ислам
Азирет
Амир
Нурсейитулло
Эхсомирхаак
Абдурахим
Аманулла
Абибилла
Мурадилла
Аязулла
Данияр
Бактыяр
Байэл
Кенжебек
Иса
Кенешбек
Кушубак
Азиз
Азамат
Улукбек
Мустафа
Абдилазиз
Жуманазар
Молдоали
Жениш
Бакыт
Камчыбек
Урмат
Пиримберди
Имандилла, Нурсултан
Машрап
Кошой
Бекназар
Эрназар
Сабут
Абдумалик
Абдуманап
Анарбек
Жумабек
Акжол
Молдогазы
Алманбет
Талантбек
Таалайбек
Максатбек
Шумкар
Акмат
Аскар
Абдырай
Токтомуш
Исамамат
Кудайберди
Жумали
Азамат
Дубана
Нарынбек
Ясин, Абдухафиз
Абдумуса
Адамил
Абдурахим
Хамза
Зикир
Султан
Садыр
Айбек
Кесен
Эсен
Максут
Калыгул
Жээнбай
Сатмамат
Алишер
Мамыр
Эргеш
Сопу
Календар
Болотбек
Камчыбек
Кубанычбек
Арген
Бактыяр
Бексултан


Термечик
Жапар
Калмат
Мати
Осмон
Таши
Кудаш
Зулпукар
Адилбек
Айбек
Жаныбек
Амат
Раимберди
Кумарбек
Ысабек
Бактыбек
Байгазы
Нурислам
Нургазы
Тынчтык
Чынберди
Сагынбек
Замирбек
Актилек
Абу Бакр
Азамат
Самси
Эшбай
Айдарбек
Бакелей
Опутай
Ысмаил
Мамат
Рысбек
Чолпонбай
Жусуп
Базарбай
Салибай
Карыбек
Калыкбек
Кылычбек
Уланбек
Руслан
Майрамбек
Элдияр
Жакшылык
Бөрүбай
Жумакадыр
Элдос
Нурлан
Нурбек
Болот
Акыл
Жаныбек
Тойчу
Койчубек
Урматбек
Саид
Жыргалбек
Жейишбек
Кенешбек
Анарбек
Кайратбек
Толгунбек
Ак назар
Амангелди
Ырысгелди
Марлес
Нурислам
Нурмухамед
Калмурза
Акылбек
Айтибай
Калдыбай
Нуртилек
Кусейин
Касейин
Жекшен
Тынчтык
Дамирбек
Төлөгөн
Кенжебек
Өмүрбек
Актилек
Өсөрбай
Көчөнбай
Өзгөнбай
Эмилбек
Эламан
Элдиар
Альберт
Нурастан


Термечик
Сатимкул
Жапар
Мати
Осмон
Абди
Дөбөт
Муса Ибраим
Исхак Султан
Маматкадыр Асан Жунус
Алим Аким
Байэл
Турусбек Курстанбек Арстанбек
Байыш
Сатар
Исхак
Тагайбек Арапбай Сагынбек
Намаз Артык Абзел
Карим
Мамек
Тууюкбай
Өмурзак
Заир Самидин Азамат
Амин
Жеңиш Азирет Санжар
Эдилбек
Акылбек Алмазбек Марат Жакшылык
Жумабай Тобокел Балтабай Аттокур Билал
Бакыт
Али
Канимет
Бекназар
Элмырза Актилек Эрбол
Нурмухаммед Заид
Жумабек Мыктыбек
Чайиш
Абдумомун Абдыкары Бактыяр Жаныбай Мухтарбек Акматбек
Эржан Бекжан
Ибраим
Абдылда Сулайман Мамыт Асилбек
Мухаммедали
Нургазы
Касым
Орозмат Бейшебай Омар Болот
Марат Самат
Кулмамат Нурдин Турат
Рабул Расул Артур
Уларбек Жаныбек Куштарбек
Орунбай
Эсенгелди Амангелди
Мунамин Абдилаз
Нурбол




Санжыраны түзгөн: Ибраимов Мамасалы Сүйүнбаевич

## Аматов Раимберди

1939-жылы Ак-Бор айылында туулган. Билими атайын орто, Оштогу Айыл чарба техникумун бүтүргөн. Эмгек жолун 1956-жылы Карл Маркс айылында колхозчу болуп баштаган. 1958-1960-жылдары учетчик, 1961-1970-жылдары шофер, 1971-1975-жылдары Карл Маркс атындагы орто мектепте автодело боюнча мугалим.

1975-1980-жылдары колхоздо кайрадан шофер, 1980-1989-жылдары снабжения-экспитор, учетчик, бригадир болуп эмгектенди. 1994-жылдан өз алдынча дыйкан чарбасын уюштуруп эмгектенип келди. Чарба иштеринде өзүнүн иш жөндөмдүүлүгүн көрсөтүп, эч кандай наалат алган эмес.

Жети баланын атасы, 20 небере, 8 чеберенин бактылуу атасы.

## Калматов Амат

Кара-Кулжа районундагы Ак-Бор айылында 1922-жылы туулган. Балалык кездери согуш жылдардан мурдагы кезге туш келет. 1940-1955-жылдары “Сталин жана интернат” колхозунда башкарма болуп эмгектенген. Согуш мезгилинде оор турмушту өткөрүп, тылдагыларды эмгекке багыштап, колдон келген мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу менен майдандагыларды эгин, ар түрдүү материалдар менен камсыз кылып турган. Элди кыйынчылык күндөрдө башкарып, муктаждыктарды өз убагында чечип туруучу жетишкен. Кийинки жылдары Карл Маркс атындагы колхоздо жылкычы болуп эмгектенип, кадырлуу эс алууга чыкканча колхоздун өсүп өнүгүшүнө чоң салым кошуп, алдыңкы колхоздордун катарына жеткирген кадырлуу аксакал инсандардан эле. 1995-жылы каза болгон.

Балдары Раимберди, Кудайберди, Чынберди да колхоздо эмгектеништи. 1995-жылы каза болгон.

## Чобоев Абдыкалык

1920-жылы Кара-Кулжа районундагы Ак-Бор участкасында туулган.

Эмгек жолу Октябрь революциясынан кийин тап душмандарын жоюу мезгилине туш келди.

Кырчындай мезгилде 1941-жылы Улуу Ата-Мекендик согуш башталып эл жерин коргоо үчүн көпчүлүк жигиттер менен согушка аттанды. Смоленск шаарында фашисттик армияга каршы согушуп, оор жаракат алып, 1943-жылы өз айылына келгенден кийин мектепте жана Сталин колхозунун ар түрдүү иштеринде, бригадир, малчы болуп эмгектенди. Улуу Ата-Мекендик согуштун 2-группадагы майыбы.

1958-жылы Карл Маркс атындагы колхоздо ардактуу эс алууга чыкканга чейин эмгектенди. Тайтың жамаатынын кадырлуу инсаны эле.

Өзүнүн басып өткөн жолун дайыма мектеп окуучуларына баяндап, эмгекти, мекенди сүйүүгө үндөп келген согуш жана эмгек ардагери 90 жаш курагында каза болгон.

Уулу Рахманберди да колхоздун белдүү инсандарынан. 10 неберелүү, 25 чеберелүү эле. Улуу Ата-Мекендик согуштун ардагери бир нече сыйлыктарга ээ болгон.

## Абдыраев Токтомуш

1940-жылы Кара-Кулжа районундагы Ак-Бор кыштагында туулган.

Эмгек жолун Кара-Кулжа керек-жарак коомунда жумушчу болуп баштаган.

Ош шаардык Соода техникумун бүтүрүп келгенден кийин магазин башчысы, склад башчысы, керек-жарак коомунун чарба иштери боюнча Алайкуу зонасы боюнча директор болуп иштеп келген.

Кара-Кулжа керек-жарак коомун 12 жыл жетектеген.

Соода иштерин жакшы өздөштүрүп Алайкуу зонасына убагында керек-жарак менен элди тейлеп өзүнүн жумушуна берилгендигин көрсөтүп “Сооданын отличниги” төш белгиси менен сыйланган. Бир нече грамоталарга ээ.

3 уул, 3 кыздын атасы.

**Абдыраев Талантбек Токтомушович**

27-октябрда 1964-жылы Кара-Кулжа районундагы Кара-Кулжа айылында туулган.

Кыргыз мамлекеттик Медициналык институтун 1982-1988-жылдары окуп бүтүргөн.

Эмгек жолу 1989-1992-жылдары Ош шаардык №2 поликлиникада врачтыктан башталат.

1992-1996-жылдары Кара-Кулжа районундагы Ылай-Талаа айылындагы ооруканада врач.

1996-жылдан ушул мезгилге чейин Кара-Кулжа райондук аймактык ооруканада невропотолог болуп эмгектенип келүүдө. Биринчи категориядагы врач.

Төрт уул, эки кызы бар.

**Токтомушов Максатбек**



Токтомушов Максатбек 1973-жылы Кара-Кулжа районундагы Кара-Кулжа айылында туулган.

Бишкек шаарындагы Айыл-чарба институтунун Зооветеринардык факультетинин зоотехник бөлүмүн бүтүргөн.

Ошол эле мезгилде Бишкек шаарындагы Ислам иститутун бүтүрүп, андан кийин Пакистан Республикасындагы Ислам университетинде 9 жыл окуп келген.

2008-жылдан бери Бишкек шаардык борбордук мечитинин баш имамы жана Бишкек шаарынын казысы.

2014-жылдын февраль айынан баштап Кыргызстан Мусулмандар Дин Башкармалыгынын муфтийи.

3 уулдун атасы.

**Коконбай уулу Калыкул бий**

1870-жылы Куршаб уездине караштуу Тар дарыясынын боюндагы Ак-Бор кыштагында туулган. Атасы Коконбай молдо адам болсо, Калыкул чон атасы Кыдыр калпадан билим алган. Божомол менен 1897-жылдан 1930–жылдарга чейин азыркы Сары-Таш кыштагынан Көндүк кыштагына чейинки элдүү конуштарга 27 жашында бий болуп шайланган.

Атка мингенден баштап биринчиден ар бир уруунун жерин аныктап, талаш жерлерди убагында тактоого жетишкен. Мати бий дагы убагында Калыкул бийден масилет алып турган.

Калыкул бийдин өзгөчөлүгү эч качан өзүнө байлык топтобоптур. Үйүнө кайсы күнү мейман барса, дасторкону жайылып, . ошол кездеги ар кандай аш-тойлор ансыз өтчү эмес экен.

Калыкулдун аты кайсы гана маарекелерде болбосун жеңүүчү болуп, андан байгеге тийген малды, ошол эле жерден жети урууга бергендиги айтылат. Буйгада бир аттуу кишинин ашында аты эки жолу уткан. Ошондогу байгеге коюлган жүз койду да элге бөлуп берген алигиче аңыз кеп.

Совет бийлиги орногондо өзүнүн демилгеси менен эки үйүр жылкысын, көп малын совет бийлигине өткөрүп берген. Ошонуң эске алынып, кайра эле бийликти уланткан. Элдин таламын дайыма өзүнүн жеке ишинен жогору койгон инсан тап

Тап душмандарынын көрө албастыгынан 1933-жылы Кашкарга өтүп, кийин ошол жакта каза болгон экен.

## Ноорузбай уулу Жожо бий

1856-жылдарда Куршаб уездине караштуу Тар дарыясынын боюнда Ак-Бор кыштоосунда туулган. Ноорузбайдын бешинчи баласы. Жашынан эле чыйрак чыгып, бийлигин дайыма так аткарып келген. Россия империясынын убагында ар бир жамааттагы элге бирден бий шайлап, ошол бийлер аркылуу аркандай салыктар чогултулшуп турулган. Элине эч кандай кыйынчылык келтирбей элин багып келген. Араб тамгасын билгендерди алып келип, элин сабаттуулукка үндөгөн. 84 жаш курагында дүйнөдөн өткөн.

## Жожо уулу Ибраим Молдо

1885-жылы Куршаб уездине караштуу Тар дарыясынын боюндагы Ак-Боор кыштоосунда туулган.

Атасы Жожо бий баласынын зээндүү экенин байкап арабча билим алууга жетиштирген. Совет мамлекети орногондон кийин азыркы Сары-Таш айылынан Көндүк айылына чейин жооптуу катчы болуп эмгектенген.

Ал мезгилде туруктуу иштегенге контора жок болгондуктан өзүнүн үйүндө эле элдин ар кандай муктаждыктарын, маалыматтарын жазып берүүгө жетишкен. 1946-жылдардан кийин ошол мезгилдеги колхозунун ар түрдүү иштеринде иштеп жүрүп, пенсияга чыккан. Ислам динин жакшы өздөштүргөндүктөн «Тайтын» жамаатына имамдык кылып, арабчаны окуп, жаза жана аны кыргызчага которо билгендиктен, элди окутуп, сабаттуулугун арттырган.

Экинчи бир өнөрү мүнүшкөрлүк. Кармалган кушту бир карап анын кайсы куш экендигин айтчу. Эгерде алгыр куш болсо, аны таптоону үйрөтүп, эгерде алгыр эмес болсо,

коңбердирген.  Салган куштары бир күндө ондон жогору кекилик алган,  коңн дагы алдырган.

Айылдагы бир адам туйгун куш кармап келгенде ооруганына карабай  туйгунду көргөнү кетип калган. Туйгунду колуна кондуруп туруп бир чай пияладагы сууну оозу менен ичирген деп көргөндөр айтып жүрүшчү.

Элди дайыма ыймандуулукка тарбиялап келген.  Жолдошу Баатыр кызы Кыйбат экөө 10 балалуу болгон.  Бирок андан бир уул,  эки кызы өмүр сүргөн.  Уулу Сүйүмбай,  атасынын жолун жолдоп жамаатта имам болгон.

Ибрагим аксакал 1969-жылы 30-мартта каза тапкан.

## Ибраимов Сүйүнбай



1931-жылы20-февралда Кара-Кулжа районундагы Карл Маркс  атындагы колхоздон (азыркы Ылай-Талаа айыл өкмөтү) Ак-Бор деген кыштакта туулган. 1-Майдагы Токтогул атындагы орто мектептен 1951-жылы аяктап,  1952-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтуна кирип, математик адистигин алган.

10-классты бүтүп эле,  Кызыл Байрак орто мектебинде 1951-жылы мугалим болуп эмгек жолун баштап бир жыл иштеген.
1956-1959-жылдары «Ленинчил-Жаш» орто мектебинде, 1960-1961-жылдары Сталин атындагы орто мектебинде, 1962-жылдан баштап Карл-Маркс атындагы,  Кызыл-Жол орто мектептеринде математик мугалими боюнча эмгектенди.  Билим берген окуучулары ар түрдүү кесипте иштеп келүүдө.  Пенсияга чыккандан кийин ыйман жолуна өтүп,  жаштарды ыймандуулукка тарбиялоо боюнча насааттарын айтып келди.

Куйма кулак болгондуктан бир уккан сөздөрдү эч качан унутчу эмес. Кайсы күнү, кайсы саатта болгон окуяларды так айтчу.

Кайсы жерде болбосун Ибримов Сүйүнбайдын батасын алууну каалоочу. Берген батасы абдан мазмундуу болгондуктан, кээ бир инсандар кайра-кайра бата алчу.

Сүйүнбай атанын батасынан үзүндү.

Бисмиллаахир-рахмаанир рахиим.

Алла Таала ар бирибизди, ыйман ислам байлыктары менен байытсын, Асыл болгон ак жолдон адаштырбай ак эмгегибиз менен, эл-журттун алкышын алып, Акыретте да, Алла Тааланын алдында да жүзүбүз жарык болсун.

Асманыбыз ачык болсун.
Ааламда тынчтык болсун.
Жаштарга өмүр берсин,
Карыларга ыйман берсин.
Пейлиң кенен болсун,
Пешенең жарык болсун.
Айткан сөзүң эм болсун,
Акылың терен болсун.
Казаның толо аш болсун,
Үйүң толо баш болсун.
Жашыңа жаш,
Башыңа баш кошулсун.
Чайкаганың чай болсун,
Чайнаганың май болсун.
Кийгениң торко болсун,
Мингениң жорго болсун.
Серкенин этин ашагын.
Сексенден нары жашагын.
Токтунун этин ашагын,
Токсондон нары жашагын.
Баладарың бактылуу болсун,
Кыздарың чебер уз болсун,
Керегең кептүү болсун,

Келиндерин септүү болсун.
Уулдун урматын көр,
кызыүдын кызматын көр.
Келиндериңдин сый-сыпаатын көр.
Үйүндөн мейман кетпесин,
Жолуң шыдыр болсун.
Кас санаган душманың тилегине жетпесин.
Алла Таала өзү насип кылсын.
Оомийин.

Эл агартуунун мыктысы, эки уул, төрт кыздын атасы, Жолдошу Ибраимова (Балбаева) Маркаат 2010-жылы 10-майда 80 жашында каза болгон.

Санжыраны жакшы билген инсан Сүйүнбай аксакал Тайтын жамаатынын санжырасын кагазга түшүрүп келсе, Кийинки муундагыларын уулу Мамасали улаган.

**Абдираимов Жоробек**



1927-жылы Ак-Бор кыштагында туулган.

Балалык жана өспүрүм чагы согуш мезгилге туш келип аялдар менен тең тайлашып, темин жүргүзүп, кой айдап келди. Сталин атындагы колхоздо бригадир, Ылай-Талаа айылдык кеңешинде салык кызматкери жана башка иштерде иштеди.

Жоробек сөздү чукугандай тапкан абдан чечен киши болгондуктан, Кыргыз эл акыны Исмаил Борончиев “Ой, сен Жоробек бул сөздөрдү кайдан үйрөнүп алгансың” деп баа берген экен.

Тагасы Касым, кайниси Сүйүмбай, бажасы Дубана болуп көп жолу элди тамашага батырган. Чукугандай сөз тапкандыгы боюнча алдына эч кимди салган эмес. Улакты жакшы чапкан. 1995-жылы дүйнөдөн өткөн.

Жубайы Ибримова Бубайым.

Уулу Жоробеков Ыса 2003-жылы каза болгон.

## Осмонов Ибраим



1929-жылы туулган. Балалык кези согуш мезгилине туш келип, машак терүү, кой айдоо, темин бастыруу жумуштарын аялдар менен бирге жасаган. 1959-жылы Карл-Маркс атындагы колхоздо, учетчик, №7 бөлүмдө бригадир, кийин сүт товар ферманын башчысы болуп эмгектенди.
4 уул, 5 кызды тарбиялап өстүргөн. Балдар-кыздары жогорку билимдүү.
Ардак грамоталардын ээси Ибрагтим аксакал 2005-жылы каза болгон.

## Токтосунов Шоко



1932-жылы 5-майда Кара-Кулжа районундагы Ак-Бор кыштагында туулган. Онунчу классты Токтогул атындагы орто мектебинен 1952-жылы аяктап, ошол эле жылы Ош мамлекеттик techинституттунун матматика-физика факультетине кирип, 1956-жылы аяктап, эмгек жолун Кара-Кулжа атындагы (азыркы Б. Эшмамбетов) орто мектепте мугалим, завуч. 1957-1958-жылдары Тельман (азыркы Бегиев) атындагы орто мектепте директор. 1958-1961-жылдары Сталин (азыркы Ш. Жээнбеков) атындагы интернатта директор. 1962-жылдан 1970-жылга чейин Карл Маркс атындагы орто мектепте директор. 1970-жылдан 1981-жылга чейин Карл Маркс атындагы колхоздо партиялык уюмдун катчысы. 1981-жылдан пенсияга чыкканча Ылай-Талаа орто мектебинде (азыркы Абдылдаев) мугалим болуп иштеген

Эл агартуунун отличниги. 1975-жылы “Ардак белгиси” ордени менен сыйланган.

Колхоздун өнүгүп өсүшүнө зор салым кошуп, Карл Маркс атындагы колхоз СССРдин айыл чарба көргөзмөсүндөгү ардак тактага (ВДНХ) илинген. Депутаттардын Ылай-Талаа айылдык кеңешинин депутаты.

Беш уул, үч кызы бар.

## Мырзабаев Болуш



1922-жылы Ак-Бор айылында туулган. Жаштык курагы оор болду, Советтик Армияга чакырылып, Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. 1940-1943-жылдарда согушта болду. ал Смоленск шаары үчүн согушка катышып, колунан жарадар болуп, туулган айылына келгенден баштап ар кандай тармактарда иштейт. Пенсияга чыккандан кийин да жаштарга насаатын айтып жүрчү.

Бир уул, бир кызы бар.
2009-жылы каза болгон.

## Танабаев Апсамат



1928-жылы Ак-Бор кыштагында туулган. Жаштыгы оор турмушта өтүп, согуш мезгилинде Сталин атындагы колхоздо, чабан, малчы болуп иштеген. Жакшы иштегендиктен 1946- жылы Сталиндин сүрөтү бар «Эмгектин мыктысы» деген медаль менен сыйланат. Карл Маркс атындагы колхоздо малчы, чабан болуп жүрүп пенсияга чыккан. Азыркы мезгилде 86 жашка чыкса да өзүн 40-50 жаштагыдай алып жүрөт, Коомдук иштерде дайыма элдин алкоосун алып келген аксакалдын өмүрү азыркыларга өрнөк.

## Шокоев Муса



1956-жылы 2-октябрда Кара-Кулжа айылында туулган.
Ош мамлекеттик педагогикалык институтунда окуп математика мугалими адистигин 1978-жылы алат. 1978-1984-жылдары Кара- Кулжа районуна караштуу Токтогул атындагы орто мектепте математика мугалими болуп иштеген. Кийин райондук элге билим берүү бөлүмүнүн методисти, Совет райондук «Билим» коомунун жооптуу катчысы, Кыргызстан компартиясынын Совет райондук комитетинин инструктору, идеология бөлүмүнүн башчысы, эл депутаттарынын райондук кеңешинин референти жана баа боюнча инспектору, кызматтарында үзүрлүү иштеген. 1992-жылы"Алдар" ишканасынын Кара-Кулжа райондундагы филиалынын директору. 2006-жылы райондук билим берүү бөлүмүнүн жетектөөчү адиси. 2010-жылдан бери Ш. Жээнбеков атындагы интернат-лицейдин директору болуп эмгектенүүдө.

Эки уул, эки кызы бар.

## Мусаев Сатар



1930-жылы Ак-Бор кыштагында туулган. Бала кези жана эмгек жолу согуш мезгилине туш келген. 1960-жылдан Карл Маркс атындагы колхоздун башкармасынын орун басары болуп 1980-жылга чейин, Баатыров Мариш менен үзөңгүлөш болуп эмгектенди.
1961-1963-жылдары Алма-Ата шаарынан жогорку партиялык мектепти бүтүргөн.

1980-жылдан пенсия чыкканга чейин колхоздо сүт товар ферма башчысы жана башка иштерде иштеди.
Карл Маркс атындагы колхоздун социалдык-экономикалык өнүгүшү үчүн талыкпай иштеген, инсан болгон.
Кичи пейил, жаш муундардан да бир нерсени сурап иш кылган инсан болгон.
2003-жылы каза тапкан.
Үч уул, эки кызы бар.

**Осмонов Чайиш**



1935-жылы Ак-Бор айылында туулган. Балалык чагы согушка туш келип көпчүлүк катары машак терип, кой айдап, темин басып тылдагыларга жардам берген. Карл-Маркс атындагы колхоздо алгачкы комбайнчылардан болуп эгин бастырган. Механизатор, уйчу жана башка иштерде иштеген алдыңкы колхозчулардан .
Азыркы мезгилде кадырлуу эс алууда.
6 уул, 4 кызы бар.

**Зулпукаров Чокош**



1927-жылы Ак-Бор кыштагында туулган.
Балалык жана өспүрүм кези Улуу Ата Мекендик согушка туура келгендиктен машак жыйнап, кой айдап, темин бастыруу менен аялдар менен бирге иштеген. Окуучулук мезгилинде «тылда жакшы иштеген» деп Сталиндин сүрөтү бар медаль менен 1946-жылы сыйланган.
Колхоздун ар түрдүү иштеринде иштеди жана көп жыл колхоздун жылкысын багып пенсияга чыкты.

Жылкычылыкты балдарына өткөрүп берген. Жылкы чарбасын өнүктүрүүгө зор салым кошуп келди.
Тылдын эмгектин, ардактуу ардагери. Көп жолу ар түрдүү сыйлыктарга татыган. 5 уул, 5 кызы бар.

## Эргешов Дубана ажы



1940-жылы Совет районундагы Ак-Бор кыштагында туулган.
Эмгек жолун 1954-жылы, 7-классты аяктап баштаган.
Карл-Маркс атындагы колхоздо шофер болуп 1969-жылга чейин эмгектенди.
1969-1973-жылдары бригаданын табельщиги.
1974-1975-колхоздо гараж башчысы
1976-1979-жылдары комплекстүү бригаданын бригадари.
1980-1984-колхоздо кой боюнча зоотехник.
1985-1991-жылдарда жылкы ферма башчы.

Кайсы гана иште иштебесин аны так аткарып элдин алкышын алган.
Кой ферма, жылкычылар ферма убагында анын анын кол алдындагы чабандар, жылкылар эч качан карыз болгон эмес.

Улакчылык өнөрү аны элге тааныткан. 1973-1978-жылдары Совет районунда улуттук оюндар аябай өнүккөн. 1-катчы К. Базарбаев 7-ноябрь Улуу октябрь социалисттик революциясы күнүнө карата улуттук оюндар боюнча майрамда чоң улак уюштурчу. Союлган улак өтө чоң болгондуктан улакты аттын жалына бир дагы адам сала алган эмес. Ошондо Дубана Ажыөзүнүн күчү менен аттын жалына салган. Үч гана адамга улак ашып, калган убакта улак. жерде жатып, улак токтогон.
Алай районундагы Тегерек Саз айылында чоң улак болуп, Пахал уруусунун Бекташ палбандын аты улакты тебелеп эч кимге алдырбай, сазда аттар жыгылып жаткандаөзүнүн

күрөң кашка аты менен улакты саздан алып чыгып кеткен экен.

Дагы ошол Алай районундагы Тогуз-Булак деген жерде чоң улак болгон тартышка Касым, Бекташ, Жоробек, Сүйүнбай жана башкалар барганда улак кызып калган эле. Адам көп, Бел ашып барган боюнча Совет районунун улакчыларына улак ашпай жаткан мезгилде, дагы торпок улакты алып чыгып, башкаларга ашырып берген. Ошондо ошол айылдагы Кубан аттуу аксакал Калыгулдун карабагыштарды келмейинче улак ашчу эмес эле, өмүрүн, узун болсун деп бата берген экен.

Калыгулдун Өзбекстан, Казакстан республикаларына Рысбай, Бакы, Токтоболот, Жоробек, Касым, Сүйүнбай жана башка балдары улак чаап жүргөн.

Азыркы учурда пенсияда. Ошого карабастан улак чабуунун жол жоболорун жаштарга үйрөтүп келүүдө.

Ибраим кызы Токон экөө төрт уул, жети кыздын ата-энеси. Исламдын беш фарзынын бири ажылык сапарга 2007-жылы ажыга барып келген.

## Омошов Сыргабай



1949-жылы 4-февралда Ак-Бор кыштагында туулган. Карл Маркс атындагы орто мектепти биринчилерден аяктап, 1966-1970-жылдары Ош мамлекеттик пединститутун физика математика факультетин бүтүрөт. 1970-1977-жылдары Карл Маркс атындагы орто мектепте мугалим. 1977-1984-жылга чейин Кызыл Жол (азыркы К. Баатыров) атындагы орто мектепте директор. Мектептин жаңы имарат курулушуна, ал мектепти башкарып турганда СССР ВДНХсына көргөзмөгө барып, күмүш медалды жеңип келгенге салымы чоң. 1984-1991-жылдары Карл Маркс орто

мектебинде (азыркы А. Осмонов) директор. 1991-1996-жылдарда О. Абдылдаев атындагы орто мектепте мугалим. 1997-1998-жылдары айыл өкмөтүнүн башчысы. 1998-жылдан өмүрүнүн акырына чейин О. Абдылдаев атындагы орто мектепте мугалим. СССРдин ВДНХ-сынын күмүш медалынын ээси. Кыргыз Республикасынын грамоталары менен сыйланган. Депутаттардын Ылай-Талак айылдык кеңешинин бир нече жолку депутаты

Эки кыз, 4 уулу бар. 2005-жылы каза болгон.

## Эшбаев Сулайман Айдарбекович



1972-жылы 23-январда Ылай-Талаа айылында туулган.

Эмгек жолун 1989- жылы Карл Маркс атындагы колхоздо баштаган. Колхоз тарагандан кийин жеке ишкер.

Улуттук оюн болгон улак тартышты жайылтуу боюнча жаштар арасында үлгүлүү. Алгачкылардан болуп республикалык мелдештерге катышып, Кара Кулжа районунун намысын коргоп байгелүү орундарды ээлеп келген.

Эки уул, эки кызы бар.

## Акматов Токтомат



1960-жылы 4-октябрда туулган. Карл-Маркс орто мектебинен 10 классты бүтүрүп, 1978-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылып, 1980-жылы келген. 1982-жылы Совет райондук МПМК-2 де токарь андан кийин шофер, заправщик, диспетчер болуп 1994- жылга чейин, 1996-жылы Кара-Кулжа РСЧБга завсклад болуп

2004-жылга чейин иштеди. 2004-жылдан Ылай-Талаа айыл Өкмөтүнүн социалдык жана маданий иштер боюнча жетектөөчү адиси.

Кара-Кулжа райондук социалдык өнүгүү башкармалыгынын ардак грамотасы менен 2010-жылы сыйлангам.

Аялы Айдаралиева Гульнара экөө 4 уул, 2-кыздуу болушуп, 5 неберелерин тарбиялашууда.

## Ибраимов Тургуналы



1976-жылы 9-январда Ылай Талаа айылында туулган.
1992-жылы Ылай-Талаа орто мектебин бүтүрүп, билимин өркүндөтүү боюнча Бишкектеги финансы техникумунун салык бөлүмүн, андан кийин Ош мамлекеттик технологиялык Университенин финансы-экономика факультетин сырттан окуп бүтүргөн Демилгечил инсандардан. Жамааттагы ар кандай иш-чараларды бүтүрүүдө билимин жана тажрыйбасын аябай элге кызмат кылууну өзүнүн кызыкчылыгынан жогору койгон инсан.
Жолдошу Орозова Бермет экөөнүн эки уул, эки кызы бар.

## Эргешов Маширап

1943-жылы 4-майда Ак-Бар айылында туулган.
10-классты Кызыл-Жол орто мектебиненбүтүрүп, 1961-жылы.
Ош айыл чарба техникумун окуп, армияга кетип, 1967-жылы ФПИ энергетика факультетин аяктаган.
Эмгек жолун Кара Кулжа айылындагы колхоздун электриги катары 1967жылдары баштайт.

1974-жылдан пенсияга чыкканча, 27 жыл Кара- Кулжа РЭСинде Ылай-Талаа бөлүмү боюнча мастер болуп 2001-жылга чейин иштеген. ”Мыкты энергетик” сыйлыгы бар.
Жолдошу Калилова Шалтырбү экөө 4 уул, 4 кыздарды тарбиялап эл катарына кошкон.

## Турганбаев Орозбай

1934-жылы5-январда Кара-Кулжа районундагы Ак-Бор кыштагында туулган.

Балалык чагы Улуу Ата Мекендик согушка туура келгендиктен, 3-класска чейин гана билим алган. Согуш мезгилинде тылда эмгектенет.

Ат кош айдап, темин бастырган. 1959-жылдан 1994-жылга чейин чабан болуп эмгектенди. Ар жүз тубар койдон 120 баштан ашык козу алып, “Эң алдынкы чабандардан болуп, колхоздун “Ардак тактасынан”түшкөн эмес. Ошол мээнети үчүн «Ардак белгиси» ордени менен сыйланган.

Төрт уул, алты кызды байбичеси экөө тарбиялап өстүрүшкөнү өзүнчө эрдик эмей эмне.

## Самсиев Жусуп

1929-жылы Ак-Бор кыштагында туулган.

Согуш маалында оорукта аялдар менен тен иштеп энесин баккан.

Зээндүү бала болуп Фрунзедеги финансы техникумун аяктап, бухгалтер, андан кийин Карл Маркс атындагы колхоздо 15 жылдан ашык башкы бухгалтер болуп эмгектенген. Элдин айтуусуна караганда документтештерине аябай тактыгынан башкарма М. Баатыровдун абдан ишенген адамы болуптур.

Ар бир документти убагында бүтүрүп Карл Маркс атындагы колхозду миллионер колхозго чыгарган. Эмгек акылар, сыйлыктар эмгекчиге өз убагында берилип турган.

6 уул, 4 кызы артында калды. 1983-жылы дүйнөдөн өткөн.

## Токторбаев Жусуп

1932-жылы Ак-Бор кыштагында туулган. Балалык чагы согуш убагына туш келип, тылда калган аялдар менен тең иштеген, машак терген, кой айдаган, темин баскандыктан 1946-жылы «Тылда жакшы иштеген» деген Сталиндин сүрөтү бар медаль менен сыйланган.

Согуштан кийин Карл Маркс атындагы колхоздун ар түрдүү ишинде эмгектенген. Жыгач уста катары колхоздун ошол мезгилиндеги көп сарайларды жапкан.

Кийинки жылдары алгачкылардан болуп колхозго балдары менен тонналап чөп чабып, көп жолу сыйлыктарга ээ болот. «Нива» машинасы менен сыйланган.

Азыркы мезгилде ардактуу эс алууда. 6 уул, 4 кызы бар.

## Субан уулу Рустанбек



1965-жылы 27-июлда Ылай-Талаа айылында туулган.

1983-жылы орто мектепти аяктап, Советтик Армияда эки жыл кызмат өтөйт.

1986-жылдан Карл Маркс атындагы колхоздо устачылык кесип менен эмгек жолун баштаган. Союз таркагандан кийин жеке ишкер жыгач устачылыкты колго алган. Майда-чуйда иштерден үй курулушуна чейин үлгү болоорлук өтө чебер уста. 3 уул, 3 кызы бар.

**Акматов Илияз**



1939-жылы Ак-Бор кыштагында туулган. Кыйынчылыктын айынан Көндүк айылында тагаларынын колунда тарбияланган. Карл Марксатындагы колхоздо колхозчу, чабан, уй-багар жана башка жумуштарда иштеген. Кайсы гана жумушта болбосун өз ишине берилген инсандыгы менен үлгү.
6 уул, 4 кызы бар.

**Эрмекбаев Дүйшө**



1939-жылы туулган. Балалык кези Улуу Ата Мекендик согушка туура келип, машак терүү менен күн өткөргөн.
Колхоздун ар кандай жумушунда эмгектенди. Өзүнө тагылган ишти убагында аткарып, элдин көп жолу алкышын алган.

Ат жалында мыкты ойногон жигиттерден болуп, көп жолу эр эңишке (оодарышка) түшүп элдин намысын коргогон. Улакты, ушул улуттук оюндуөнүктүрүүгө көп салым кошкон.



**Мырзабаев Асан**

1956-жылы 14-мартта Кара-Кулжа районундагы Ылай-Талаа айылында туулган.

Эмгек жолун 1974-жылы Карл Маркс атындагы колхоздо баштап, Советтик

Армиянын катарынан келгенден кийин колхоздун ар түрдүү ишинде эмгектенген.
2005-жылдан бери айылдык байланыш бөлүмүндө почточу.

Асан устукандоо боюнча чебер. Кандай гана той, аштарда жети урууга аш тартканда ансыз эттер устукандалбайт

Эки уул, эки кызы бар.

## Жээнбеков Эргеш

1896-жылы Ак-Бор кыштагында туулган. Жаш кезинен баштап эле абасы Калыкул бийдин сода-сатык иштерин жүргүзгөн жана анын күлүгүн чапкан.
Союздун убагында кат таанымбагандарды окутуу мектебинде окуган. Ал мезгилде араб алфавити менен менен окуткан. Кат тааныгандыктан колхоздо кой ферма болуп иштейт. Кийин койчу, жылкычы катары өзүнө тагылган план-милдеттерди өз убагында аткарууга жетишкен.

Пенсияга 1967-жылды чыккандан кийин имамкатары. Союз мезгилде динге тыю салынгандыкка, карабастан инсандарды ыйман жолуна тарбиялап келди.

1980-жылы 84 жашында дүйнөдөн кайткан.

## Ибраимов Мамасали ажы




1957-жылы 3-сентябрда Кара-Кулжа районундагы Ылай-Талаа айылында туулган.
1974-жылы Карл Маркс (азыркы А. Осмонов) атындагы орто мектепти аяктап, ошол эле жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтуна (азыркы Ош МУ), физика-математика факультетинин математика бөлүмүнө кирип, аны 1978-жылы аяктап, «орто мектептин математик мугалими» адистигине ээ болот.

А. Осмонов атындагы орто мектепте 1978-жылдан математик мугалими, 1979-1986-жылдарда мектептин комсомол комитетинин катчысы, 1989-1991-жылдары Ылай-Талаа (азыркы Абдылдаев Омон) атындагы орто мектепте класстан тышкары жана тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары (организатор завуч) болуп эмгектенген. 1993-жылдын октябрь айынан 1997-жылга чейин эл депутаттарынын Ылай-Талаа айылдык кенешинин жоопту катчысы. 1998-жылдын июнь айынан бери Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы болуп эмгектенип келүүдө. Жооптуу катчы болуп иштеген мезгилде жаңы төрөлгөн 3954 наристелерге туулгандыгы тууралуу күбөлүк, 1483 жаш үй-бүлөгө нике тууралуу күбөлүк жазган. Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин бир нече жолку чакырылышынын депутаты, депутаттардын Кара-Кулжа райондук кеңешинин үч жолку депутаты.

Кыргызстан ЛКСМдын, Ош обл. Комсомолдун, Кара-Кулжа РКСМдун Ардак Грамоталары менен, Ош областтык жана Кара-Кулжа райондук мамлекеттик администрациянын Ардак грамоталары менен бир нече жолу сыйланган.

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу агенттигинин "Муниципалдык кызматтын отличниги" төш белгисинин ээси.

Жубайы Ибраимова Орунбү экөөнүн эки уул, алты кызы бар.

2012-жылы ыйманын толуктоо үчүн Ажыга барып келген.

Жубайы Ибраимова Орунбү дагы Ажыга барган.

Ибраимов Мамасалинин атасы Сүйүнбай Тайтың, уругунун санжырасын түзгөн. Аны азыркы муундарга чейин уулу улап «Тайтың» санжырасын чыгарууга чоң салым кошту.

## Токтосунов Жумабай



1961-жылы 24-февралда Совет районундагы Кара-Кулжа айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулганмын.

1979-84-жылдары Кыргыз Айыл чарба институтунда инженер-механик адистигине окуйт.

1984-1989-жылдары Райондук Госкомсельхозтехника бирикмесинде ага инженер

1989-1994-жылдары Агро өнөр-жай кызматкерлеринин профсоюзунун райондук комитенин катчысы, 1994-1997-жылдары Айыл чарба башкармасынын эмгекти коргоо жана техника коопсуздугу боюнча башкы инженери.

1997-1999-жылдары райондук жер башкармасынын адиси.

2004-2008-жылдары райондук жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо башкармасынын начальниги, 2008-2010-жылдары райондук дене тарбия жана спорт бөлүмүнун адиси.

2011-жылдан бери райондук суу чарба башкармасынын начальниги болуп эмгектенүүдө.

2008-2012-жылдары Кара-Кулжа райондук Кенешинин депутаты болуп шайланган.

Областтык мамлекеттик администрациясынын Ардак грамоталары менен сыйланган.

2003-жылдын 3-июнунда Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кызматтын биринчи класстагы инспектору Чини берилсе, 2012-жылдын 10-ноябрында Кара-Кулжа районунун Ардактуу Атуулу наамы ыйгарылган.

Жубайы Жээнбекова Майрамкан райондук элге билим берүү бөлүмүнүн кесиптик кошунун бухгалтери. Экөө беш баланы тарбиялоодо.

## Эргешов Календер ажы



1947-жылы Ош областына караштуу Кара-Кулжа районундагы Ылай-Талаа айыл өкмөтүндө «Ак-Бор» кыштагында туулган. Орто мектепти 1964-жылы Кызыл-Жол (азыркы Баатыров) атындагы орто мектебинен аяктайт.

1964-1968-жылдары Ош мамлекеттик педагокика институтунда физика-математика факультетинин математика бөлүмүндө окуп, орто мектептерде математика мугалими адистигин алып, . 1968-1969-жылдары Сары- Булак айыл өкмөтүнө караштуу Тогуз-Булак орто мектебинде математика мугалиминин болуп эмгек чыйыры башталган.

Ал эми 1970-1971-жылдары Совет армиясынын катарында атуулдук милдетин өтөсө 1971-жылдан 1977-жылга чейин Карл Маркс (азыркы А. Осмонов) атындагы орто мектебинде физика-математика мугалими жана комсомол уюмунун катчысы, жаштар өндүрүштүк бригадасынын жетекчиси катары жаштарды эмгекке тарбиялоого үлүшүн кошот.

1977-жылы Карл Маркс атындагы орто мектебине тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары болуп дайындалып, 1980-жылга чейин эмгектенген. 1989-жылы Карагуз айыл өкмөтүнө караштуу Ушинский (азыркы Жаны-Талаа) атындагы орто мектептин директорлогуна которулуп, 1991-жылга чейин иштеген.

Ал эми 1991-жылы Ылай-Талаа орто мектебининин директорлук милдети жүктөлүп, 2007-жылга чейин мектептин окуу-тарбия ишин жетектейт. 2007-жылдан баштап ардактуу эс алууда. Айыл кеңешинин беш жолку чакырылышына депутат болуп шайланып, Кыргыз

Республикасынын “Эл агартуунун отличниги” төш белгиси, Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин, областтык, райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн, администрациясынын «Мактоо грамоталары» менен сыйланган. Жубайы экөө алты уул, бир кызды тарбиялап өстүрүп, азыр алардын сый-урматында.

## *Мазмуну*


Эшей уруусунун санжырасы жөнүндө....................................4
Чырпыктан чынар болот....................................................7
1990 – Эгеменге “ЭЭ” болдук.............................................13
Долон...............................................................................15
Чоң аталардын жашаган жерлери......................................16
Баргы уруулары жөнүндө..................................................17
Эшей уруусу......................................................................18
Эшейден чыккан Акан бий.................................................43
Бообек уулу Шералы.........................................................44
Атабай уулу Алымкан........................................................45
Алымканов Абдраш............................................................47
Сатыбалдиев Туйбас..........................................................48
Асыранов Чымберди ажы...................................................49
Алиязов Эшейбай...............................................................52
Алымкан уулу Мосо ажы....................................................54
Абдыкадыров Дөдө.............................................................56
Калманбетов Төөбай..........................................................59
Сулайман уулу Рысбай ажы...............................................61
Пазылов  Аамат ажы..........................................................64
Каримов Абдылда...............................................................67
Ысак уулу Шамшидин 1. 01. 1935-жыл..............................68
Ысак уулу Жусуп 11. 06. 1934...........................................69
Сатыбалдиев Согушбек  (1943-1997)..................................69
Кадыров Тилеш...................................................................70
Маманов Алтымыш............................................................73
Сатыш уулу Жусуп.............................................................75
Шерматов Сатимбек Матмусаевич....................................76
Салиев Орозмамат..............................................................78
Асыранов Жаңыбай Назарбаевич......................................83

Алиязов Жаныбек Эшейбаевич..............................................85
Сатыбалдиев Дүйшөн.......................................................87
Чимиян Калдарова..........................................................89
Шералиева Карамат.........................................................90
Камардинова Патила........................................................91
Каримова Рахат............................................................92
Жалилов Алмаз Сулайманович................................................93
Алиязов Искендербек.......................................................94
Ибраимов Амангелди........................................................96
Каримов Жаантай...........................................................98
Эргешбаев Дүйшөнбай......................................................100
Абакир уулу Малатай......................................................102
Абдыраев Таалайбек Токтомушович..........................................103
Эшейбай уулу Дөөлөтбек...................................................103
Алыканов Сабай...........................................................104
Жалил уулу Омар..........................................................104
Атабаев Мансур...........................................................104
Бердибаев Мизан Осмонович................................................105
Төөбаев Маматжума........................................................106
Додоев Абдимиталип (Орунбай).............................................107
Бердибаев  Осмон.........................................................109
Алишов Сатыбалды.........................................................111
Кадыралиев Абсамат.......................................................113
Момунов  Суван...........................................................116
Алишов Калыбек...........................................................118
Алишов Жакшылык..........................................................120
Сатыбалдиев Камбарали....................................................122
Жороев Исраил............................................................125
Култуев Ашым ............................................................127
Назаркулов Шерали .......................................................130
Култуев  Дыйкан..........................................................134

Арзиев Анарбай....................................................................136
Эргешов Жаламидин (Бечел)............................................138
Мырзабаев Төлөнбай.........................................................140
Ажымаматов  Абдиназар..................................................144
Айдаров Арыкбай...............................................................146
Абдыкадыров Сапарбек Додоевич.....................................148
Жунусов Бапак Калыбекович..............................................149
Курманкулов Илияз...........................................................151
Туйбасов Жамбыл..............................................................153
Туйбасов Калил..................................................................154
Аманов Акматбек...............................................................154
Райымкул  уулу Латипжан.................................................155
Раимкулов Апаз..................................................................156
Согуштан келген каттар.....................................................157
Назиров Мамасадык...........................................................160
Назиров  Саали Абиланович..............................................160
Ажимаматов Аматжан Абдиназарович..............................162
Маметов Мамасадык (Бөрүбай)..........................................163
Кубатов Турдумамат  Оморович........................................164
Элдик  табып  Нышанбай  жана  Өмүр ажы........................165
Назир уулу Абилаң (Абдыманап)........................................168
Сатыбалдиев Мамасали......................................................169
Алишов Аскар.....................................................................170
Абдырманов Салибай.........................................................171
Жааев Акмат.......................................................................172
Эралиев Ады.......................................................................173
Субанов Сүйүн....................................................................173
Ибраимов Зунду..................................................................174
Эркебаев Болуш..................................................................175
Исираилов Эмил.................................................................175
Дүйшеев Узакбай................................................................176

Иминов Темикул (01.10.1984-жыл)........................................177
Калмамбетов  Абдразак..........................................................178
Назиров Миталип..................................................................179
Атабаев Эсен Алимканович....................................................181
Кара-Кулжа кичи мекен..........................................................182
**ТАЙТЫҢ УРУУЛАРЫ**..........................................................194
Тайтың уруусу.......................................................................195
Аматов Раимберди.................................................................208
Калматов Амат......................................................................208
Чобоев Абдыкалык..................................................................209
Абдыраев Токтомуш................................................................209
Абдыраев Талантбек Токтомушович.........................................210
Токтомушов Максатбек...........................................................210
Коконбай уулу Калыкул бий......................................................211
Ноорузбай уулу Жожо бий........................................................212
Жожо уулу Ибраим Молдо........................................................212
Ибраимов Сүйүнбай.................................................................213
Абдираимов Жоробек..............................................................215
Осмонов Ибраим....................................................................216
Токтосунов Шоко....................................................................216
Мырзабаев Болуш...................................................................217
Танабаев Апсамат...................................................................217
Шокоев Муса.........................................................................218
Мусаев Сатар.........................................................................218
Осмонов Чайиш......................................................................219
Зулпукаров Чокош..................................................................219
Эргешов Дубана ажы...............................................................220
Омошов Сыргабай..................................................................221
Эшбаев Сулайман Айдарбекович.............................................222
Акматов Токтомат..................................................................222
Ибраимов Тургуналы..............................................................223

Эргешов Маширап..............................................................223
Турганбаев Орозбай..........................................................224
Самсиев Жусуп.................................................................224
Токторбаев Жусуп.............................................................225
Субан уулу Рустанбек.......................................................225
Акматов Илияз....................................................................226
Эрмекбаев Дүйшө.............................................................226
Мырзабаев Асан................................................................226
Жээнбеков Эргеш..............................................................227
Ибраимов Мамасали ажы...................................................227
Токтосунов Жумабай.........................................................229
Эргешов Календер ажы ....................................................230

**Эшей жана Тайтың санжырасы**

**Китептин түзүүчүлөрү:** Эсен Атабаев.
Орозмамат Салиев.
Мамасалы Ибраимов.

**Тех. редактору:** Мамаева А.

**Компьютердик верстка:** Коңурбаев Б.

**Жасалгалаган:** Аптикаар у А.
Алимова А.
Саргалчаев С.

Нускасы 100 даана.

---

"Ч.П. Мамаева" типографиясы
Ош шаары, Г. Айтиев көч., 17 а.
Телефон: 0777 08 50 62; 0557 08 50 62;